16.891
Т-16

Талас – Куттуу ороондун ордо шаары



26.891
Т 16

ТАЛАС – КУТТУУ ӨРӨӨНДҮН ОРДО ШААРЫ

106249

Бишкек – 2010

Басылма **Э. ТУРСУНКУЛОВдун**
жалпы редакциясы астында жарык көрдү.

Авторлор тобу:
Т. ИБРАГИМОВ, К. ИМАНКУЛОВ,
Н. СЕЙДАЛИЕВ
(фото сүрөттөрү Б. СУЛТАМУРАТОВдуку)

Документ – даректүү, фото сүрөттөр коштогон
басылмада Талас шаарынын 65 жыл аралыгындагы
тарыхый өнүгүшү кыскача баяндалат.



... Кыргыз элдин сыймыгы,
Касиеттүү Манасым.
Алтын бешик тууган жер,
Ата Журтум - Таласым...

Таржымалы кылымдарды камтыган шаар

Талас куттуу өрөөнүбүздүн ордо шаары аталып, шаар шаанисине ээ болгон мезгилдин чегинен туруп: «Таржымалы кылымдарды камтыган...»,– деп айтканыбыздын жөнү бар. Адам баласынын тагдырына эчен бүлүк салган дүйнөлүк экинчи согуштун күчөп турган тээ 1943- жылы гана шаар аталганы менен кыргыздын көөнө тарыхындагы анын дайын-дареги эзелтен эле белгилүү.Ошол замандарда шаарыбыз алгач түптөлүп, бара-бара чеги кеңип, гүлдөп өнүгүп, өсүп, кыргыздын желеги көккө сермелген хан ордосуна айланып, кезинде мезгил сынагынын запкыларын тартып, четинен урап, бүлүнүп, жер менен жексен болгон татаал тагдыры да айкындалып турат. Булар туурасында китептин атайын бөлүгүндө кенен-кесири баяндалат. Кеп төркүнү– ушул китептин жаралышы, анын түп максаты, мааниси жана болочок турмуш сапарыбыздагы аркалаар орду жөнүндө. Элибиздин кылым кыйырларын түрө сыдырган байыркы тарыхына сереп салып, бүгүнкү күндөр менен айкалыштырып, саре эсеп салып иликтеп чыгалы деген максат дагы бул басылманын жаралышына түрткү болду окшойт.

Айкөл Манас атабыздын заманынан бери эле алганда кыргыз көчүнүн эң урунттуу окуялары Талас менен байланышкан. Элибиздин оомалуу-төкмөлүү турмушунун бирде мелт-калт толуп, өлкөнүн чеги күн чыгыш, батышын сермеп чалкыса, башына каран түн түшкөндө атүгүл, туулган жерден четке сүрүлүп, бөтөн жерге баш калкалап, таруудай чачылган замандарда журтубуздун башы кайрадан Таластан бириккен.

Элибиз эзелтен эңсеп жеткен эгемендүүлүктүн шарапаты менен кыргызды эчен кыйын кысталыш сынактарда биротоло жексен болуудан сактап келген ырыс алды ынтымак, берекенин башаты кайрымдуулук жана соолбос күч-кубаттын Кызыл туусу ар-намысты кайрадан аздектеп, ата мурас катары ыйык тутуп улантуучу шарт ошентип түзүлгөн. Кыргыз Республикасынын Президенти Талас жергесине келгендеги бир сапарында эгемен Кыргызстандын келечек багытындагы өсүп өнүгүүсүнүн ыргагын таамай аныктап: «Талас – Манас ата байырлаган касиеттүү жер, биримдиктин, ынтымактын башаты», – деп айтканы бул оюбузду ырастап, ынандырып турат...

Тагдыр буюруп, тарых багыт берип тургандан кийин, касиеттүү кең Таластын как жүрөгүндөй болгон Манастын ордосуна шайкеш башкы шаары жаңы замандын өнүгүү жолуна түшүүгө умтулаары мыйзамченемдүү көрүнүш.

Жыйырманчы кылым дээрлик ортолоп калганда кайрадан аброй алган шаар турмушу кандай калыптанган? Биз көрүп, күбө болгон шаарыбыздын азыркы пайдубалы кантип түптөлгөн? Улуу муундагы аталарыбыз, агаларыбыз, энелерибиз, эжелерибиз катаал кез, кыйын сыноолордун кысымына кандайча туруштук берип, Улуу Ата Мекендик согуштагы эбегейсиз салгылашууларда фашизмди жексен кылып, Улуу Жеңиштин Кызыл Туусун көкөлөтүп, согуштан бүлүнгөн зор өлкөнү кайра жаратышып, жаңылап тим болбостон дүйнө жүзүн таң калтырып, биринчилерден болуп космосту багынтышкан демөөрлөрүнүн гүлазыгы эмнеде?

Китептин башкы ниети, мазмуну жана өзөгү өздөрүнүн Мекен алдындагы милдеттерин абийирдүүлүк менен өтөшүп дегеле жашоодо келечек мундарга өрнөк болушкан улуу муундун адамдарынын асыл эмгегин, ажарлуу турпатын даңазалап даңктоо!

Алар мындай урмат-сыйга татыктуу. Карап көрүңүздөрчү. Башкасын айтпаганда деле өткөн кылымдын токсонунчу жылдарында өлкөбүз баштан кечирген оор сыноолор, союздун ыдырашы, дүйнөлүк аренадагы өз ордун үчүн күрөш, өткөн мезгилдин эбегейсиз салмагынын запкысына туруштук берип, жаңы заман, жаңы багыт издеп, талыкпай эмгектенген алар азыр дагы каржалышпай катарыбызда. Алдыбызга ак шам жаккан акыл насааттары, калыстык жана сабырдуулукка чакыргын кеп-кеңештери менен жашообузга сөөлөт берген кутман карыларыбыз жөнүндө бул китеп. Аны баракчарында шаарыбыздын ысык- суугуна күйүп, илгери үмүт менен жашап, эмгектенип, күрөшүп жаткан улуу-кичүүнү бир максат, бир тилек менен ынтымакты көздөгөн ар улуттун өкүлдөрү, болочок ишеничибиз, тирегибиз болгон жаштар жөнүндөгү маалымат сүрөттүү баяндар орун алган.

Ырас, алтымыш беш жылдын аралыгында Талас шаарынын бешенесине туш келген окуялардын бүтүндөй түрмөгүн бул басылмада толук чагылдырып берүүгө мүмкүн эмес. Андай максат коюлган да жок. Бирок тоо тектири эринбей эңшерип, таш жалаган аска таштын ичинен жылт-жылт эткен алтындын учкунун таап чыккан сымалы өмүрүн шаарды өнүгүшүнө арнаган замандаштарыбыздын азыноолак эмгеги тарых болуп жазылып калсын деген ниетте умтулган ишибиздин маанайы жарык, тилеги ак болгону ырас.

Мезгил өтөт, адамдар бүгүнкүсү гана эмес келечегинин негизин түзгөн максаттарга жетүү үчүн тириликти алпурушкан күрөшүнүн күүсүн жандырышпайт. Бүгүн кыйы сезилген нерсе мезгил өткөндө кыябы менен чечиле бере Андайда алдыга мындан олуттуу, бийик максаттар белгилене Канткен менен шаардын турмуш сапарындагы оңой эмес жылдары бел чечпей эмгектенген ушул мезгил келечекти алтын көпүрөсүнө салынган касиеттүү түркүгүнө окшош муундан муунга даңаза болоруна ишенем.

Бул китептин баш каармандары – касиеттүү шаарыбыздын жалпы кутман калкы, замандаштарыбыз...

Мезгилдин өз жүрүшүнөн жаныл койбогон дагы бир мыйзамы бар. Кези келип, сааты чыкканда Талас шаарынын таржымал тарыхын улап, азыркынын кемчилигин толуктап жаңы түс, жаркын окуясын коштогон далай эмгектер жаралып китептер жарык көрөр. Канткен менен: «Талас – куттуу өрөөндүн ордо шаары» – деп аталып, алтымыш беш жылда а эмгектеринен албан ийгилик жараткан муундагылардын даңазалап, адамдардын үмүт шамын жандырып алга үндөгөн ушул китептин мааниси өтө зор. Анткени таластыктардын жигери бүтүндөй элибиздин жаңы доордо жаратып жаткан жигерине үндөшүп, жалпыбызга жаңы дем, эң башкысы жаркын үмүт арнайт.

Куттуу өрөөнүбүздүн ордолуу шаары мындан ар дагы гүлдөп, өнүгүп, кучагына кылымдардан кылымды камтып берсин!

I - БАП

Талас тарыхынын башаттары жана алака багыттары



Текабкеттен Ак чийге чейин

Кыргызстандан байыркы таш доорунун алгачкы мезгилинде топ-тобу менен жашаган эң байыркы адамзат маданиятынын издери археологиялык изилдөөлөрдө аныкталган. Таластын Таш-Төбө, Беш-Таш, Кулан-Сай, Төш-Башатжерлеринен б.з.ч. 12-9-кылымдарга таандык көрүстөндөр табылган. 6-3-кылымдарда Талас өрөөнүн төбөсү чуштугуй калпакчан сактар мекендегендиги тарыхчыларга жазма булактар аркылуу бел гилүү.

Андан кийинки кылымдарда, Каңгүй мамлекети, Түрк, Түргөш, Карлук, Караханий кагандыктары, Каракытай хандыгы өз доорлорун сүрүп өтүшкөн. Күч алган кубаттуу уруу алы тайып азайган урууну сүрүп чыгарып, мамлекет башчылыгын ээлеп турган мына ушул кыйсыпырлуу дооорлордо Талас өрөөнү Чыгыш менен Батышты бириктирип, бир жарым миң жылдан ашуун мезгил бою ар кыл элдердин соода, экономикалык, маданий мамилелерин камсыздап, жалпы адамзат дүйнөсүнүн өнүгүшүндө өзгөчө зор роль ойногон Улуу Жибек жолунун түндүк бутагынын бир салаасынтүзгөн.

Талас өрөөнү ошол мезгилдерде мамлекеттик башкаруу стратегияларында өзгөчө маанилүү аймак бол гон. Элибиздин улуу «Манас» эпосунда айтылгандай Тибет, Эрен, Орол, Энесай аймактарын камтыган зор мамлекетти орноткон Манас атабыздын хан ордосу Талас жергесинде жайгашышы бекеринен эместигин баамдоого болот. «Таарынсаң Таласка бар» деген кыргыз элинин лакаб кебинин төркүнү, акимдик башкаруучулук маселелер Таластан чечилгенин маалымдап турбасын деген ой келет. Борбордук Азиядагы таасирди талашкан Арабдар менен Кытайлардын 751-жылдагы согушу Талас суусуна жакын Атлах шаарынын тушунда болгондугу маалым. Эки тарапты тең катуу алсыратып, баскынчылык тилектеринен баш тарттырууга мажбур кылган бул кызыл кыргын тарыхка «Талас согушу» деген ат менен кирген. Кийинки моңгол мезгилинде, Чынгыз хандын укум-тукумдары (Үгөдөй жана Чагатай улустары) бийлик талашын 1269-жылы Талас суусунун боюнда өткөн курултайда чечишкен.

Тарыхый булактарда Талас өрөөнү шаарлардын жылдызы деп аталган. Өрөөндөн VI—XIV кылымдарга тиешелүү төрт шаардын 50дөн ашык калк жашаган пункттардын калдыктары табылган. Таластагы шаарлар бийик дубалдар менен курчалып, кооз колонналары, мунаралары, сепилдери менен көркүнө чыгып турган. Атлах (Жоон-Дөбө шаар чалдыбары), Шелжи (Чоң-Капка суу сактагычынын астында калган шаар чалдыбары), Күл (Орловка шаар чалдыбары), Сус (Чалдыбар айылындагы шаар чалдыбары), Текабкет (Ак-Дөбө шаар чалдыбары) шаарларында күмүш, коргошун кендери иштелип, тыйын чыгарылган, кол өнөрчүлүк, багбанчылык өнүккөн. Археологиялык казууларда Текабкет шаары негизинен азыркы Талас шаарынын ордунда жайгашып, 14 км квадрат жерди ээлеп, калкынын саны 10 миңден ашкандыгы аныкталган. Борбордук бөлүгү Талас суусунун күңгөй бетиндежайгашкан. Элибиз бүгүн ал жерди Ак-Дөбө деп атайт. Азыркы күндө да дөмпөйгөн дөбөлөрдүн беттеринен эзелки бийикдубалдардын жүлгөсүн баамдоого болот.

Археологдордун айтымында (Б.С.Береналиев «Талас-XV кылымдагы шаар», «Ленин туусу») Текабкет тегерете курчалган эки чеп дубалдан турган. Биринчи чеп дубал 200 гектар аянтты ээлеп, шаардын борбордук бөлүгүн курчаган. Дубалдарынын бийиктиги 5 метрге, туурасы 8 метрге жеткен деп божомолдонот. Бул чоң сепилдин ичинде ак сөөктөрдүн, соодагерлердин туракжайлары жайгашкан.Калган карапайым калк сепилдин тышындагы туракжайларда турушкан.

Шаар эли көбөйүп, курулуш-жайлар кеңейгенде, экинчи сепил тургузулган. Бул VIII—XV кылымдарды ичине камтыйт. Анын аянты 1500 гектарга жетип, Талас дарыясынын өйүз-бүйүз жээктерин ээлеген. Азыркы Талас шаары ээлеген аянттар туташ сепилдин ичинде болгон. Экинчи сепилдин бийиктиги 5-6 метрди, туурасы 8-10 метрди түзгөн. Бул сепилдин жал сымал үзүндүгө айланган калдыктары кийинки жылдарга чейин сакталган.

Жергиликтүү эл мындай жерлерди «жал» деп атаган. Археологдордун аныктамасы боюнча ал Талас аэропортунун учуу аянтынын четинен батыштан чыгышты көздөй созулган дөңсөө. Убагында бул чеп дубал Беш-Ташдарыясынан өтүп, Алтыбайдын сазын жээктеп, Талас дарыясын кесип өтүп, Ак-Дөбөгө жеткен.

Сепилдин экинчи ныптасы аэропорттон батышты көздөй кетип, Пушкин атындагы көчөнүн орду менен жүрүп, Талас ооруканасы жайгашкан жерден өтүп, Талас дарыясына чейин жеткен. Урандыларды казуу учурунда орого көмүлгөн дан эгиндеринин мол корлору табылган. Тарыхый булактарда Таластын шаарлары мөмө-жемиштүү, бак-шактуу аянттар менен көркүнө чыккандыгы маалымдалган. Демек, дыйканчылык жана багбанчылык жасалып, калаанын калкын баккан аянттарды душмандын кыйратуучу чабуулунан коргоо үчүн тегерете зор аянтты ээлеген сепил тургузууга мажбур болушкан.

Археологиялык казууларда кооздоп курулган турак жайлардын, мончолордун, суу жүргүчтөрдүн, тоо-кен байлыктарын эритип иштеткен мештердин орду металлдан, жыгачтан, чоподон, айнектен жасалган түрдүү буюм-тайымдар, аялдардын жасалгалары табылган. Имараттардын дубалдарын кооз оймо-чиймелер менен көркөмдөп жасалгалашкан. Бөлмөлөрдүн таманына 40х30х6 см көлөмүндөгү бышырылган кыштарды кынап жаткырышкан. Бөлмөлөрдүн орточо аянты 50 чарчы кв метрди түзгөн. Дубалдардын бийиктиги 5 метр, туурасы 2 метр болгон. Дубалдарды тургузууга 46х23х12 см метр көлөмдөгү чийки кыштар пайдаланылган. Узундугу 51 см, диаметри 12 см келген, биринчи учуна Караганда экинчи учу 2-3 см кичине келген карапа түтүктөрдү бири-бирине кийиштирип, жерди 80 см терендикте казып жаткырып, өзөн-сайлардан куюлган сууларга алып барып такап, шаар ичине суу алып келишкен.

Археологиялык табылгалар Текабкет шаары X-XM кылымдарда экономикалык-маданий жактан дүркүрөп өскөндүгүн кабарлайт. Тарыхчылардын аныктамаларына Караганда шаарда XIV кылымга чейин жашоо-тиричилик өкүм сүрүп турган.

Монгол-татарлардын кыяпандуу баскынчылык чабуулдарынан, андан кийинки кыйсыпырлуу согуштардын айынан күлү көккө сапырылып, талкаланып жок болгон. Текабкет эле эмес Борбор Азиядагы тарыхта белгилүү болгон көптөгөн шаарлардын тагдыры мына ушундай аянычтуу бол гон дугу маалым. XVI—XVII кылымдарда Талас аркылуу өтүшкөн саякатчылар өрөөндөн талкаланып, ээн калган шаарлардын урандыларын көргөндүгүнжазып калтырышкан.

Талкаланып жашоосун токтоткон шаарлардын жака-белинде тиричилик улана бергендиги археологиялык изилдөөлөрдө аныкталган.Талас шаарынын Карл Маркс, Дзержинский, Фрунзе атындагы, 1-Май көчөлөрүндө жайгашкан аралыктардан элибиздин X\Л1-X\Л11 кылымдардагы жашоо-шарттарына тиешелүү болгон турак жайлар, тириликбуюмдары табылган.

XVIII кылымдын аягында XIX кылымдын башында талкаланып жок болуп кеткен Текабкет шаардын ордунда Ак-Чий деп аталган кыштакча пайда болгон.

1864-жылы Кыргызстан Россияга каратылгандан кийин падыша өкмөтү Россиянын борбордук бөлүгүнөн дыйкандарды Жети-Суу жана Сыр-Дарыя облустарына көчүрүү саясатын жүргүзүгө өткөн. 1874-жылы Воронеж губерниясынын Богучарск уездиндеги Купенка айылынан 12 дыйкан үй-бүлө көчүп келип, Ак-Чийге отурукташкан. (Талас областынын энциклопедиясы, Б., 1995.) Алар Талас шаарынын Ленин көчөсүндөгү №307 үйдөн жогору карай жайгашкандыгы маалым. Алгач жер тамдарды казып кирип жашашкан. Кийин үй кура башташкан. 1877-жылы өрөөндөгү эң алгачкы айыл - Ак-Чий официалдуу каттоодон өткөн. Айылдагы курулган үйлөрдүн саны 50дөн ашканда 1889-жылы чиркөө курула баштаган. Ак-Чийде чиркөөнүн курулушу үчүн кышты кыштактын чыгыш тараптагы четине бышырышкан. Ушул жылы анын астында бир класстын чиркөө-приход мектеби ачылат. Аны М.М.Густев уюштурган. Бул адам Ташкендик археолог жолдошуА.Каллаур менен бирге Айыртам-Ой, Кулан-Сай, Терек-Сай шаарурандыларынан орхон-энесайжазууларын табышкан.

Мектептеги окуучулардын саны үч жылда 40ка жеткен. М.М.Густев менен бирге анын аялы М.М.Густева мектепте окугандарга сабак бере баштаган. Чиркөө-приход мектебинде окуган кыргыз балдары да болгон. Кыргыздын эң алгачкы агартуучуларынын бири, Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген мугалими АбжалбекЧол понкулов ал гач мына ушул мектептен бил им ал ган. 1891 -жылы чиркөө бүткөрүлүп, ал ыйык Дмитрииге арналган. Мына ошондон баштап, айыл Дмитревка деп атала баштаган. 1902-жылы Дмитревкада дагы бир орус жергиликтүү мектеби ачылган. Бул мектепте 15 бала билим алган. Алар негизинен кыргыз байларынын балдары болушкан. 1912-жылы чиркөө-приход мектеби 4 жылдык приход окуу жайына айланган.

Россиядан дыйкандардын экинчи толкуну 1912-жылы көчүп келген. Улуу Октябрь революциясынын астында Дмитревкада 120 үйдөн турган үч көчө пайда болгон. Алар чоң көчө (азыркы Ленин атындагы көчө), Орто көчө (Азыркы Фрунзе көчөсү) жана сырткы көчө деп аталган. Улуу Октябрь революциясынын астында калкынын саны 1500гө жеткен. 1925-жылы «Тартип» жер шериктештиги коому түзүлгөн. 1929-жылы анын базасында Ленин атындагы колхоз уюштурулган. Колхоз 80 үйдөн турган. 1927-жылы айылда көчмө кино пайда болгон. Ушул эле жылдын 7-ноябрында алгачкы 10 электр лампасы күйгөн.

1944-жылы 22-июнда Талас области уюштурулгандыгына байланыштуу Дмитревка айылына шаардын жана областтын борборунун статусу берилип, Талас шаары деп аталган. Бүгүн өсүп-өнүгүп жаткан областыбыздын ордо калаасынын өткөн тарыхы мынаушундай

Тарых баракчаларынан

1874-жыл:-Орус көчмөндүлөрүнүн алгачкы он эки үй-бүлөсү (Воронеж губерниясынын Богучар уездинен) Ак-Чий айылына (Талас дарыясына жакын) келишип, үй-жай курушуп, отурукташа баштайт.

1877-жыл:-Ак-Чий айылы Ауле-Атауездинин карамагында атайын каттоодон өткөн.

1885-жыл:-Ак-Чий айылына келип отурукташкан «көчмөндүү» калктын чиркөөсү ачылган.

1889-жыл:-Чиркөөнүн алдында бир класстуу мектеп ачылат. Ага алгач он окуучу кабыл алынган. Биринчи мугалим, чиркөө кызматкери Густев Матвей Максимович болгон.

1891 -жыл:-Ак-Чий айылы Дмитревка айылына которулган.

1892-жыл:-Орус «көчмөндүлөрүнүн» экинчи тобу келген.

1814-жыл:-Дмитревка айылында 200 түтүн эл отурукташып калган. Айылды уезддин өкүлү Каллаур В.А. жана чиркөө кызматкери Иоанн Фивейский башкарып турушкан.

1917-жыл:-Ауле-Ата уездине Совет бийлиги киргизилген.

1918-жыл:- Мамлекетке дан эгинин даярдоого каршы Дмитревка айылында кулактардын көтөрүлүшү чыгат. Көтөрүлүштү Чымкент полкунан Кызыл гвардиячылар отряды на жетекчилик кылган офицер В.Романенко баскан.

1919-жыл:-Дмитревка айылында участкалык жалгыз дарылоо жайы болгон. Анда болгону жалгыз дарыгер, эки фельдшер эмгектенишкен.

1924-жыл:-Талас кантону уюшулуп, ал Кара-Кыргыз автономиялуу облусуна караган. Дмитревка-Талас айылына которулган. Ал кантондун борбору болуп калган.

1925-жыл:-Таласта биринчи жолу «Тартип» деп аталган коом - ТОЗ (жерди шериктетип иштетүү) уюшулган. Анын башкаруучусу Т.Кузьмин эле. Бул шериктеш коом «Фордзон» тракторун кантонго 1926-жылы сатып келишкен. Анын рулуна кантондогу биринчи тракторист Сил ьченко В.М. олтурган.1926-жыл:-Кара-Кыргыз автономиялуу облусу Кыргыз АССРи болуп кайра түзүлгөн. Ошол жылы Таласта жергиликтүү Кеңешке шайлоо биринчи жолу өткөрүлгөн.

1929-жыл:-«Тартип» шериктеш коому 80 түтүн элди баш коштуруп, В.И.Ленин атындагы колхозго айландырылган (Талас районундагы даңазасы артылган, СоциалисттикЭмгектин Баатыры А.Нуржановжетектеп келген колхоз).

1930-жыл:-Талас айылында МТС уюшулган.

1933-жыл:-Ушул жылдын октябрь айында Талас МТСынын саясий бөлүмүнүн «Жаңы турмуш» деп аталган газетасынын алгачкы саны жарык көргөн. Азыркы Талас шаардык "Жаңы Багыт" жана областтык «Талас турмушу» газеталары анын уландысы болуп эсептелет.

1936-жыл:-Таласта басмаканасы ачылып, ошол жылы «Талас колхозчусу» деген газета да чыга баштаган.

1937-жыл:-Талас айылында санитардык эпидемиялогия станциясы ачылып, анын алгачкы башкаруучусу болуп фельдшер Купицкин П.П. дайындалган.

1939-жыл:-Май, быштакчыгаруучу завод уюшулган.

1942-жыл:-Турмуш-тиричилик комбинаты ачылган.

1944-жыл:-22-июнда Кыргыз ССР Жогорку Советинин Указы менен Дмитриевка айылы Талас облусунун административдик борбору - Талас шаары болуп уюшулган.

Бийликтин ээси - эл

Тарыхтын жаңы барагы

Тарыхты эл жаратат. Кай мезгил, кандай заман болбосун караламан калк дайыма турмуштун өзөгүн түзгөн күч экени ырасталып келет.

Октябрь төңкөрүшүнөн өрүш алган Кеңеш мамлекетинин доорунда элибиз социалдык -экономикалык жактан өнүктү. Талас шаарынын социалдык маданий жактан жогоркку деңгээлдеги өсүүсү мына ушул Совет мезгилине туура келет. Бирок, адам баласынын тарыхында нечендеген зор империялар мезгили келгенде бытырап кулагандыгы да белгилүү. Жыйырманчы кылымдагы эң кубаттуу эки державанын бири болгон СССР да саясый-экономикалык ооматы кетип, союздун курамындагы республикалар эркиндикке ээ болуп, өз алдынча өнүгүү жолуна түштү. Тагдырдын жазмышы менен өлкөбүз Кыргыз Республикасы аталып, өзүнүн Конституциясын кабыл алып, Туусун Гимнине жана Гербине ээ болду. Жаш мамлекеттин «түндүгүн» көтөрүп, эл аралык алакаларын уюштурууда туңгуч президент Аскар Акаев тарабынан кыйла иштер жасалды. Бирок, бара-бара Акаевдердин үй-бүлөлүк-кландык башкаруусу мамлекеттик менчиктик абалын оордотуп, ал 2005-жылдын 24-мартындагы элдик төңкөрүш менен аяктады. Калыстыктан тайган президент четке качып, бага калкалоого аргасда болду -

Элдин эркн, калыстыкты талап кылган күрөшү менен мамлекеттин башына келген Курманбек Бакиев мурдагы президентши кетирген кемчилигин жаземдебей кайталап, өлкөнүн келечегине «балта чаба» турган калпыс саясатты ого бетер тереңдетип өрчүттү. Бийлик бир ууч үй-бүлөлүк кландык топтун колуна топтоштурулду жана алар бул «укуктарын» өздөрүнүн жеке кызыкчылыгы, эбегейсиз байлык топтоо үчүн пайдаланышты. Натыйжада аз гана мезгил аралыгында мамлекеттик маанидеги тармактар шектүү инвесторлорго сатыла баштады. К.Бакиевдин үй-бүлөсүнүн жана бир туугандарынын күн санап күчөп бараткан жосунсуз жоруктары Бириккен Элдик кыймылдын жана Элдик Курултайдын элдин мүдөөсүн көздөгөн талаптарын жаратты. Ал эми мындай жүйөлүү талаптарга бийлик башындагылардын тоотпостук менен мамиле жасап, а түгүл бийликти мурас катары өткөрүүгө жазаган аракети жалпы калайык калктын нааразылыгын күчөттү. 2010-жылдын 6-7-апрелинде республика боюнча жер-жерлерде элдик ыңкылап ишке агаты. Бул жолу адилеттиктен тайып, адам укугун басмырлаган бакиевдик бийликке каршы элдик ыңкылаптын учкуну касиеттүү Таластан тутанды. Бакиевдин үй-бүлөлүк жексур бийлигинин ойрондолушуна каршы жалпы элдик көтөрүлүш 6-апрелде Талас шаарында башталып, бийлик революциялык комитеттин карамагына өттү.

Эртеси, 7-апрелде Бишекекке республиканын туш тарабынан жүз миңцеген адамдар бийликтен адилеттикти талап кылышып,, агылып келишкенде, бакиевдик бийлик өз элине ок чыгарды. 1500 адам ар түрдүү деңгээлдеги жаракаттарды алышты. 500 адам оор жаракаттан ооруканаларгажаткырылды. Элинин эркиндиги үчүн 86 баатырыбыз окко учту. Алардын цээрлик көпчүлүгү кырчындай жаштар эле. Өз элинин эркин өнүгүшү үчүн көтөрүлгөн жалындаган патриот жаштарды канкор, кылмышкер бийликтин ажал издеп учкан октору да токтото албады. Элдин мүдөөсүн эсепке албай эсирип, калыстыктан ажыраган бийлик заматта ойрон болуп, өлкөдө элдик бийлик укук берген Убактылуу Өкмөт түзүлдү.

Ата-Журттун ар намысы-эл болот,
Душман келсе атуулдары шер болот.
Калыстыктан тайса бийлик, эсирип,
Көтөрүлүп, каптап кетээр сел болот.

Манас Атам Заманынан азаттык,
Таянганы, карманганы калыстык,
Болуп келген, боло берет, кыргызда,
Ким тагдырга көрсөтө алат каршылык?
Элин кордоп, жерин саткан бийлигиң,
Тепсендиге калат бир күн жанчылып,

Элибиздин эркиндиги, жаркыраган келечеги үчүн курман болушкан баатырларыбызга таазим! Эрендерибиздин каны мамлекетибиздин эркин өнүгүшү, элибиздин бакубат жашоосу үчүн төгүлдү.

Талас шаарынын 65 жылдык тарыхына арналган басылмага ыроолош болгон ушул окуя тарыхыбыздын жаңы барагы катары орун алды. Өлкөбүздү аздектеп, келечегибизге сереп салалы. Буюруса элибиздин мындан аркы өсүп-өнүгүшүнө олуттуу түрткү бере турган элдик ыңкылап жөнүндө эчен эмгек жаралат деп ишенебиз.

Түбөлүгүң түз, келечегиң кең болсун Кыргызстан!

«...Мезгил кереметинин кудурети улана берет!»

-Эркин Асанканович, Талас шаарына алтымыш беш жыл толду. Шаар үчүн бул кандай «курак»?

-Суроодон улам мезгил менен адамзат турмушунун ортосундагы учукыйыры жок түбөлүк жарышын чагылдырган, бала кезимден көңүлүмдө калган баиыркы бир уламыш эске түшөт.

...Жер каймактаганда кошо жаралган даанышман адам баласынын турмуш сапарындагы өзгөрүүлөргө күбө болуп, 500—1000 жылда дүйнөнүн терт тарабын тегиз кыдырып чыкчу экен.

Бир жолкусунда агыны катуу суу кечип, кээде какыраган талааны арытып, ашуу ашып, чер токойду аралап келатып, тегереги тоо менен курчалган керемет жерге туш болот. Кырдан туруп караса өрөөнүндө кудум чоң чыныга куюп койгонсуп чалкып жаткан көк деңиздин боюнда карылыгы жетип, сакалы куудай болгон карыя балык уулап олтурган болот.

-Арбаңызата!

-Бар бол, жолоочум!

Баарлашып, эки ортодо кеп козголот. Улукман ал жерге бир топко байырлайт.

-Өмүрдүн канча ашуусун ачтыңыз, ата?

-Бир кылымдын кыйырын серптим, экинчисинин чейрегине жеттим, жолоочум. Күн дареги эмесжыл эсебиненжаңылган чагым,-дейт карыя табышмактатып.

Ошону менен кош айтышат. Арадан жылдар өтөт. Даанышман адатынча дүйнө кесип келатып, баягы керемет көлдүү жерге бурулат.

Боз мунарык, ыркыраган шамал. Көлдөн дайын жок. Чет жактагы кара алачыкты башмаанектеген кемпир-чалга саламдашат.

-Ата, илгери мен көргөндө бул чөлдүүталаанын ордунда мелмилдеген деңиз болоорэледесе:

-Бала чагымдан ушул чөлдө күн көрүп келатам. Чоң атам айтып калаар эле: «Ушул жерде зор көл болуп, биздин ата-бабаларыбыз балыкчылык менен күн көрүшкөн экен», -деп.

Эчен замандан кийин баягы өрөөнгө кайрылып келген даанышмандын көз алдына туш-тарабы коргон менен курчалган чоң шаар тартылат. Бир дарбазасынан алыстан дүйнө тарткан кербен кирип баратса, экинчи дарбазасынан алыскы өл көлөргө мүлкжүктөгөн кербен көчү сапарга чыкканын көрөт. Алдынан чыккан абышкага таазим кылып, саламдашкандан кийин шаар качан түптөлгөнүн сурайт: «Такжылын билбейм, бирок эс тарткандан ушул шаарда жашап келем. Бул шаарда атам да, чоң атам да жашап өтүшкөн дептир.

-Талас шаарынын тарыхына «түспөлдөштүрсө» болчудай экен?

-Ким билет, бирок Талас шаарынын түпкү теги, курагы алтымыш беш жыл менен чектелбей турганы тарыхый чындык. Ал жөнүндө баиыркы жазылмаларга чейин даректелип турбайбы...

-Кайсыл мезгил болсо да өткөнүн өлчөп, учурдагысын калчап,келечегине сереп салаар учур келет тура. Өзүңүз жетектеп жаткан Талас шаарынын 65 жылдыгын белгилөө энчиси сизге буйруп олтургандан кийин өңүтү келээр чагына кыскача баа берип өтсөңүз дейбиз.

-Ырас, шаар үчүн алтымыш беш «жаш» жаңы телчигип, «кас-кас» турган бөбөктүн кезиндей эле кеп. Ошондой болсо да Талас шаарынын тарыхы бай. Тагдырына эчен кылымдарга сыя турган татаал сынактар туш келген. Башкасын коюп, шаардын өзү Улуу Ата Мекендик согуш кычап турган жылы уюшулганын айтсак көптү кабарлап турат...

Мезгил талабы ошондой болгон. Кыргызстандын түндүк батышында жайгашкан, географиялык абалы боюнча «тышкы дүйнө» менен кеңири алакалашуу жагы татаал өрөөндүн экономикасын, маданиятын өнүктүрүүгө шарт түзүү, социалдык, кала берсе саясий калыптануусун чыңдоо үчүн өрөөндүн борбору боло турган шаар өтө зарыл болгон.

-**Шаардын ошол кездеги өнүгүү ыргагына кандай баа берер элеңиз?**

- Талас шаар аталгандан кийин бир нече жолу областтын борбору катары өнүгүүгө мүмкүндүк алса дагы туруктуу, бир калыпта өнүгө алган эмес. Биринчи себеби анын статусунун улам өзгөрүп олтурганы. Анткени шаар областтын борбору же республикага баш ийип шаар катары саналганда кыйла айырмасы бар.

- **Мисалы?**

- Согуштан кийинки алгачкы беш жылдыкта шаарда өнөр жай, турак жай багытындагы курулуштардын ыргагы күчөй баштаган. Тагыраак айтканда, 1955-жылы Талас шаарында алгачкы медициналык окуу жайы ачылган. Кийинки жылы Талас шаары Талас районунун борбору аталып, шаар ыргагы кайра төмөндөгөн.

- **Талас шаарынын жалпы өндүрүшүнүн негиздери кайсы жылдары түзүлгөн деп эсептөөгө болот?**

- Мындай алып Караганда, Талас шаарынын бүтүндөй экономикасын, маданий, социалдык жактан туруктуу өнүгүүсүндө башкы ролду ойноп, ошого ылайык өсүп-өнүп келатат. Ушул чен менен алып Караганда экономиканын өзөгүн түзгөн айрым тармактардын өнүгүп-өсүү мезгилдерине кыскача токтолуп өтүү ылайыктуу болчудай.

Автоунаа тармагы - эл чарба жүктөрүн, жүргүнчүлөрдү өрөөндүн аймагында эле эмес шаарларга, чет аймактарга ташууда мааниси чоң. Талас шаарынан Казакстандын Тараз шаары аркылуу жана Өтмөк ашуусундагы кан жол менен республиканын бардык тарабына, чет өлкөлөргө кеткен жол тармактарын тейлөөнү 1967-жылдары Талас жүргүнчүлөр автоунаа ишканасы жүзөгө ашырып келген.

Уюшулгандан кийин өрөөндүн калкынын четжактарга каттамы кыйла өнүккөн. 1970-жылы шаарда жаңы автобекет пайдаланууга берилип, суткасына орточо 1200 жүргүнчү кырктан ашуун багыт менен сапарга чыгып турушкан.

Аталган мезгилдин аралыгында шаардын элге билим берүү, саламаттык сактоо тармактары өсүп-өнүгүп, материалдык базалары чыңдалган. 1993-1994-окуу жылын мисал катары алсам, шаарыбызда 7 орто (1 кечки) мектепте 4,5 миң окуучу окуган, 467 мугалим эмгектенген. Тогуз бала бакча иштеп, аларда миңден ашык бөбөктөртарбияланып, 80 тарбиячы эмгектенген.

1981 -жылы Талас айыл чарба техникуму ачылган.

Убагында 400 орундуу шаардык маданият үйү, 2000 орундуу «Жаштык» стадиону курулган.

Шаардын борбордук бөлүгүндө эс алуу паркы, аэропорт (1947-жыл) алтараптагы «Жеңиш» паркы, Упуу Ата Мекендик согушта курман болушкан жердештерибизге эстелик курулуп, «Родина» (азыркы «Кырк-Чоро» жана «Нур» кинотеатрлары, басмакана, ардагерлердин ооруканасы, бейтапкана, шаардыкбалдар консультациясы, диспансерлер, стоматологиялык бейтапканасы, санэпидстанция ачылып, иш алып барышкан.

Шаардын өнөр жайы жакшы ыргакка өнүккөн. 1944-жылы ачылган чакан бут кийим оңдоо цехине көп өтпөй кийим тигүү цехи кошулуп, эки жылдан кийин

өзүнчө имаратка көчүрүлүп, 1960-жылы бут кийим жана тигүү фабрикалары болуп өндүрүштү кеңитишкен. Алсак, 1992-жылы бут кийим фабрикасы бөбөктөр үчүн конучтуу ботинка, туфли, жарым конучтуу өтүк, кийиз өтүк жана башка болуп 216 миң жуп бут кийим чыгарышкан.

Ал эми 1960-жылы кийим тигүү фабрикасы кадимкидей иштей баштаган.

Эркектердин шымы, жүн аралаш кездемеден балдардын костюмдарын тигүү өздөштүрүлгөн. Өндүрүш тармагы кеңейтилип, чет өлкөлүк жабдуулар орнотулган. Фабриканын филиалдары Бакай-Ата районундагы «Кыргызстан», Талас районундагы «Каракол» колхоздорунда, 113 жылкы заводунда ачылган. 1992-жылы 16,9 миңдаана эркектердин шымын, 104,4 миң даана костюмун, 18,4 миң даана балдардын костюмун чыгарып, дээрлик 495 жумушчу эмгектенген. Тармакты чыңдоо боюнча ири долбоорлор башталган. Тилекке каршы, токсонунчу жылдардагы союздун ыдырашы, мурдагы экономикалык байланыш, алакалардын үзүлүшү менен бул ишканалар токтоп турат. Бут кийим фабрикасынын материалдык техникалык базасы сакталып калды жана өндүрүштү кайра жандандыруу боюнча аракеттер жүрүп жатат.

Кийим тигүү фабрикасынын базасында Кыргыз-Түрк биргелешкен ун тегирмени ачылып, иштеп жатат.

- Эркин Асанканович, шаардын азыркы түспөлүү кайсыл жылдары түптөлдү деп айтууга болот?

- Ток этер учурларын белгилесем - шаар (Манас доорундагы ордо шаар болгонун кошпогондо) 1877-жылы негизделген. Ак-Чий айылынан 1944-жылы шаар наамын алганга чейинки түспөлү менен азыркы түспөлүн салыштырсак жүйөлүү болчудаи. Алгач ЮОдөй үй болуп, болгону бООдөй адам жашаган. Учурда Талас шаарынын расмий түрдө 40 миңден ашуун калкы бар. Архитектурасын талдап көрсөк 1950-жылга чейин шаарды негизинен бир кабаттуу үйлөр түзгөн, эки жана андан ашык үйлөр 1964-жылдан тарта ыкчам курула баштаган. Азыркы административдик имараттар, турак жай, окуу жайлары, мектептер, маданият үйү, кинотеатрлары, өндүрүш тармактардын көбү курулган.

- Эми базар экономикасынын шартында шаардын жалпы өнүгүү багыты кандай болот деп ойлойсуз?

- Эң башкысы Талас чаржайыт, башаламандыкка дуушарланбай өнүгө турган шаар. Демек, келечекке түркүн бак-даракка чулганган кенен, түз көчөлөрүн бойлото биринен бири кооз имараттары бар татынакай шаар болууга толук шарты бар. Ар бир муундун өкүлдөрү бул максатты жүзөгө ашырууга умтулуп, колдон келген салымдарыбызды кошо берсек, андай мезгил жаралары айгине иш.

Экинчи жана ишенимдүү жолу- чет өлкөлөр менен алаканы чыңдап, инвестицияларды тартуу жолу менен өнүгүп-өсүүнү ыкчамдатуу.

- Бул жагдайдан алганда абал кандай?

- Кийинки бир-эки жылдын аралыгында келечекте шаар эле эмес областыбыздын өнөр жай өндүрүшүнө оң таасирин тийгизе турган карым-катнаштарга жол ача турган аракеттер жүзөгө аша баштады. Алсак, Талас шаары менен Түркиянын байыркы Изник шаарынын ортосундагы боордоштук макулдашуусу. Ал келишимдердин биринин алкагында эки шаардын ортосундагы достук байланышты түзүп, өркүндөтүп улантуу боюнча Изник шаарынын мэри Кадри Эрйылмаз мырза менен атайын меморандумга кол коюшканбыз. Башталган иш ийгиликтүү уланып, Изник шаарынын мэри жетектеген делегация мүчөлөрү Талас шаарына алгачкы иш сапары менен келип кетишти.

- Алаканын башатында эки тарап эмнеге көңүл бурушту?

- Түркиялык өнөктөштөрүбүз Таластын азык-түлүк, автоунаа, курулуш жана өнөр жай, соода-сатык, айыл чарба азыктары, өндүрүш тармактарына кызыгышты. Бул тармактардын көбүндө болушуп, жеринде көрүп, таанышып чыгышты. Атүгүл атайын иштиктүү жолугушууну уюштурдук. Түркиялык ишкерлер чөйрөсүнүн көп өкүлдөрү катышкан делегация мүчөлөрүнө Талас шаарынын географиялык орду, аба ырайы, табиятынан тартып экономикасы,

социалдык, маданий жана башка тармактарын, курулушун, жада калса өрөөндөгү кен байлыктарына чейин чагылдырган кеңири маалымат берилди. Сөзүмдүн кыскача баянында коноктордун кызыгуусуна ээ болгон «Талас сүт» АК чыгарган сүт азыктарынын көбү эмнеликтен чет өлкөлөргө чыгарыларына токтолдум. «Талас шаарынын табияты таза, ыңгайлуу, ошондуктан өндүрүшүнөн чыккан азык-түлүктүн сапаты өтө жогору, экологиялык жактан «коопсуз» экенине ынандырдым.

- Биргелешкен ишканаларды куруп, пайдалануу жаатында сунуштардын кайсынысы Талас шаары үчүн актуалдуу деп эсептейсиз?

- Элибиздин турмушу акырындап кыйла жакшыра баштаганы, үй кургандардын, курсам дегендердин катары арбыгандан байкоого болот. Биз Түркияда болгондо шаар курулушунун архитектурасы жогорку деңгээлде экенин байкаганбыз. Ошондуктан биргелешип көп кабаттуу тураҗайларды кура турган ишкана ачсак деген ойлорун кубаттоого болот. Дегинкиси, чет өлкөлүк инвесторлор Талас шаарынын автоунаа, электр тармактарынын, аба жолдорунун, өндүрүш базаларынын абалына, мүмкүндүктөрүнө кызыгышат. А чынында, бул тармактарыбыз өнөктөштүк мамилелерди өнүктүрүүгө толук жооп бере алары бышык. Көп, өнөктөш тарап менен өз ара пайдалануу дол боорлорду жүзөгө ашырууга шарт түзүүдө турат.

-Ошол шарттардын бири катары кандай мисалдарды келтирээр элеңиз?

- Учурдун талабына жараша кандай гана эки тараптуу кызматташуусу болбосун өнөктөш тарап өзүнө алган милдеттенмесин так, толук көлөмдө, убагында аткарууга мүмкүндүгү кандай экенине кызыгат. Бул жагдайдан Караганда Талас шаары өзүнүн күчү, каражаты менен бир нече долбоорду жүзөгө ашырды.

Көп жылдардан бери капиталдык ремонттон өткөрүлбөй келе жаткан объект катары, А.Огомбаев атындагы балдар музыкалык мектебин капиталдык ремонттон өткөрүү боюнча атайын долбоор колдоого алынган. А.Огомбаев атындагы балдар музыкалык мектебинин чатырын жабуу иштери жүргүзүл үп, бүгүнкү күнү имарат толугу менен капиталдык ремонттон өткөрүлдү. Жалпы долбоорду ишке ашыруу максатында 5006,0 миң сом акча каражаты жумшалган, анын ичинен жергиликтүү бюджет эсебинен өздүк салымы катары 4,0 млн.сом өлчөмүндө акча каражаты бөлүнүп берилген.

Балдардын музыкалык мектебинин үстү кайра жабылып, спорт жайы толук жаңыртылды. Мурдагы Маданият үйүнүн ордуна музыкалык-драм театрын куруу башталды. Шаардын коммуналдык кызматы кайра уюшулуп, материалдык-техникалыкбазасы бекемделди.

2008-жылдын эсебинен «Эмгекчил» муниципалдык ишканасын колдоо багытында жана «Биз таза шаар үчүн» долбоорунун негизинде жаңы ГАЗ-3309 маркасында атайын таштанды ташуучу автоунаа гранттык негизде бөлүнгөн инвестициянын суммасы 1млн. сом ОБСЕнин борбордук өкүлчүлүгү тарабынан берилген. Ошондой эле аталган долбоорду колдоо багытында Талас аймактык айлана-чөйрөнү коргоо башкармалыгы тарабынан атайын жүк ташуучу автоунаа сатып алууга 100,0 миң сом акча каражаты бөлүнгөн. Жергиликтүү бюджеттин эсебинен 240,0 миң сомго каз тамандуу трактор алынган, ошондой эле АРИСтарабынан 1 эксковатор жана 1 таштанды чыгаруучу ГАЗ-33 жана 1 АС автоунаасы жал пы суммасы 84,0 миң америка долларына алынган.

Эл аралык АРИС уюму менен бирдикте шаардын калкын таза суу менен камсыздоо долбоору бүткөрүлдү. Кезекте шаардын көчөлөрүн ирээтке келтирүү милдети турат. 2008-жылы эле шаардын көчөлөрүн жаңылоого, асфальттоого 3,2 миллион сом каражатжумшалган. Ошондой эле Бердике баатыр көчөсүнүн шаардык ички иштер бөлүмүнүн жана санэпидстанциянын алды жагы, Карл Маркс көчөсүнөн №1-орто мектебинин алдыларын ремонттоо жана шагыл таш төшөө иштери жүргүзүлгөн. Жалпы ремонт иштерине 175,0 миң сом акча каражаты бөлүнүп берилген. Мындан тышкары, шаар ичинде көпүрөлөрдү оңдоого 123,0 миң сом акча каражаты сарпталган.

Талас областтык чет тилдер багытындагы лицей-комплексин

капиталдык ремонттон өткөрүү иштерине, атайын долбоор Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин алдындагы мамлекеттик стимулдаштыруу инвестициянын көлөмү 101832,1 миң сомго көп тартылып, көрсөткүч 290,5 пайызгааткарылды.

Шаардыктардын турмушун талаптагыдай оңоп, шаардын турпатын кооз, жайлуу, таза жана сүйкүмдүү болушун камсыздай турган башка иш аракеттер өтө арбын. Алардын баарын коомчулуктун колдоосуна таянып, биргелешип аткара беребиз.

- Дилмаегибиздин бет ачарында сиз байыркы бир уламышты мисалга келтирип, анан шаарыбыздын өткөн кезине, учурдагы абалы менен келечегине саякатжасагандай болдуңуз эле. Ошол уламыштын уландысы кандай болот деп ойлойсуз?

- Жаңы кылымдын башатында өнүгүүнүн өрүш жолуна кадам койгон шаарыбыздын келечеги кең болуп, кут оронгон касиеттүү Таластын ордо шаарына татый турган татынакай шаарга туш-тараптан келген адамдар суктанып, а биз сыймыктанып турчу мезгил алысэмес.

- «Жакшы тилекжарым ырыс» дегендей...

- Ооба, жакшы тилекти адам ак эмгек менен гана жүзөгө ашырып, үзүрүн көрөрү да байыртадан бери белгилүү. Болгону шаар деген биздин жашоо-турмушубуз өтө турган там-ташыбыз, көчө, транспорт, соода, маданий жайлар жана башка зарыл нерселер топтолгон жай гана эмес, укумубуздан-тукумубузга калаар тарыхыбыздын улам жаңыра бере турган тарыхы экенин ар бирибиз туюп, ардактасак сүйүктүү шаарыбыз ошончолук жаныбызга жакын сезилет. Ошондо ал куттуу өрөөнүбүздүн экономикалык, социалдык, саясый жана маданий борборуна айланат.

Ушул пикириме бир мисал келтирейин. Өткөн, 2008-жыл доорубуздун залкар жазуучусу, атактуу жердешибиз Чыңгыз Айтматовдун сексен жылдыгынын урматына: «Чыңгыз Айтматов жылы»-деп жарыяланбады беле. Тагдырэкен, элибиз орду толгус оор жоготууга дуушар болду. Бирок кыргыздын даңкын дүйнөгө тааныткан улуу уулунун туулган күнүн өлкөбүз, дүйнөлүк коомчулук улуу калемгердин өлбөс-өчпөс чыгармачылыгын даңазалоо менен белгиледи. Анын ысымын өзү жараткан чыгармалары коштоп, дүйнөжүзүн аралап, түбөлүк сапарга аттанды. Ошондой болсо да «киндик каны» тамган касиеттүү Талас жергесинин борбору Талас шаарында Чыңгыз абабыздын жаркын элесине таазим эттирээр жай болушу керек. Талас шаарынын чокортосуна анын айкелин орнотуу, Ленин көчөсүнө Айтматовдун ысымын ыйгаруу чечими ушул тилектен, көпчүлүктүн мүдөөсүнөн жаралды. Бул дагы шаардын тарыхына айланат. Демек, шаар дегенибиз доор менен, мезгили менен кошо жаңыра бере турган адам баласынын көч сапарынын тутуму...

Эгиз шаарлар

(Талас тарыхынын жаңы барагы)

2007-жылдын 23-25-майында Туркия Республикасынын Изник шаарынын мэри Кадри Эйрылмаз мырзажетектегенделегациянынмүчөлөрү Талас шаарындаиш сапары менен болушту.

Бул алаканандын башаты-алгач кадырлуу конокторубуз Талас шаарындагы Эл аралык «Мээрим-Себат» кыргыз-түрк кыздар лицейинин бүтүрүүчүлөрүнө ак жол каалап уюшулган салтанатка катышышты.

Салтанатта бир топ бүтүрүүчү эстелик медалды Изник шаарынын мэри Кадри Эйрылмаз мырзанын колунан алышты. Эки боордош элдин байыртан келаткан достук байланышынын күбөсү болгондой ушул жагымдуу окуяга катышып олтурганына кадырман коногубуз «Манас» да станы жаралган жерге келгенине сыймыктанып, ыраазы экенин айтты.

Эртеси «Талант» мейманканасынын конференция залында Изник шаарынын делегация мүчөлөрү Талас шаарынын ишкерлери, шаардык Кеңештин депутаттары менен жолугушту.

Кадырлуу коноктор, Улуттук «Манас Ордо» комплексинде болушту. Жылдын ушул мезгилинде өзгөчө ажарланып турган касиеттүү жайын самап келишкенин жашырышкан жок. Конок каадасы менен аздектеп тосуп алышты. Манас атанын эстелигинетаазим кылышып, күмбөзүнөзыяраткылышып, куран түшүрүштү.

Түркиялык боордоштор комплекстин этнографиялык музейинде болушканда тарыхыбызды тастыктап турган түркүн экспонаттарды кызыгып көрүшүп, баяндамачы кыздын сөздөрүн кунт коюп угушту. Изник шаарынын мэри Кадри Эйрылмаз мырза кадырлуу коноктор пикир калтыра турган китепке: «Биз боордош Кыргызстана, Манас атабыздын мекенине кепгенибизге терең ыраазыбыз»,-деп элибизге гүлдөп өнүгүү каалаган жазуу калтырды.

-Түркияда Манас баатырды терең урматтайбыз. Манас сабагы биринчи класстан сабак катары окутулат. Мен өзүм да окучумун. Эми Айкөл Манастын мекениндетурганыма ыраазымын.

Таластын табияты кайталангыс, жери кооз гана эмес, түркүн кенге бай экен. Бизде боордоштук мамилени үзүрлүүлантсакдеген пикир жаралды.

Боордоштук бел ашырат.

Түпкү тарыхыбыздын өзөгү бир, каныбыз тектеш Түркиялык боордошторубуз менен башталган эки тараптуу алаканын улам өркүндөп баратышына дагы бир жагымдуу окуя күбө болот. Талас шаарына Түркиянын Изник шаарынын мэри-Кадри Эйрылмаз жана Түркиянын Талас деген ири шаарынын мэри Йылдырым Рифат-баш болгон делегациясы келишкен. Алар дагы аты уйкаш эки шаардын ортосундагы өз ара пайдалуу экономикалык, маданий карым-катнаштарды жөнгө салып, өнүктүрүү боюнча көптөгөн ой-пикир, сунуштар менен таанышып, андай кызматташтык үчүн мүмкүндүктөр кеңири экенине ынанып кайтышкан.

Максат бирге, милдет айкын болгондон кийин ортодогу алаканы чыңдап, күткөн натыйжаны биргелешип жаратууга аракет ыкчамдайт тура. Мына, ушулжылдын этегинде Талас шаарынын мэри Эркин Турсункулов жетектеп, тутумуна «Жолчу» АК төрагасы Эсен Назаралиев, биринчи вице-мэр Рустан Осмоналиев, мэриянын алдындагы муниципалдык башкармалыктын жетекчиси Кадырбек Табышов, шаардык кеңештин депутаты Расбек Мамбетов «Эмгекчил» ишканасынын жетекчиси Айдарбек Жусупбеков кирген делегация ишкер сапар менен Түркияга барып келишти.

Бир жумалык иш сапарын алар Өлкөнүн эң ири шаарларынын бири Истамбулда жайгашкан муниципалдык шаарлардын Эл Аралык Ассоциациясынын башкы офисиндеги кабыл алуу аземине катышуудан башташты. Боордош Таласжана Изник шаарларынын ишкер чөйрөлөрү менен көптөгөн жолугушууларга катышышып эки тараптуу алаканы чыңдоого зарыл маселелерди талкуулашты.

Аты тектеш Талас шаарынын губрнатору Салиф Бычак жана мэри Йылдырым Рифат, Изник шаарынын мери Кадри Эйрылмаз мырзлар менен жолугушушту.

Бул иш-сапардын түпкү максаты эки тараптуу экономикалык, маданий байланыштарды чындоо менен бирге шаар курулушун (жергиликтүү бийликтин иш жүргүзүү ыкмасын) өнүктүрүү жагынан тажрыйба алмашуу болгондуктан Туркиялык боордош шаарлардын мэрияларында бул багытта кеңири кеп-кеңештер болду.

Иш сапары ирээти менен Истамбулдан кийин аты тектеш Талас шаарында уланды.

Талас-Түркиянын тоолуу аймагындагы кооз жерге жайгашкан миллион чамалуу калкы бар шаар. Шаардын четинде кудум Манас Атанын айтылуу «Кароол Чокусу» түспөлдүүтоо көрүнөт. Аны эл «Ала-Тоо» деп аташатэкен.

-Биздин түпкү аталарыбыз Ала Тоодон келишкен дешет, жергиликтүү

калк, шаарыбыздаТаласдеп бекеринен айтылганэмес.

Сувенир белектерди тапшыруу аземине Туркиялык боордошторго көк жайсаңда катар тигилген кыргыздын ак боз үйлөрүнүн элеси түшүрүлгөн сувенир тапшырылды. Мааниси - боордош эки эл дайыма бирге, тынчтыкта түтүн булатып өнүгөлүдегенди билдирет.

Түркия тарап тегереги түркүн гүл гө толгон Ала-Тоонун элесин тартуулашты. Мааниси: Жерибиздин, гүлдөрүнүн түстөрү, аталыштары да окшош-ниетибиз да бирге болсун дегендей.

Жыйырма ми идей калкы бар Изник шаарынын тарыхы өтө бай. Ал байыркы кезде Византия империясынын борбору болуп, түркчө «татты көл» деген мани билдирген көлдүн жээгинде жайгашкан курорттук шаар. Географиялык шартына жараша оливка майын өндүрүү боюнча дүйнөлүк борборго айланган. Мындагы завод жылына 12 миңтонна оливка майын чыгарат.


Изникте керамика өндүрүшү байыртадан бери өнүгүп, кайталангыз кооз буюмдарынын атагы ааламга тараган. Шаардын тарыхына келгенде жергиликтүү калк 11 кылымдагы Осмон империясы үчүн салгылаштарда Изник чебин коргоп эрдик көрсөтүп курман болушкан кыргыз жоокерлеринин күмбөзү сакталуу. Эки боордош элдин достугунун символу катары жаңыртылып, кийинчерээк өкмөт тарабынан атайын эстеликда орнотулган.

Албетте, иш сапарында делегация мүчөлөрү биздин шартта колдонууга ыңгайлуу өндүрүш, технологиясынын жаңы үлгүлөрү, ипотекалык курулуш, гендер саясаты, соода, тиричилик жактан тейлөө жана башка күнүмдүк тиричилигибизге пайдалуу маселелер боюнча кызыгышты. Бул багыттан жыйынтыктап айтканда Туркиялык өнөктөштөр менен экологиялык жактан таза эт, сапаттуу тери өндүрүү, иштетүү, кварцет жагынан кызматташуу, азык-түлүктөрдү иштетүүтехнологиясы, турак жай курулушундагы ипотеканы колдонуу боюнча кызматташууну конкреттештирүү боюнча кеңири макулдашуу жүзөгө ашты. Алдыда талыкпаган аракет, изденүү жана бирин-бири колдоону талап кылган көп маселе белгиленди.Көпчүлүктү түйшөлтүп, кызыгууну жараткан төө буурчак өндүрүү жана баасынын кепечеги биз өзүбүз өндүргөн буурчакты жеринде иштетип, жогорку баада сатыла турган технологияны колдонууга шарт түзгөнүбүзгө жараша болмокчу.

“Акчийден-Таласка чейин”



И.Сарыгулов көчөсүндөгүү мурдагы китепкана



Ч.Айтматов көчөсүндөгү аскер комиссариатын
жанында жайгашкан кинотеатрдын имараты 1944-жы




Шаардагы алгачкы балдар
бакчасындагы түштөнүү учурунан



Шаардагы медицина окуу жайынын имарат
(Азыр коопсуздук кызматы жайгашка

Шаардагы алгачкы мекеме тамдардын бири





Азыр областтык мамлекеттик
администрация жайгашкан аянттагы
эски автовокзал



Таластагы
жарманке
1980-ж



106259

Бийликтин ээи - эл!





Баатырлыкка - таазим!



Айылчиев Эмилбек Турдубекович

1983-жылы 25-февралда Талас шаарында төрөлгөн. 2000 – жылы Талас шаарындагы №7 – орто мектепти аяктаган. 2005-жылы Жусуп Баласагын атындагы КУУнун юридикалык факультетин бүтүргөн. Эмгек жолун Бишкек шаарындагы Ленин райондук прокуратурасында тергөөчүнүн жардамчысы болуп иштөөдөн баштаган. Андан соң Биринчи май районунун прокурорунун коомдук иштер боюнча жардамчысы болуп кызмат өтөгөн. 2007-жылдан баштап жеке ишкердикке өткөн

Үч бир туугандын улуусу болчу. Үй бүлөлүү. Кызы Элиза 1 жаш 8 айга толду. Жакын арада чет өлкөгө кызматка орношууга кетмек. Тилегине жеткен жок. Элдин эркиндигин баскан бийликке каршы жалпы элдик күрөштө патриоттордун алдыңкы катарында туруп баатырлык менен курман болду. Элдин чыныгы уулу Айылчиев Эмилбек Турдубековичтин жаркын элеси элибиздин эсинде түбөлүккө сакталат.



Сейдесанов Күмүшбек Сүйүнбекович

1-август 1964-жылы Талас районуна караштуу Арал айылында туулган. Бир жашынан баштап Үч-Эмчек айылында таятасы Түлөжанов Соорбек, таенеси Түлөжанова Шайымбүбүнүн колунда чоңойгон. 1974-жылы таятасы кайтыш болгондон кийин, Талас шаарындагы таякеси Түлөжанов Кожонаалынын колунда тарбияланган. 1981-жылы мектепти аяктагандан кийин Россиянын Петрозаводский шаарындагы токой-чарба техникумунда окуган. Алгачкы эмгек жолун Токтогул районундагы "Чычкан" токой-чарбасынан баштаган. Талас районундагы Иогансдорф орто мектебинде мугалимдик кесипте эмгектенип, автоделодон сабак берген. Бир кыз, эки уулдун кадырлуу атасы болгон. Кызы - Суюнбекова Мээрим Күмүшбековна, 1992-жылы туулган, Бишкек шаарындагы финансылык-экономикалык техникумунда 2-курста, 1993-жылы туулган уулу Күмүшбеков Эмир Күмүшбекович Бишкек шаарында финансы-экономикалык техникумда 1-курста окуйт, экинчи уулу – 1996-жылы туулган Сүйүнтбеков Нуржигит Күмүшбекович Бишкек шаарындагы №83 орто мектебинде 7-класста окуйт.

Кыраан жигит Күмүшбек элдик күрөштө патриотторду алдыга үндөп, алдыңкы сапта окко учту.

Элдин чыныгы уулу Күмүшбек Сейдасановдун жаркын элеси элибиздин жүрөгүндө түбөлүк сакталат.



Жолчубек уулу Урмат

Жолчубек уулу Урмат 1978-жылы 19-мартта Талас шаарында туулган. Талас шаарындагы №1-орто мектепти аяктагандан кийин армияда кызмат өтөгөн. Өзү колу жөндөмдүү уста болучу. Бишкек шаарындагы мебель жасоочу цехте иштеп, элине кызмат кылган. Үйлөнгөн. Жубайы Канышай 7 жаштагы кызы Азема менен жесир калды.

Жолчубек уулу Урмат адилетсиз бийликке каршы элдик толкундоолордо Бишкекте элинин эркиндиги үчүн окко учту. Адилет бийликтин орношу үчүн өмүрүн кыйды. Элинин патриоту Жолчубек уулу Урматтын жаркын элеси мекендештеринин жүрөгүндө түбөлүккө сакталат.


Баатырлыкка - таазим!










Кыргыз тарыхынын таржымалын жараткан атактуу инсандарыбыздын Талас шаарындагы эмен сейил багындагы айкелдери


















Алака багыттары

Түркиялык боордош шаарлардын өкүлдөрүнүн Талас шаарында болушу



Талас ш. Мери Э. Турсункулов Түркиянын Изник шаарынын мэри Кадри Эйрылмаз менен



Талас ш. мэри Э. Турсункулов Түркиянын Талас шаарынын мэри Йылдырым Рифат менен Мырзакан Давлеталиев жетектеген "Талас-сүт" АКсында.

Талас шаарынын делегациясынын Түркияда болушунан



Талас шаарынын делегация мүчөлөрү
Түркиянын Талас шаарынын мэри Йылдырым Рифат менен жолугушуу учурунда



Аттары уйкаш Талас шаарларынын башчылары Эркин Турсункулов жана Йылдырым Рифат



Талас шаарын мэри Э. Турсункулов Түркиянын
Талас-Кайсери шаарынын каймаканы (бизче губернатору) Салиф Бычак менен



Талас шаарынын делегациясы Түркиянын Талас-Кайсери шаарынын каймаканы
Салиф Бычак менен жолугушуу учурунда



Талас шаарынын мэри Э. Турсункулов Изник шаарынын мери Кадри Эйрылмаз



Талас шаарынын делегациясы
Түркиянын Талас шаардык мэриясынын алдында



Талас шаарынын делегациясы Түркиянын Изник шаарындагы 11 кылымда
Кыргыз жоокерлерине салынган күмбөздүн жанында



Талас шааарынын делегациясы Түркиянын Талас шаарында Боордоштуктун
белгиси катары көгүлтүр карагай дарагын отургузушууда

II - БАП

Талас шаарынын аткаруу бийлиги

Шаардык мекеме,уюмдар



Талас шаарынын аткаруу бийлиги Шаардык Мэрия

Мезгилдин, коомдук түзүлүштүн өзгөргөндүгүнө жараша шаардын бийлиги да ар кандай ат алган. Кийинчерээк партиянын шаардык комитети деп өткөн кылымдын токсонунчу жылдарына чейин бүткүл жетектөөчү жана аткаруучу бийликти жүзөгө ашырган. Ал эми СССР ыдырап, Кыргызстан өз алдынча «түтүн булатып» эгемендүүлүккө ээ болгон алгачкы мезгилдерде шаардын бийлиги шаардык кеңешке өткөн. Бийликтин башында кеңештин төрагасы болгон.

Жергиликтүү бийликтин хронологиясы мындай:
1944-жылдан -эмгекчилердин депутаттар Советинин Талас шаардык комитети;
1977-жылдан - Эл депутаттар Советинин Талас шаардык комитети;
1993-жылдан -Талас шаардык мамлекеттикадминистрациясы;
2001-жылдан бери - Талас шаардык жергиликтүү өз алдынча башкаруусу - мэриясы деп аталат.

Талас шаарынын алтымыш беш жылдык тарыхынын аралыгында шаарды кимдер жетектегени да кызыгууну жаратпай койбойт. Анткени шаардын ар кандай этабындагы өсүп-өнүгүүсү дал ошол жетекчилердин адамгерчилик сапатына, ишти уюштуруусу жана өз ишине мамилесине жараша болору талашсыз эмеспи.

Талас шаарынын аткаруу бийлигинин жетекчилери Д.Радионов-1944- 1946-жылдары, Г.Е.Перевертов - 1947-1948-ж., Б.К.Сердюков - 1948 - 1951-ж., А.Ниденская - 1951 - 1954-ж., Т.Ахматова - 1955 - 1957-ж., И.Сарыгулов - 1957 -1960-ж.,Н.К.Гарипов-1961-1963-ж., Д.Н.Чокоева-1964-1965-ж., С.И.Сильченко-1965-1978-Ж..А.Койчукулов-1979-1984-ж., И.Масаитов-1985-1988-ж., К.Бектур-ганова - 1988 - 1989-ж.,Б.Жумабеков - 1990 - 1996-ж., И.Масаитов - 1996 - 1999-ж., М.Ашыралиев - 1999 - 2001-ж., А.Сатыбалдиев - 2001 - 2005-ж., М.Кашкаралиев -2005-жылы майдан сентябрга чейин.

2005-жылдан бери Талас шаарынын мэри болуп Турсункулов Эркин Асанканович эмгектенет.

Кийинки үч жыл чамал аралыктагы шаар турмушунда жаралган жакшы жыша-андуу көрүнүштөрдүн жаралышына салым кошуп жаткан жаш жетекчи шаардын түйшүгүнөжаңыданэлеаралашканжок.

Өткөөл кездин омоктуу сыноолоруна туш келген шаар бийлиги шаардын учурдагы көйгөйлөрүн чечүү менен гана алектенбестен, анын келечек өнүгүү багытын аныктап, эң зарыл шарттарды түзүүнүн үстүндө кыйла иштерди жүзөгө ашыра алды. Биринчи кезекте калктын жашоо турмушун жакшыртып, зарыл болгон ыңгайлуулуктарды жарата турган өндүрүш, транспорт, жол, байланыш тармактарынын ишин жолго коюуга көңүл бурулууда.

Шаардын инфраструктурасын кайра жаңылоо маселеси курч коюлуп, мындан жарым кылым илгери курулуп, эскирип, тозуп бүткөн суу куурлар тармагы, көчөлөр жана жан көчөлөрдү каирадан жаңыртуу иштери шаардын өз күчү менен жүргүзүлө баштады.

Талас шаарынын мэри Турсункулов Эркин Асанканович 1962-жылдын 25-январында Токмок шаарында туулган. 1984-жылы Фрунзедеги политехникалык институтун 1987-1989-жылдары Москвадан ВЛКСМ Борбордук Комитетинин алдын-

дагы Жогорку комсомолдук мектебин, кийин Талас мамлекеттик университетин аяктаган. Инженер-механикжана бухгалтер-аудит кесибине ээ.1984-1985-жылдары Кыргыз Республикасынын эт жана сүт өнөр жай мини-стрлигинин ПМКсында механик болуп эмгек жолун баштаган. Андан кийин 1985-жылы Таластагы №19 ДЭУнун башкы механиги, 1986—1991 -жылдары комсомолдун Талас шааркомунун коргонуу, массалык спорт бөлүмүнүн, андан кийин уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, комсомолдун шааркомунун биринчи катчысы болуп иштеген. 1991-жылы Талас шаардык Кеңешинин төрагасынын орун басары, 1995-жылдары төрагасы, 1997-жылы Талас областтык мамлекеттик администрация башчысы, губернатордун орун басары, ал эми 1997-жылдан 2005-жылга чейин «Маймак» эркин экономикалык зонасынын генералдык директору болуп эмгектенген. 2005-жылдын 28-сентябрынан бери Талас шаарынын мэри болуп иштеп жатат. Муниципиалдык кызмат-тын биринчи класстагы кеңешчиси.

«Манас-1000» юбилейликмедалы, "Бишкек" юбилейликмедалыжана Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. Муницип алдыккызматтын отличниги.

Шаар кеңешинин кадамдары.

Депутаттардын Талас шаардык Кеңешинин курамы 27 депутаттан турат.
Комиссиянын төрагасы А.Байтелиев - бюджет жана муниципалдык менчикти башкаруу маселелери боюнча, комиссиянын төрагасы А.К.Кушубеков - өнөр жай, коммуналдык чарба, транспорт, курулуш, ишкердикти өнүктүрүү. электр жана байла-ныш иштери боюнча, комиссиянын төрайымы Г.К.Темирбекова - социалдык маселе-лер боюнча, комиссиянын төрагасы А.С.Эсенбеков-депутаттык этика, мыизамдуулук жана укук тартиби, жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча, комиссиянын төрагасы Ж.Д. Үркүнбаев - мандат боюнча, комиссиянын төрагасы Б.К.Нуржанов -көчөлөрдүн жана башка социалдык маданий объектилердин аттарын өзгөртүп кайра-дан атоо боюнча шаардык Кеңештин алдында туруктуу комиссия түзүлгөн,аппараты чакан, жооптуу катчы, башкы жана жетектөөчү адис.төраганын катчысынан турат.

Учур талабына ылайык, 2008-жылы аппарат адистери «Муниципалдык кызмат жөнүндөгү» мыйзамга ылайык өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы боюнча кабыл алынышкан кеңештин ишмердиги жыл мезгилине камтыган жанга ылайык жүрөт да, шаардын аткаруу бийлигинин ишмердигине байланышкан социалдык экономикалык багытындагы маселелерди талкуулайт, бюджетин бекитет.

Учурдагы маанилүү маселелердин ичинде шаар тургундарына жеке туражай куруу үчүн жер шартын жергиликтүү бюджетин үч жылдык (2009-2011-ж.) долбоорун, ошондой эле Талас шаарынын 2008-2010-жы л га чейинки өнүгүү стратегиясынын иш-чарасы бекитилип, Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жергиликтүү калк менен жергиликтүү өз алдынча органдары менен маалымат алмашуусу жөнүндөгү жобосу иштелип чыгып, бекитилгенин айтууга болот.

Шаар Кеңешинин ишин ургаалдаштыруу максатында өз алдынча башкаруунун үч аймактык коомдук органдары аксакалдар соту, жаштар жана аялдар кеңештери түзүлүп, биргелешип иш жүргүзүшөт.
Республикабыздагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тарыхына кайры-лып, шаардык кеңештин басып өткөн жолу тууралуу кыскача баян курсак, 1990-жылы март айында курамы 55 депутаттан турган эл депутаттарынын Талас шаардык Совети шайланган.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун реформалоонун алгачкы этабында жетишилген ийгиликтер менен бирге реформанын жүрүшүндө пайда болгон кыйынчы-лыктарды оңдоо максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 1996-жылдын 20-мартында «Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз

алдынча Башкаруунун ролун жана жоопкерчилигин арттыруу боюнча чаралар жөнүндө» Указы чыккан. Бул Указ негизинен айыл жерине багытталып, айылдык, поселкал ык кеңештерде аткаруучу-тескөөчү орган - айыл өкмөттөрү түзүлүп, ушул эле Указдын 7 пунктуна ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүк органдары жергиликтүү кеңештерге кээ бир мамлекеттик ыйгарым укуктар берилип, жергиликтүүөз алдынча органдары айыл жерлеринжана бардыкобъектилерди паспорттоштуруу, коммуналдык менчикти түзүү, коомдук тартипти сактоону уюштуруу жана жергиликтүү маанидеги кечиктирилгис милдеттерди чечүү үчүн бюджеттен тышкаркы фонддорду түзүү мүмкүнчүлүктөрүн алышкан.

Аталган Указдагы иш-чараларды ишке ашыруу жана шаар аймагындагы коомдук өз алдынча башкаруу органдарынын ишин өркүндөтүү, жандандыруу, жергиликтүү маанидеги маселелерди оперативдүү түрдө чечүү максатында 1996-жылы июнь айында шаардык Кеңеш тарабынан жети аймактык өзүн өзү башкаруу Кеңештери (ТКС) түзүлгөн. 1998-жылы алардын саны төрткө чейин кыскартылып, он беш кварталдык комитет менен иш алып барышкан.

Аймактык өзүн өзү башкаруу Кеңештери коомдук башталышта алып баруу менен шаардык Кеңеш, шаардык мамлекеттик администрация менен шааржашоочуларынын ортосундагы байланышты чыңдоого багытталган.

Республикабыздагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун реформалоого чейин негизинен айылдык, поселкалык, шаардык (районго баш ийген) деңгээлдерге жүргүзүлүп, областтык баш ийүүдөгү шаарлар жергиликтүү өз алдынча башкарууга өтпөй калган. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, Республиканын шаарларында башкарууну андан ары демократиялаштыруу жана жергиликтүү башкаруунун азыркы системасын тартипке салуу, өкүлчүлүктү жана аткаруу органдарынын калк алдындагы жоопкерчилигин жогорулатуу максатында 2001-жылдын 2-майында Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын областтык баш ийүүдөгү шаарларда жергиликтүү өз алдынча башкарууну уюштуруу жөнүндө» Указы жарыяланган. Ага ылайык областтык баш ийүүдөгү шаарларда шаардык өз алдынча башкарууну тескөөчү органы - Мэрия түзүлгөн. Мындай шартта шаардык кеңеш бүтүндөй иш багытын Мэрия менен биримдикте жүргүзө баштаган.

Талас шаардык Кеңеши 1992-жылдан бери эле бир нечежолу өзгөргөн.
1992-2003-жылдары Эл депутаттарынын Талас шаардык Кеңеши, 2003-2004-жылдары Талас шаардык депутаттар Кеңеши, 2004-жылдан бери Талас шаардык Кеңеши.

Талас шаардык Кеңеши аталгандан кийинки жетекчилери:
1992-1994-жылдары - У.Дмитрий, 1995-1996-ж. - Э.Турсункулов, 1997-1999-ж А.Алдашүкүров, 2000-2003-жылдары - К.Нуржанов, 2004-2005-жылдары - К.Осмонов. Учурда депутаттардын шаардык кеңешин Жүзүмамбет Жаналиев жетектейт. Шаар Кеңешинин азыркы курамында 27 депутат бар.

Ордо шаарымдын оомашы жүрсүн

Талас куттуу өрөөнүбүздүн ордо шаары болгондон кийин шаарда жайгашкан областтык мекеме, уюм, ишканалардын жетекчилери баш болгон эмгек жамааттары шаар турмушунун бир өзөгүн түзөт. Шаардын күн өткөн сайын кооз жана көркүү, таза жана жашоого ыңгайлуу болуп канат-бутагы өсүп, аймагы кеңип баратышына багытталган ар түркүн иш-чараларга, ишембиликтер менен кароо-сынактарга катышуу менен алар дагы баалуу салымдарын кошуп келишет. Шаар бийлиги менен биргелешип шаарыбыздын ооматы жүрүшүнө көп көңүл буруп, колдоо көрсөтүү салты башынан эле калыптанып калса да, өзгөчө токсонунчу жылдары, Кыргызстан эгемендүү мамлекет болуп, өз тагдырына, келечегине өзү жооптуу болгон мезгилден тартып, жаңы

деңгээлге көтөрүлдү. Шаардыктардын шаардын келечек- тагдырына болгон мамилеси кыйла жогорулады. Ал үчүн жергиликтүү бийлик тарабынан насыйкаттоо иштери ырааттуу жүргүзүлүп жатат.

Шаардык мэриянын алдындагы муниципалдык менчик башкармалыгы (УМС)

Шаардык муниципалдык башкармалыгы жаңы уюшулган мекемелердин катарына кирет. Ал депутаттардын Талас шаардык Кеңешинин 2003-жылдын 2-и юл у н дагы токтомунун негизинде Талас шаардык өз алдынча башкаруусу-нун-мэриясынын структуралык бөлүмү катары уюшулуп, өз алдынча юридикалык мекеме болуп саналат.

Бул кызматтын уюшулганы учурдун талабына шайкеш келет. Кыргыз Республикасынын укуктук нормативдик актыларынын жана мыизамдарынын негизинде мамлекетке тиешелүү ири объектилерди, мүлктөрдү муниципалдык менчикке өткөрүп алуу менен аларды сарамжалдуу жана натыйжалуу пайдаланылышын камсыздоого багытталган мекеме эсебиндеги жайларды, жер аянттары жана мүлктөрдү ар кандай мөөнөт менен ижарага берүү аркылуу шаардын бюджетине салым кошот.

Ал үчүн ириде мекеме шаардын муниципалдык менчигинин жалпы көлөмүн аныктоо жана каттоодон өткөрүү иштерин жолго койгон. Шаар турпатын жакшыртуу, айлана-тегеректи жашылдандыруу, көрктөндүрүү боюнча ырааты менен жүргүзүлүүчү иштерди аркалаган жаш мекеме кийинки кезде бир топ алгылыктуу натыйжаларды жарата алды. Анын жаркын мисалы катары шаардын чок ортосунда жайгашкан К.Нуржанов (мурдагы К.Маркс) аллеясынын кайра жаңыртылганын айтууга болот. Жашылдандырылып, көрктөндүрүлүп, шаардын бирден бир кооз жерине айланган көчөнү мындан ары жакшыртуу боюнча иштер улантылууда.

Шаардын борбордук бөлүгүндөгү аянтка жаңыча түр берип, бир чети автоунаалардын жолдо жүрүшүн ирээтке келтирүү менен адамдардын коопсуздугун сактоого шарт түзө турган айланма жолдун курулушуна да бул мекеменин катышы бар.

Шаардын көчөлөрүн, жан жолдорун жаңыртуу, оңдоп-жөндөө иштерин жүргүзүү боюнча 2008-жылы башталган иштер жыл сайын улантылат. Кийинки жылдары бул тармакка жергиликтүү каражаттын эсебинен кыйла каражатжумшалды. Ал эми шаардагы А.Огомбаев атындагы балдардын музы калы к мектебинин и Мараты толук кайра ремонттолуп, жаңыча жасалгаланганы шаардын инфраструктурасын жакшыртуу боюнча жергиликтүү бийлик тарабынан жүргүзүлүп жаткан ырааттуу аракет-тин алгачкы ири долбоору болуп калды.

Шаардын жетекчилиги жүзөгө ашыра баштаган мындай жакшы жөрөлгөлөр алдыдагы албан иштерге демөөр болуп кетишине жана бул мекеме тарабынан боло турган салымдардын чегин кеңейтүү максатында депутаттардын шаардык Кеңешинин чечими менен «Курулуш жүргүзүү жана жерди пайдалануу» комиссиясы уюшулуп, комиссиянын наамына келген арыздардын негизинде жеке турак жай курууга, кичи жана орто бизнести өнүктүрүү, жаңы соода түйүндөрүн ачуу, жерлерди убактылуу ижарага берүү боюнча түзүлгөн ижаралык келишимдер шаардык бюджетке кошумчакиреше кирүүгө шарт түзүүдө.

Шаардык мэрия ишти улам ургалдаштыруу максатында Талас шаарынын административдик аймагына караштуу 80 гектар аянттагы токой тилкесинин бөөдө кыйылып жок болуп кетүүсүнө бөгөт коюу үчүн муниципалдык менчик мекемесине эки токой кызматкерин иштетүүгө мүмкүндүк түздү. Мындан тышкары шаардагы мурда акча каражатынын айынан токтоп калган маданият үйүнүн курулушун улантуу каралууда.

Жаңыдан «телчиге» баштаган мекеменин алгачкы аракеттери алгачкы ийгиликтерди жаратты. Башкармалыктын чакан жамааты Талас областтык мамлекеттик администрациям жана Талас шаардык мэриясы тарабынан кыргыз элинин улуттук каада-салттарын кеңири насыйкаттоо, Нооруз майрамына карата боз үйлөрдү кооздоо жана жасалгалоо конкурсуна жигердүү катышканы үчүн байгелүү экинчи орунду ыйгарышып, Громата тапшырышкан. Башкармалыктын жетекчиси Кадырбек Табы-шов ишти уюштуруудагы жараткан көрсөткүчтөрү жана кошкон зор салымы үчүн 2008-жылы Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун улуттук агентчилиги тарабынан «Ардак грамота» менен сыйланса, башкы эсепчиси Ж. Токтогулова Талас шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө жана коомдук иштерге жигердүү сал ым кошкондугу үчүн ушундай эле сыйга татыган.

Алгачкы уюшулган 2003-2005-жылдары башкармалыкты Р. Тагаевжетектеген. Андан бери мекемени жетектеп келаткан К.Табышев 1963-жылы Талас районундагы Ак-Жар айылында туулган.

Сот- укуктук коомдун өзөгү

Талас шаардык соту мурда эл соту болуп уюшулган, 1988-1990-жылдары В. Стоногина, 1990-1996-жылдары А. Нуржанова төрайым болуп иштеген , 1996-1999-жылдары М.Чокоев, 1999-2004-жылдары А. Конгайтиев, 2004-2007-жылдары К. Жапакбаев төрага болуп эмгектенишкен.

Азыркы учурда 2007-жылдан баштап, А. Конгайтиев шаардык соттун төрагасы, А. Суюмбаев, А. Ташкараева судья болуп иштеп келишүүдө.

А. Конгайтиев 1982-жылдан баштап, 1994-жылга чейин Лейлек, Сокулук райондук сотторунда иштеген, 1994-жылдан баштап, Талас областтык сотунун төрагасынын орун басары, Талас райондук сотунун төрагасы, Талас шаардык сотунун төрагасы болуп иштеп келген. 2006-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган, 2008-жылдан баштап, Кыргыз Республикасынын соттор Кеңешинин мүчөсү.

Ал эми судья А. Суюмбаев 2004-жылдан тартып, Талас шаардык сотунда судья болуп иштеп келүүдө. Судья А. Ташкараева болсо көптөгөн жылдар бою юстиция тармагында, 1997-2007-жылга чейин Талас областтык юстиция башкармалыгы-нын жана Нарын областтык юстиция башкармалыгынын башчысы, 2007-жылдан баштап Талас шаардык сотунда судья болуп үзүрлүү эмгектенүүдө.

Коомдук тартип сактоонун флагманы

Талас милициясынын тарыхы узун жана бай. Согуш мезгилиндеги, согуштан кийинки жылдары оор учурларда мамлекеттин, коомдун кызыкчылыгы үчүн өтө түйшүктүү жылдарды басып өттү. Ал учурда бөлүмдө саналуу гана кызматкерлер иштеп, көбүнчө иш жөө-жалаңдап аткарылчу. Азыркы учурда Талас ШИИБинин материалдык, техникалык базасы бир топ чыңдалган. Курамы кеңейип, жогорку жана атайын билими бар кадрлар менен жыл сайын толукталууда.

Талас шаардык ички иштер бөлүмүнүн коомдогу мамлекеттеги негизги милдети: коомдук тартипти сактап, коомдун жана инсандын коопсуздугун камсыз кылуу,кылмыштуулуктун алдын алуу.кылмыштуулукка каршы күрөшүү.

Талас шаары облусубуздун ордолуу шаары болгондуктан райондорго салыш-тырганда калк жыш жайгашкан. Андыктан коомдук тартипти сактап, бейпилдикти камсыздоо иши чоң маселе. Мына ушул күжүрмөн ишти Талас ШИИБи татыктуу аткарууда.

Кыргызстан эгемендүүлүгүнө ээ болуп, көз карандысыз өлкө болгондон бери Талас шаардык ички иштер бөлүмү облустагы алдыңкы бөлүм болуп келет. Маселен,

2007-жылдын жыйынтыгы менен коомдук тартипти сактоодо жана кылмыштуулук менен күрөшүүдө Талас облусундагы ички иштер бөлүмдөрүнүн арасында өткөрүлгөн мелдеште биринчиликти жеңип алып, «Мыкты ички иштер бөлүмү» аталган. Бөлүм Талас ОИИБинин грамоталары, вымпелдержана күбөлүктөр менен сыйланган. Талас ШИИБинин алдыдагы милдети: жер-жерлерде коомдук тартипти сактоого коомчулукту кеңири катыштыруу жолу менен коомдук тартипти чыңдоо. Бөлүмдүн бардык кызматтарын жана бөлүктөрүн алдын ала иш чараларын активдештирип жандандыруу, көзөмөлдөө Инспекторлор тейлеген участкаларда жеке зоналарда ролун, жеке жоопкерчил иктерин жогорлатуу, кадрлардын кесиптик чеберчиликтерин жакшыртуу.

Бөлүмдө өз ишине берилген, кесиптикжактан такшалган кадрлар арбын. Милициянын подполковниги Аман Кудайбергенов көп жылдардан бери тергөө иштери боюнча ШИИБдин башчысынын орун басары болуп үзүрлүү эмгектенип келет. Көп жылдык эмгеги «Ардактуу тергөөчү» теш белгиси, медалдар менен бааланган. ЫнтымакЖээнбаев «ардактуу участкалык инспектор» төш белгиси менен сыйланган. Милициянын полковниги Кадырбек Жаркыналиев бир нече ай мурда гана эс алууга чыкканга чейин бөлүмдү татыктуу жетектеп келди. Баса, ал мындан 15 жыл мурда Талас ШИИБин жетектеп, үзүрлүү эмгектенген. Ал милициянын отличниги. 1988-жылы СССР Советинин Президиумунун Указы менен «За отличную охрану общественного порядка» деген Ардак грамотасы менен сыйланган. Талас милициясы оор жана татаал жолду басып өттү.

Албетте, күжүрмөн иште жетекчилердин эмгектери да эмес. Узен Байбенов, Андрей Тихонов, Керим Жунушалиев, Александр Скрипкин, Василий Бондаренко, Борис Бородин, Александр Зеличенко, Анарбек Иманалиев, Марат Суеркулов, Санжар Субаналиев, Макен Турдугулов, Кубат Ишеналиев, Санжарбек Ибраимов, Кадырбек Жаркыналиев сыяктуу инсандардын эмгектерин эскерип кетүүжөндүү. Азыркы учурда милициянын полковниги Рысбек Момбеков жетектеген Талас ШИИБи элдин бейпил жашоосу үчүн күжүрмөндүк менен иштеп жатат.

Мыйзамдуулукшу туу туткан орган

Шаардык прокуратура түзүлгөндөн тартып, мыйзамдуулукка көзөмөл жүргүзүүгө, кылмыштуулук менен күрөшүүгө жана мамлекеттин түптөлүшүнө активдүү жардам берип келет. Чейрек кылым мезгилден ашуун убакыттын ичинде прокуратура органы калыптанып, жетилип, өзүнүн ордун таап, мамлекеттин мыизамдардын так жана бирдей аткарылышына эң жогорку көзөмөл жүргүзүүчү орган катары кызмат кылууда. Ошондой эле прокуратура органдары жазык куугунтугун ишке ашырат, мыйзамда каралган учурда жана тартипте соттук иштерди кароодо мамлекеттин атынан айыптоочу болуп катышат.

Талас шаардык прокуратурасы өз милдеттерин так аткарып, алдыдагы көздөгөн мүдөөсүэгемендүү мамлекетибиздин түптөлүшүнө жана укуктук демократиялык коомдун эң негизги элементи болгон мыйзамдуулуктун сакталышына көзөмөл жүргүзүү болуп саналат. Ал үчүн кызматкерлердин билимдери, тажрыйбалары, жигерлери жетиштүү.

Ал эми учурунда шаардык прокуратураны Абдукаим Жумашаев, Сталбек Мейманкулов, Дүйшен Алиев, Жоомарт Аскарбекович Момбеков, Садыкбай Абдуллаевич Абдуллаев сыяктуу адамдар жетектеп келишкен. Жогорудагы инсандардын ичинен 1984-88-жылы Талас шаарынын прокурору болуп иштеген АбдукаимЖумашаев учурунда СССРдин Башкы прокуратурасынын «Ардактуу кызматкери» теш белгиси менен 1988-жылы сыйланып, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин грамотасын 1966-жылы алып, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалына татыктуу болуп, райкомдун мүчөсү, райондук иштерге депутат болуп шайланган. Азыркы учурда да жамаат менен байланышын үзбөй, ар

дайым насаатчылык ишти жүргүзүп келет.

Шаардык прокуратураны 2008-жылдын июнь айынан бери юстициянын 1-класстагы кеңешчиси Астапа Казиевич Казиев жетектеп келет. Ал Талас шаарынын прокурору болуп дайындалганга чейин аталган тармактын көптөгөн тепкичтерин басып өттү. Соңку жылдарын ал ганда эле 1999-2005-жылдары Нарын районунун прокурору, 2005-2008-жылдары Талас облусунун прокурорунун орун басары болуп иштеген. Эмгек жамаатында шаар прокурорунун орун басары Азисбек Раимкулов Самарбекович, прокурордун ага жардамчысы Улан Манасбекович Сманалиев, стажер тергөөчү Дубанаев Бакыт Аманбекович жана прокуратуранын адиси Болдоева Ирина Таласбековна Талас шаардык прокуратурасынын тарыхын татыктуу улантуу менен өз милдеттерин жоопкерчиликте аткарышууда.

Талас шаардык прокуратурасы ар дайым мыйзамдуулукту туу тутуп, инсандын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгын көздөп, кылмыштуулукка жана коррупцияга каршы күрөшүп, ийкемдүү ишкер климатты түзгөн орган катары кызмат кылабермекчи.

Өнүгүүнүн чордону

Талас шаардык салык боюнча башкармалыгынын кыскача таржымалынын өзү эле бул кызматтын маанисинжана милдетин айкындап турат.

Дегеле адам баласынын коомдун түзүлүшүн байыркы доордон бери коштоп келаткан тарыхында айгинелеп тургандай салык жыйымы дайыма болуп келген. Болгонудоор, заман, мезгилге жараша аталыштары, жыйымдын түрлөрүжана көлөмү өзгөрүп жүрүп олтурганы менен коомдун турмушундагы орду, ролу өзгөрбөстөн кала берген.

Анткени салыкжыйымы коомдун экономикалыкөнүгүүсү, адамдардын турмуш шартынын жакшырышына шарт түзө турган өзөктүн түйүнү сымал.

Эбегейсиз Советтер Союзунун убагында салык кызматы башка барды к тармактардагыдай эле борборлошкон абалда болгон. Учурдун талабына жараша бул маанилүү кызматты өркүндөтүү жана таасирин арттыруу максатында СССР Министрлер Советинин 1990-жылдын 29-январындагы 276 токтомунун чечими менен Кыргыз Республикасынын салык кызматы түзүлгөн. Ошентип, СССР финансы министрлигинин тутумунда, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин астында мурдагы мамлекеттик киреше башкармалыгынын базасында республиканын мамлекеттик салык кызматы уюшулган.

Талас шаары боюнча мамлекеттик салык инспекциясынын түзүлүшү да ошол жылдын март айына туура келет. Талас шаары боюнча мамлекеттик салык инспекциясынын биринчижетекчиси болуп Роза Жакыповадайындалган.

Алгач уюшулган кезде Талас шаары боюнча эки бөлүмдө 9 кызматкер иштеген. Бөлүмдөр-жарандардан.кооперативдик, коомдук мекемелердин кирешелеринен салык өндүрүү, жана башка кирешелер жана мамлекеттик мекеме-ишканалардан, бирикмелерден салык өндүрүү деп аталган.

Аңгыча эбегейсиз зор мамлекет - СССР ыдырап, Кыргызстан эгемендикке ээ болгондон кийин кызматтын аталышы, мааниси кошо өзгөрөт. Кыргыз Республикасынын Президентинин 1992-жылдын 10-февралындагы Указына ылайык Мамлекеттик салык инспекциясы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн курамына кирип, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик салык инспекциясы деп аталып калган.

1993-жылы салык инспекциясынын төрт бөлүмүндө 29 кызматкер иштеп турган. Эсеп жана отчет, мамлекеттик ишканалардан салык өндүрүү, калктан жана башка кирешелерден салык өндүрүү, кичи ишканалардан жана коомдук мекемелерден салык өндүрүү бөл үмдөрү эле.

Ушуну менен 1994-жылы салык кызматы Кыргыз Республикасынын финансы министрлигине каратылып, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин алдындагы мамлекеттик салык инспекциясы болуп кайра уюшулат.

1995-жылы мамлекеттик салык инспекциясынын жетекчиси болуп Айылчы Кыдыралиев дайындалган. Структуралык өзгөрүүлөрдөн кийин бөлүмдөр, ички көзөмөл, информация жана эсеп-кысап, юридикалык тараптарды көзөмөлдөө деп аталуу менен бирге иш жүргүзүү багыты, милдеттеринин көлөмү кошо өзгөрүүгө дуушар болгон. 2000-жылдары шаардын салык кызматын Жүзүмкан Нуржанова жетектеген.

Ал эми 2000-жылдын апрель айынан 2002-жылдын февралына чейин Айылчы Кыдыралиев иштеп келген.

2000-жылы Талас шаары боюнча салык кызматы жаңыртылып, 4 бөлүм, 2 секторго бөлүнгөн:

-жыйымдаржанатөлөмдөр боюнча көзөмөлдөө бөлүмү;

-юридикалык тараптарды көзөмөлдөө бөлүмү;

-салык статистикасы, ыкчам анализ жана иликтөөбөлүмү; -жеке тараптарды жана ККМды колдонууну көзөмөлдөө бөлүмү.

Коомдун өнүгүшү менен кошо салык кызматы тынымсыз жаңылануу талап кылган. Ошогожараша бөлүмдөр, секторлор кыскартылып, салыкка болгон карыздарды өндүрүү боюнча иштөө сектору, салык төлөөчүлөрдү издөө жана каттоо сектору, уюштуруу жана методологиялык иштер боюнча башкы инспектор, эсепчи, юрист болуп 35 адам эмгектенген.

Ирилешип олтуруп, 2001-жылдын ноябрь айында Талас шаары боюнча мамлекеттик салык инспекциясында жыйымдар жана төлөмдөр боюнча көзөмөлдөө, уюштуруу-аналитикалыкжана ККМды колдонууну көзөмөлдөө бөл үмдөрү түзүлгөн.

2002-жылдын 1-октябрында Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин алдындагы салык инспекциясынын жана бажы инспекциясынын базасында КР финансы министрлигинин алдында кирешелер боюнча комитет аталып кайра түзүлдү. 2002-жылдын февраль айынан 2007-жылдын январь айына чейин, кийин 2007-жылдын башынан 2009-жылдын февралына чейин Жусуп Раимкулов жетектеген.

2006-жылдын май айында жалпы инспекциянын кызматкерлеринин саны өзгөрүлбөй туруп жаңы бөлүмдөр кошулгандан кийин жыйымдар жана төлөмдөр боюнча көзөмөлдөө, уюштуруу-методикалык иштер, ККМды колдонууну көзөмөлдөө, салык статистикасы, ыкчам анализ жана иликтөө, салык карыздарын өндүрүү жана иштөө, салык төлөөчүлөрдү текшерүү бөлүмдөрү болуп түзүлгөн.

Ал эми 2007-жылдын май айында мамлекеттик салык инспекциясы - салык жана жыйымдар боюнча мамлекеттик комитетинин Талас шаары боюнча башкармалыгы болуп өзгөргөн.

Бул мезгилдин ичинде шаардын салык кызматын Сагыналы Осмонбеков жетектеген.

2009-жылдын февраль айынан баштап, салык жана жыйымдар боюнча мамлекеттик комитетинин Талас шаары боюнча башкармалыгын АлмазбекЖайнаков жетектөөдө.А.Жайнаков эмгек жолун 1984-жылы Талас районунун Ленин атындагы колхозунда экономист болуп иштеп баштаган.

1984-1996-жылдары аталган колхоздо экономист, ага экономист, башкы экономист болуп иштеген.

1996-жылы Талас областтык мамлекеттик салык инспекциясында инспектор, ага инспектор, башкы инспектор, 2005-2009-жылдары салыкжанажыймдар боюнча мамлекеттик комитетинин Кара-Буура району боюнча башкармалыгынын жетекчиси болуп иштеп келген.

Салык инспекциясы түзүлгөндөн бери ондогон кызматкерлер Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин алдындагы кирешелер боюнча Комитетинин жана

Кыргыз Республикасынын салыктар жана жыйымдар боюнча Мамлекеттик комитетинин Ардак грамоталары менен сыйланышкан. Айтсак: Каржы экономика кызматынын отличниктери С.К.Осмонбеков, Ж.Аширбаева, салык кызматынын отличниктери Ж.Нусубалиев, Ж.Раимкулов.

Жаңыруунун өзөгүн түзгөн кызмат

Талас шаардык каржы жана экономика бөлүмү Талас шаар аталгандан эки жыл өтүп, 1946-жылы уюшулган. Мезгилге, коомдун өнүгүү шартына жараша бул кызматтын аталышы өзгөрүп олтурганы менен негизги өтөгөн милдети шаар бюджети-нин киреше жана чыгаша бөлүгүнүн өз убагында аткарылышын камсыздоо шаардагы бюджеттик мекемелердин айлыкмаянасы, социалдык фондго төлөмдөрү, коммунал-дык жол жана мектепке чейинки мекемелердин тарбияланууучуларынын тамак-аш чыгымдарын ырааттуу жүргүзүү менен бюджеттик каражаттын үнөмдүү, максаттуу жумшалышын көзөмөлдөө жагы ар дайым кала берген.

Кийинки жылдары, өзгөчө Кыргызстан өз алдынча эгемен мамлекет болуп, экономикалык өнүгүү багыты баштагы пландуу экономикадан рынок экономикасынын мамилелерине өткөндөн кийин бул кызматтын жоопкерчилиги өтө жогорулаган. Ал эми Талас шаары жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына өткөндөн баштап, каржылоо маселесинин орчундуу бөлүгү жергиликтүү бийликтин иш аракетине байланыштуу чечиле баштаган. Бул жагынан алганда Талас шаарынын бюджети 2006-жылдан тартып улам өркүндөп олтуруп, 2008-жылы өз алдынча ири долбоорлор-дун жүзөгө ашырылышын камсыздай алган абалга жеткен.

Чакан жамааттын «өз тарыхы» бар. Бул жылдары мекемени 1946-жылы Стрельченко, 1947-1948-жылдары Вахтеров, 1949-1955-жылдары Гарипов, 1956-1961-жылдары Д.Жумагулов, 1962-1970-жылдары РЧулуев, 1971-1972-жылдары Д.Жумагулов, 1973-жылы Л.Васильева, 1974-жылы Д.Момбеков, 1975-жылы Л.Васильева, 1976-1981-жылдары Д.Момбеков, 1982-1986-жылдары Курмана-ливева, 1986-1992-жылдары З.Тыллаваева, 1992-1998-жылдары Н.Шамшидинова, 1998-2003-жылдары О.Давлеталиев, 2003-2007-жылдары Ж.Ниязалиев, 2007-жылдан бери мекемени кайрадан Ө.Давлеталиев жетектейт. Ал бул тармакта 27 жыл эмгектенген тажрыйбалуу жетекчи. Ал Талас областтык мамлекеттик администрация-сынын Ардак грамоталары, «Манас-1000» юбилейликмедалына, башка сыйлыктарга татыктуу болгон. Мында Кыргыз Республикасынын каржы министрлигинин, областтык, шаардык бийликтердин Ардак грамоталарына татыган башкы адис Н.Сагынбаева, жетектөөчү адис, А.Аманова, адистер Д.Нуржанов жана Ж.Барманкуловалар эмгекте-нишет. Бөлүмдүн жетекчиси Өмүр Давлеталиев бул тармакта эмгеги сиңген кызмат-кер.

Шаардык «Жаңы багыт» газетасынын редакциясы

Шаардык «Жаңы багыт» областтагы эң «жаш» газета. Ал шаардык мэриянын басма сөз органы катары 2006- жылы уюшулуп, ошол жылдын март айынан баштап чыгып келатат. Биринчи саны улуттук «Нооруз» майрамына арналып жарык көргөн. Газета шаардын социалдык, экономикалык, маданий жана саясый турмушундагы, билим берүү, саламаттыксактоо, курулуш, транспорт, почта жана телефон байланыш-тары, соода жана чет жактар менен алака жаатындагы ж.б. жергиликтүү бийлик жүргүзүп жаткан иш аракеттерди шаар калкына маалымдоо менен калктын суроо-талаптарын, ой-пикир, сунуштарын ортого салып, эки ортодогу байланыш чындалуу менен алдыдагы орчундуу милдеттердин биргелешип, ырааттуу чечилишин көздөгөн

материалдардын топтомун даярдоо менен окурмандардын кызыгуусун арттырган ар түркүн темадагы материалдарды кыргыз жана орус тилдеринде дардоого негизденет. Редакция жамааты жаңы уюшкан жылы терт кызматкери болсо, бара-бара материалдык базасы чыңдалып, суроо-талаптар арбыган сайын жаңы бөлүмдөр ачылып, учурдажети кызматкер эмгектенет.

Газетанын нускасы акырында көбөйүүдө. Алгач 500 нуска болсо, азыр миң нускага чамалап калды.

Газетаны даярдоо редакциянын кызматкерлери тарабынан жеринде жүргүзүлүп, Бишкек шаарындагы «Эркин-Тоо « басмасынан жарык көргөн.

«Жаңы багыт» журналист кадрларынын тартыштыгынан улам жаш журналисттерди даярдап, такшалтуу менен жеңип, иштиктүү, жоопкер жаш журналисттери бар газетага айланды. Быйыл уюшулганына үч гана жыл толгон газета алгач айына үч жолу, терт бет көлөмүндө чыгып келсе, кийинчерээк сегиз бет көлөмүндө айына үч жолу чыга баштады. Ал эми 2009-жылдын май айынан тартып, «Жаңы багыт» өрөөндөгү мамлекеттик газеталардын ичинен биринчилерден болуп толугу менен түстүү форматта чыга баштады. Мындай калыптанып, өсүп-өнүгүүнүн негизги себеби катары редакцияга мэрия тарабынан такай колдоо көрсөтүлүп, материалдык-техникалык базасы улам чыңдалып баратканы түртkү болууда. Алсак, 2007-2008- жылдары редакция жаңы үлгүдөгү компьютер, принтер жана сандык фотоаппарат алган. Газетанын чыгышын турукташтыруу үчүн кошумча каражат менен бөлгөн. Азыр редакцияда Гүлсара Орозматова, Алмаз Ашымалиев, Жүзүр Өзүбеков, тажрыйбалуу сүрөтчү Бердибек Султамуратовдор үзүрлүү эмгектенип жатышат. Газета менен тажрыйбалуу журналисттер Кадырбек Майлыбеков, тыш кабарчылары акын, жазуучу Мүнүр Мамбеталиев, Кемал Кесаев, Сабыр Сулайманов, Кубанычбек Наскеев, педагогика илимдеринин кандидаты, Талас университетинин доценти Курманбек Кыдыралиев, ардагер акын Шерипбек Ажибраимов, милициянын запастагы полковниги Алтынбек Шербахунов иштиктүү байланышта. Ал эми Талас журналистикасынын негиз салуучуларынан болушкан Шабай Шатманов, Жанузак Токтоналиев, Нина Николаевна Таран, Жаңыл Иманкулова, Уулбү Дөңбаева сыяктуу ардагер журналисттеribиз газетабыздын ардактуу кеңешчилери.

Бирде шаар, бирде областтын «жүгүн тарткан» газеталарда өрөөнүбүзгө белгилүү журналисттер: Б.Боромбаев, М.Сыдыкбеков, А.Көчөрбаев, С.Сатаев, Ж.Баймухамбетов, К. Ташматов, С.Алканов, Э.Досалиев, А.Кененсариев, А.Шыгаев, Н.Сейдалиев, К.Иманкулов, СДүйшембиев, Ж.Төлөгөнов, Ж.Жумалиев, Б.Токтогу-лов, М.Фот, Е.Пицевич болуп 43 журналист иштешкен.

Шаардык газетанын түпкүлүгү Талас өрөөнүндөгү алгач 1933-жылдын 1 -октябрында Талас МТСынын саясый бөлүмүнүн органы катары уюшулган «Талас колхозчусу» («Таласский колхозник») газетасынан башат алат. 800 нускада кыргыз жана орус тилинде чыккан газета 1935-жылдан «Колхоз жолу» («Колхозный путь»), 1956-жылдын мартынан 1980-жылдын июлуна чейин «Лениндик Туу», (« Ленинское Знамя») деген аталышта чыккан. 1981-жылдын июлунан газета Кыргызстан КП Талас шаар-райондук комитеттеринин органы катары чыга баштаган. «Эмгек шаңы» «Трудовая поступь»ТАЛАС - КУТТУУ ӨРӨӨНДҮН ОРДО ШААРЫ деген аталышта чыкты. Бул жылдары аталган газеталарда Т. Баетов, ТАкматалиев, Ж.Иманкулова, О.Осмонкулов, Э.Үмөтов башкы редактор болуп иштешкен. Кийин Талас области кайра уюшулган 1991-жылдын 1-июлунан тартып, областтык «Талас турмушу» газетасы чыга баштаганда (баш.ред.Э.Үмөтов) Талас шаардык «Таласский вестник» жана райондук «Эмгек шаңы» газеталарынын ордуна 1998-жылы «Талас шаар-райондук «Заман нуру» газетасы уюшулган. (баш.ред.Т. Ибрагимов)

Кийин, 2001-жылдан «Заман нуру» газетасы Талас шаардык «Шаар жаңырыгы» (ред.Э.Жуманалиев), Талас райондук «Манас Ордо» (Ред.М. Сейдикеримова) газеталары болуп өз алдынча чыга баштаган.

«Шаар жаңырыгынын» 3-4 саны жарык көргөндөн кийин чыкпай калып, 2006-

жылы, «Жаңы багыт» уюшулуп олтурат.

Шаардык «Жаңы багыт» газетасынын директору жана башкы редактору Токтогул Ибрагимов. Басма сөз тармагында 1980-жылдан бери эмгектенет. Мурдагы жылдары Талас район-шаардык «Эмгек шаңы» газетасында бөлүм башчы, радиокабарчы, жооптуу катчы жана башкы редактордун орун басары, Талас областтык «Талас турмушу» газетасында башкы редактордун орун басары, Талас район-шаардык «Заман нуру» газетасынын уюштуруучусу жана башкы редактору, Талас областынын губернаторунун басма сөз кызматынын жетекчиси, Талас областтык телерадио компаниясынын төрагасы болуп эмгектенген.

Кыргызстан Улуттук Жазуучулар жана Журналисттер союздарынын мүчөсү. Кыргызстан Журналисттер Союзунун лауреаты (1984-ж.).

Тарыхтын башаты ушул жерде

«Нечен кылым, нечен доор сакталып, Өткөн кезди жашыра албай, карт тарых».

Коомдун улам өнүгүшү менен архив кызматынын маанеси жогорулай бererине шаардык архивдин таржымалы мисал болот. Эгерде 2002-жылга чейин шаардын өз алдынча архив тармагы болбой, документтердин сакталышы жалпы областтык деңгээлдерде уюштурулуп жүргүзүлсө, учур талабына ылайык 1979-жылдын 14-мартындагы Эл депутаттар Кеңешинин Талас шаардык, райондук жана Ленинполь райондук аткаруу комитетинин №56 -чечиминин негизинде Талас шаардык өздүк курам боюнча бириккен ведомстволук аралык архив болуп уюшулат. Ошол убакта Талас шаардык архиви Талас шаарынан гана эмес, Талас жана Ленинполь райондор-дун аймактаржашаган атуулдардын суроо-талаптарын канааттандырган.

Арадан мезгил өтүп, коомдук өнүгүүнүн талаптары кошо өзгөрүп олтуруп Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2002-жылдын 29-апрелиндеги №264 «Кыргыз Республикасында архив ишинин а балы жана аны жакшыртуу чаралары жөнүндө» токтомунаылайык Талас шаардык өздүк курам боюнча бириккен ведомстволук аралык архиви, Талас шаардык мамлекеттик архив болуп кайра өзгөртүлүп түзүлгөн. Мындай чечим шаардык архивдин жалпы ишин ургаалдаштырууга шарт түзгөн. Учурда, Талас шаардык мамлекеттик архивде 115 фонддон турган 23860 сактоо бирдигиндеги шаардык мекеме-уюмдардын өздүк курам боюнча документтери сакталат. Албетте, жаңы мекеме калыптануу мезгилин баштан кечирүүдө.

Шаардык архивдин чакан жамаатынын милдети чоң. Алар шаар аймагында менчиктин түрүнө карабастан коомдук жана коомдук эмес уюмдардын документтерин мамлекеттик сактоого кабыл алышат. Пенсияга чыгуучу кардарга эмгек стажын аныктап беришет. Документтерди топтоонун булагы болгон мекеме уюмдардын тармактык архивдери менен тыгыз байланышта, алардын документтерин мамлекеттик эсепке алышат, такташтырат. Аталыштары өзгөргөн, жоюлган, мекеме-уюмдардын документтерин көзөмөлгө алышат. Жоголуп, же кокустан өрттөнүп кеткен документтерди калыбына келтирүү боюнча иш жүргүзүшөт жана өздүк курамдын документтерин топтоп, сактоого берүү эрежелери сакталбаган учурда жооптуу кызматкерлерге «Административдик жоопкерчилик» Кодексинин негизинде айып салышат. 2006-жылдан бери туруктуу сакталуучу документтерди жана белгилүү инсандардын өздүк курам боюнча документтерин кабыл алат. Документтердин туура сакталышына жана өз убагында мамлекеттик сактоого өткөзүү тууралуу семинар, тренингдери, шаар мекеме-уюмдардын жетекчилерине өткөрүү жол го коюлууда.

Шаардык архитектура жамаатынын алгылыктуу иштеринен улам, мекеменин калыптануусу менен кошо алгачкы ийгил иктер жарала баштады.

Талас шаардык маданият бөлүмү шаар калкын маданият жагынан тейлеп, улуттук маданият байлыктарын, кылымдарды карыткан каада-салттарын, үрп-адаттарын сактоо жана жайылтууга чакырылган.Убагында Талас шаардык маданият бөлүмүн Темирбек Жанчаров, Канат Бекназаров, Үсейин Эсенаманов жетектешип, ишин илгерилетүүгө кызмат кылышкан. Талас шаардык маданият бөлүмүн бир катар жылдардан бери Бахтияр Абдыкадыров жетектейт. Шаардык маданият бөлүмүнүн демилгеси боюнча жыл сайын «Талас таланттары» сынагы уюштурулуп, анда а жаш таланттар элге таанылат. Жаштардын арасында «Талас шаарынын сулуусу», шаардык ишкана, мекеме, уюмдардын жетекчилеринин арасында «Талас шаарынын мыкты жетекчиси» сынактарын өткөрүү салтка айланган.

Областтык маданият башкармалыгы менен бирге өткөрүлүүчү «Ыр кесе» эл чыгармачылыгы фестивалдарына, кароо-сынактарына шаардын эмгек коллективде-ри активдүү катышып, алдыңкы орундардын ээси болуп келатышат.

Талас шаардык маданият бөлүмү республикалык кароо сынактарда алдыңкы орундарга ээ болуп келатат. "Эл ичи-өнөр кенчи"(2005), "Рухтун 100 долбоору", "Ачык көңүл балдарбыз"(2006), "Кошой коргон"(2007), ""Ыр кесе телесынагы" (2008) республикалык жана эл аралык кароо сынактарында биринчи жана экинчи орундарды ээлеп, баалуу сыйлыктарга татыган.

Талас шаары-көп улуттуу шаар. Шаарда 13 улуттун өкүлдөрү ынтымакты, достукту туу тутуп, коюн-колтук алышкан биримдикте жашап, иштеп, бир тууган шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүп өсүшү үчүн кызмат кылып жатышат. Алардын ар бири үчүн Талас шаары - өз үй, өлөң төшөгү.

Ар бир улуттун маданиятынын өнүгүшүнө көңүл бурулган. Славян диаспорасы-нын «Ивушка» элдик фольклордук ансамбли он жылдан ашык убакыттан бери шаардык маданий иш-чараларда өзүнүн ырлары-бийлери менен калкты кубандырып келатат. Ансамблдин өнөрпоздору орус, украин, белорус ырларын, бийлерин жогорку чеберчиликте аткарышат.

Өзбек, казак, түрк, корей, еврей диаспораларынын коомдук уюмдары бир тууган шаарынын коомдук, маданий иштерине активдүү катышышат. Убагында

Талас районунун элдиктеатры эл арасынан чыккан таланттардын башын кошуп, чыгармачы-лык духту жанар тоодой жандырып, аты республикага угулган Талас элдик театры Талас району менен Талас шаарынын орток театры болгон. Театрдын таланттары Чыңгыз Айтматовдун "Биринчи мугалим" повести боюнча даярдалган спектакльди Москвада өткөн эл чыгармачылыгынын Бүткүл-союздук фестивалында көрүүчүлөргө тартуулашып, лауреаттык наамга ээ болгон. Кийин Талас элдиктеатры тарап кеткен.

2008-жылы Талас шаарында Талас драмалык театры ачылды. Театрдын артисттери чыгармачылык бет ачары катары Чыңгыз Айтматовдун "Ак кеме" романы боюнча даярдалган "Ак кеме" спектаклин көрүүчүлөргө ийгиликтүү сунушташты. Ал эми мурдагы маданият үйү приватташтыруу мезгилинде улам бир менчиктен экинчи менчикке өтүп, авариялык абалга келген. Ал кайра мамлекеттин карамагына алынгандан кийин жерпайына чейин бузуп алынып, ордуна Талас драмалык театрынын имараты тургузулууда. Курулуштун жалпы сметалык наркы 65 млн сомду түзөт.

Талас областынын жана Талас шаарынын маданиятын өнүктүрүүгө салым кошкон инсандардын катарына Кубан Эстебесовду кошууга болот. К. Эстебесов Талас райондук маданият бөлүмүнүн башчысы, кийин бир топ жыл Талас областтык маданият башкармасынын башчысы болуп үзүрлүү иштеди.
К. Эстебесов 1967-жылы Бүткүл союздук театралдык фестивалга катышып, алтын медалга ээ болгон. Маданият тармагындагы үзүрлүү эмгеги үчүн "Манас 1000" эстелик медалы, "Кыргыз Республи-касынын маданиятынын мыкты кызматкери" төш белгиси менен сыйланган. "Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкери" ардактуу наамынын ээси. К. Эстебесов 2008-жылы Талас элдик драмалык театрынын директору болуп дайындалып, театрдын чыгармачыл коллективин калыптандыруунун үстүндө изденип иштөөдө.

Үлкөн үмүттүн, асыл тилектин майрамдары

Мамлекеттин эгемендикке ээ болушу менен элге кайтарылган Нооруз майра-мы Чыгыш элдеринин маданиятынын көөнөргүс үлгүсүнөн болуп саналат. Союз мезгилинде, диний түшүнүктөргө шылтоолонуп, Чыгыш Жаңы жылын майрамдоого тыюу салынып келген. Мына эми жыл жаңырып, күн менен түн теңелген 21-мартта Нооруз майрамын зор салтанаттын, шандуулуктун коштоосунда жалпы элдик майрам-доо элибиздин турмушуна бекем кирип калды.

Нооруз - Жаңы жыл - жаркыраган жаздын, жаштык жигердин, күжүрмөн эмгектин, жакшы тилек-үмүттүн, кайрымдуулуктун, боорукерликтин, ыймандуулуктун, адилеттүүлүктүн, таттуу даамдуу жайыл дасторкондун майрамы. Ал Кыргыз Республикасында өтүүчү майрамдардын эң бир улуусу, эң бир салтанаттуусу. Чыгыш элинин эзелки элинин бири катары кыргыз элибиз аны 2000-жылдан ашуун убактан бери белгилеп келатат.

Ноорузда Талас шарынын борбордук аянтында да салтанаттуу программалар тартууланат, Эшим Кутманалиев атындагы стадиондо, Райкан Алканов атындагы ат майданда улуттук оюн-зооктор өткөрүлөт. Ак калпактуу Ата калайык-калкына Жаңы жалдык асыл ой-тилектерин айтып, ак батасын берип, ак элечекчен Эне арчасын түтөтүп: «Айдан аман бололу, жылдан эсен бололу, жер жарылып көк чыксын, желин жарылып сүт чыксын! Алас, алас, ар балээден калас!» деп элди аралап аластоо ырымын жасайт. Бул эзелтен ата-бабадан бери учтан-түпкө уланып келаткан ак тилектүү, асыл ниеттүү орошон жөрөлгө. Анда жалпы элдин эсен-аман өсүп-өнүгүп, асман алдында агарып, көк үстүндө көгөрүшүн тилеген элдик философия жатат.

Ноорузлук программалар шаардык маданият бөлүмүнүн артисттеринин, Талас шаардык балдарга билим берүү борборунун, Атай Огомбаев атындагы

балдар-дын музыкалык мектебинин таланттарынын, комузчуларынын, дастанчыларынын, ырчыларынын, бийчилеринин өнөрлөрүнүн элдик кароосуна айланат. Бул күнү ошондой эле жалпы шаардык эмгек жамааттары өздөрү майрамдык программалары менен эл алдына чыгышы салтка айланган.

Деги эле мамлекетибизде белгиленген улуттук, мамлекеттикжана эл аралык майрамдар - элибиздин жаркын үмүтүнүн, тилегинин, мүдөөсүнүн өчпөс демөөрү, улуттук маданий салттарынын көөнөргус көрөңгөсү болуп саналат.

8-Март - Аялдардын эл аралык тилектештик күнү, 1-Май - Эмгекчилердин эл арылык майрамы, 9-Май - Упуу Ата Мекендик согуштагы Жаңиш күнү, 31-август - Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүк күнү жана жалпы дүйнө эли белгилеген кышкы Жаңы жыл майрамы шаардыктар тарабынан ар дайым шаңцуу майрамдалат. Жыл маалы биринен сала экинчиси утурлап элге жаркын үмүт, асыл ниет байланып, улам айланып келе берет. Калайык-калктын маанайын жаркытып, жаштарды шаттан-дырып, балдарды кубандырган майрамдар берекелүү бейпил турмуштун, тынчтыктын бел гиси десек болот.

Ордо калаанын ак мечити

Тагдырдын буйругун кара, мындан 15 жыл мурда Компартиянын областтык комитетинин имаратынын артында заңкайган ак мечит курулат десе эч ким ишенмек эмес. Коммунисттик идеологиянын коомдук прогрессти уюштуруучулук жана түзүүчүлүк касиеттери болгондугу талашсыз. Бирок жалгыз коомдук менчикке жана коомдук демилгеге таянып иш жүргүзүүсү, ашкере атеизмге сугарылган кудайсыз коомду насыикатташы аны акыр түбү кризиске алып келип такады. Бул Социалисттик республикалар союзунун таркашы, анын тутумундагы республикалардын эркиндикке ээ болуп, өз алдынча өнүгүүжолуна түшүшү менен аяктады.

Шаардын борбордук Аль-Аль-Бейт мечити 2005-жылы 15-январда пайдалану-уга берилди. Бир учурда 500 адам Аллага сыйынууучу Ак мечиттин тургузулушуна Бүткүл дүйнөлүк жаштар ассамблеясынын коомдук фондусунун президенти Сайд Баеминин эмгеги чоң. Ордо калаада архитектуралык ансамбли келишкен кенен мечитти салууга каражатты араб жергесиндеги сүрөөнчүлөрдөн издеп тапкан мына ошол адам болгон. Курулушка шаардын коомчулугу көп көмөгүн көрсөткөн.Республ-икага аты таанымал ислам диниятынын ишмери, "Алла көрсөткөн сырлар", "Токтосун молдо" китептеринин автору, республиканын мусулмандарынын азирети муфтийинин кеңешчиси Бает уулу Сатылган молдо, областтын мусулмандарынын казысы Таалай молдо, областтын мусулмандарынын казысынын орун басары Касым молдо, ошондой эле Өмүрзак молдо, Медет молдо, Сулайман молдо, Талас районундагы Бердике айыл округундагы мусулмандардын медресесинин директору Медер молдо жана башка көптөгөн ислам динининн ишмерлери Талас шаарынын мечиттеринде жума намазда, айт намазда байма-бай болушуп, адамдык асыл касиеттерге чакырган Куран.шарият туурасында мусулмандарга баалуу насыяттарын, насилеттерин айтышып, калайыкты ыйманга, ынтымакка, биримдикке үндөөдө чоң эмгектерин сиңирип келатышат.

Эми күндө шаардык мечиттердин мунарасынан беш маал азан жаңырып, адамдардын жүрөгүнө Алланын сөзүн жеткирип, азат бойду, акыл ойду аруулантып намазга чакырып турат.

Доордун алмашуусу менен ата-бабанын өчө түшкөн рухий асыл-нарктарын, тилин, дилин жандырып өрчүтүүдө кыйла иштер жасалды. Азыр көпчүлүк айылдарда мечиттер салынып, калайык-калкка ыймандуулукту, адептүүлүктү жайылтуунун борборуна айланды.

Талас шаарында мусул ман калкына кызмат кылган үч мечит бар.Биримдикшин кубаты

Талас шаарында жарандык коом уюмдары менен тыгыз байланышта, шериктештик негизде иштешүүнүн баалуу тажрыйбасы топтолгон. Өкмөттүн эмес уюмдар жергиликтүү социалдык-экономикалык маселелерди чечүүдө, демократиялык процес-стерди өнүктүрүүдө, граждандык коомду, укуктук мамлекетти курууда мамлекетибизге ар тараптуу чоң колдоолорду көрсөтүп келатат. Буга Талас шаарынын социалдыкжана экономикалыкөнүгүшүнөүзбөй көмөктөшүп аткан бир катар бейөкмөтуюмдардын иш-аракеттери ачык күбө. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен жемиштүү кызматташтыктары, натыйжалуу жемиштүү иш тажрыйбалары республикага тааны-мал десек болот. Алардын бири «Манас-1000» коомдук фондусу.

Бул коомдук фонддун уюштуруучусу жана лидери Серен Шейшенов «Манас» эпосунун миң жылдыгын эл аралык деңгээлде белгилөөнүн урматына Киров суу сактагычында коомчулуктун өкүлдөрүнүн көз алдында 10 чакырым аралыкка сүзгөн. Мына ошондон баштап ал калкарасында дене тарбия маданиятын жайылтуу, улуттун ден соолугун чыңдоо жана Талас шаарынын коомдук иштерине активдүү катышууну насыйкаттоо багытын колго алып «Манас-1000» спорт клубун түзгөн. Ага тартылган жаштар сууда сүзүү, алыскы аралыкка чуркоо, веложарыш боюнча шаар ичинде бир нече ири сынактарды уюштурушкан.

2000-жылы 15-январда, «Манас-1000» клубу каттоодон өтүп, «Манас-1000» коомдук бирикмеси деген юридикалык статусту алган. «Манас - ЮООдин» калктын көзүнө даана көрүнгөн чоң иши - Талас шаарынын «Шанхай» деп аталган батыш тарабында «Келечек» спорт комплексин «Сорос-Кыргызстан» фондусунун көмөгүндө кургандыгы болду. Шаардын ошол тарабындагы ашар жолу менен салынган №8 орто мектепти жана төрөтүйүнжакшыртуу боюнча кыйла иштерди аткарды.

Жергиликтүү бийлик менен кызматташуудагы «Манас-1000» коомдук уюму-нун тажрыйбасын бөлүшүү боюнча Серен Шейшеновдун Жалал Абад областында болгондугун да белгилей кетели. Аны мындай ишкер сапарга Жалал Абад областын жетектеп турганда Искендербек Айдаралиев чакырган.

«Манас миңчилер» Талас шаарынын бюджетин талкуулоо системасын уюштуруу боюнча иш-аракеттерди алып барышты. Алар шаарды өнүктүрүүгө калкты активдүү катышууга тартууда демилгелүү иш-аракеттерди жасай билишет.

Мамлекеттик бийлик менен социалдык-экономикалык маселелерди чечүүнүн жакшы үлгүсүн «Айкөл» атуулдук демилгелерди колдоо борбору көрсөтүп келатат. Талас шаарында 2001-жылдан бери аракеттенген коомдук бирикмени Гүлмира Темирбекова жетектейт. «Айкөл» демократияны өнүктүрүү жана жарандык коомду курууда уюмдук потенциалын жана финансылык туруктуулугун чыңдоо аркылуу Талас областындагы ӨЭУларга, демилгечи топторго жаш жамааттарга шарттарды түзүү боюнча албан иштерди аткарууда. Бул максатта «Айкөл» ӨЭ Улардын ролун чыңдап, мамлекеттик структуралар менен иштешүү демилгелерин талкуулоо боюнча Талас областында 3 форум өткөрүлдү. Ага республиканын башка областындагы иштиктүү ӨЭ Улардын өкүлдөрү келип катышышкан.

«Айкөл» Талас шаардык мэриясына жана Урбан институтуна Талас шаарын 1012-жылга чейин өнүктүрүүнүн стратегиясын жана аны ишке ашыруунун планын иштеп чыгууда, тактап айтканда, өнүктүрүү стратегиясы жана инвестициялык долбо-орлор боюнча сунуштарды иштеп чыгууда коомчулукту мобилизациялоодо, жарыя-ларды жана маалыматтарды басма сөз аркылуу таратууда, шаарды өнүктүрүүнүн стратегиялык планын кабыл алуу боюнча курултайды уюштурууда чоң көмөгүн көрсөттү.

«Союз славянского единения» бейөкмөтуюмунун Талас шаарында аракеттен-генине он жылдан ашты. Аны мурда мамлекеттик жооптуу кызматтарда иштеген Виктор Петрович Миловацкий жетектейт. Бул уюмдун астында уюштурулган юридикалык кабыл алуу кызматы өлкөдөн көчүп кетип аткан мигранттарга жана жергиликтүү жарандарга баалуу юридикалык кенештерди

берет. Калктын социалдык аялуу катмарына кирген, колдоого муктаж адамдардын соттоо укугун коргоого катышышат. Талас областтык ички иштер башкармалыгынын убактылуу кармоочу жайында жаткандар-дын укуктук, санитардык гигиеналык абалын жакшыртуу боюнча алгылыктуу аракет-терди көрүшөт.

Бейөкмөт уюм «Сорос Кыргызстан» фондусунун жана «Каунтерпарт Концор-циум» эл аралык уюмунун.ОБСЕнин гранттык каржылоосу аркасында 10 жылдан бери «Таласский вестник» бюллетенин чыгарып элге акысыз таратат. Бюллетень калайык-калкка баалуу юридикалык кенештерден баштап, республиканын, областтын жана шаардын саясый, экономикалык, маданий турмушундагы маанилүү окуяларды чагылдырат. Бейөкмөт уюмдун башчысы өзү редактору болгон бюллетенде бейөкмөт уюмдун аткаруучу директору С.А. Божкова, кабарчысы А.Кишенбаева, юристтер К.Баялиев, М. Эдигеева калк үчүн зарыл керектүү маалыматтарды жарыялашат.

Кино тармагынын таржымалынан

Талас өрөөнүндө 30-жылдардан баштап калкка кино көрсөтүлө баштаган. Алгач киноорнотмолор Дмитриевка кыштагында пайда болгон.

1967-жылы Талас шаарынын борбордук бөлүгүндө да 400 орундук «Родина» кинотеатры салынып ишке берилген. 1980-жылдан Талас областтык кинотармактар башкармасы 1988-91- жылдары Талас зоналык кино тармактардын өндүрүштүк бирикмеси, 1992-жылдан Талас областтык киновидео бирикмеси иштеп, областтын аймактары менен бирге Талас шаарында көрөрмандарга заманбап кинофильмдерди тартуулоо боюнча көп иш аракеттерди жасады. Бул максатта Талас областтык киновидео бирикмесинин башкы директору болуп үзүрлүү иштеген Рыскулбек Буларкиевдин аракетин белгилөөгө арзыйт.

Азыр «Кырк чоро» деп аталган шаардык кинотеатрды Андарбек Майлыбеков жетектейт. Кинотеатрдын башкы бухгалтери Анарбүбү Байгараева, башкы инженер Таалай Досматов бул тармакта чейрек кылымдан бери үзүрлүү эмгектенип келатышат. «Кырк чоро» кинотеатрында кыргыздын белгилүү кинорежиссерлору, киножылдызда-ры менен көрүүчүлөрдүн жолугушууларын, кыргыз жана чет элдик кинолордун жума-лыктарын өткөрүү салтка айланган.

Жаш таланттардын уясы

Талас шаарындагы Атай Огомбаев атындагы балдардын музыкалык мектебин жаш таланттарды телчиктирип таптап чыгаруунун уясы катары саналат. Музыкалык мектеп 1963 -жылы ачылган. Анда Ф.Н. Прокошева, В.Н. Урумбаев, В.П.Симоновская, Э.Я.Янцен, И.Т.Алишев директор болуп иштешип, искусствого ышкыбоз жаш таланттардын билим алышы үчүн көп күч-аракеттерди жумшашкан. Музыкалык мектеп фортепиано, баян, аккордеон, темир ооз комуз адистиктери боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдап чыгарып турган.

1989-жылдын 2-январында Талас шаарынын борбордук аянтындагы чоң имарат музыкалык мектепке берилген. 1991-жылы музыкалык мектепке кыргыздын залкар таланты Атай Огомбаевдин ысмы ыйгарылган. 1996-жылдан баштап, музыкалык мектепти Азимкан Масалбеков жетектеди. Ал буга чейин Ош мамлекеттикунивер-ситетинин музыка факультетинде окутуучу болуп эмгектенген, 15 жыл факультеттин кафедрасын башкарган. Профессионал жетекчинин келиши менен музыкалык мектептин чыгармачылык иши мурда болуп көрбөгөндөй өркүндөдү. «Пери» хореогра-фиялык бий классы ачылды. «Перилер» 1996-жылы «Кыргызстан-Сорос» фондусунун «Мөлтүр булак» фестивалында 1-орунду, Түркиянын Стамбул шаарында өткөн «Түрк дүйнөсү», «Ош азем түндөрү», «Жаш таланттар» эл аралык фестивалдарында байгелүү орундарды жеңип

алышкан. Мектепте комузчулар ансамбли түзүлгөн. Комузга шыктуу окуучулардын ансамбли областка, республикага таанымал болуп калды. «Жаш таланттар» эл аралык фестивалында алдыңкы орундарга ээ болгон.

2007-жылдан бери Айна Байгабылова балдардын музыкалык мектебинин директору болуп эмгектенүүдө. Мектептин "Бермет" комузчулар ансамбли, "Кыялкеч" бийчилер тобу жыл сайын өтүүчү шаардык, областтык, республикалык сынактарга активдүү катышышат. "Рухтун 100 долбоору" республикаклык кароо сынагынын алкагында Бишкекте өткөрүлгөн "Кыргызстандын жаңы жылдыздары" бий жана фольклордук сынактарында "Кыялкеч" бийчилер тобу 2-даражадагы дипломго ээ бол гон. 2007-жылы республиканын балдардын музыкалык мектептеринин арасында өткөрүлгөн конкурста мектептин баян, комуз бөлүмдөрүнүн окуучулары алдыңкы орундарга татыктуу болушкан.

Мектепти жыл сайын 20дан ашык окуучу бүтүрөт. Жалпы окуучулардын саны 60 тан ашат, алардын арасынан музыкалык орто жана жогорку окуу жайларга кирип, билим алып жаткандар көп. Мектептин педагогикалык жамааты жаш таланттардын музыкалык билимин өөрчүтүп такшалтууда. Мектепте 12 мугалим эмгектенет. Анын ичинен 4 мугалим: Т. Өмүркулов, Ж.Бейшеналиева, А. Масалбеков - КР эл агартуусу-нун отличниктери.

Китеп - билим булагы

Дмитревка айылында алгачкы китепкана 1921-жылы кызыл үйү катары ачылган. 1930-жылы айылдык кызыл үйгө айланып, китеп фондусу кыйла көбөйгөн. Кийин анын базасында шаардык китепкана түзүлгөн. 1946-жылдан баштап, областтык китепканага айланган. 1974-жылдан баштап айылдык китепканаларга улуттук көмөк көрсөтүүчү борбордоштурулган китепкана системасы түзүлгөн. Бул жылдардын аралыгында областтык китепкананы бир катар адамдар жетектешип, жигердүү иштешти. Алардын арасынан Айнаш Акназарованын эмгегин өзгөчө белгилөөгө татыйт. Айнаш Акназарова областтык китепкананын астында куурчак театрды уюштур-ган.

1996-жылы эл депутаттарынын Талас областтык Кеңешинин чечими менен областтык китепканага кыргыз журтчулугуна таанымал таланттуу акын, котормочу, сынчы, коомдук ишмер, Кыргызстандын эң алгачкы демократиялык кыймылынын (КДК) органы саналган "Учкун" гезитинин башкы редактору болуп иштеген, республи-када эң алгач болуп эркин басма сөздүн чыйырын салган инсан Аман Токтогуловдун ысмы ыйгарылган.

2002-жылы областтык китепкананын директорлугуна Телегей Сагыновна Жаркыналиева даиындалат. Анын келиши менен китепкананын ишинде жаңыча чыгармачыл дем сезилди. Телегей Жаркыналиева жаңыча аракеттенди. Областтык китепкананын астында "Замандаш" бейөкмөт уюмун уюштуруп, эл аралык уюмдар аркылуу 10 долбоорду ишке ашырып, китепканага 3 млн сомго жакын инвестициялар-ды тартууга жетишти. «Сорос-Кыргызстан», Евразия фонддорунан гранттар утуп алынып, укуктук жана экономикалык маалымат борборлору ачылды. Борборлор акыркы үлгүдөгү компьютердик техникалар, жаңы адабияттар менен жабдылган. Компьютерлерде Кыргыз Республикасынын жана КМШ мамлекеттеринин мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын сот актылары, жер реформасына тиешелүү актылар, документтер, экономикалык, юридикалыксөздүктөржайгашкан.

Китепкананын астындагы куурчак театрын жаңылоо боюнча Кыргызстан - Швейцариялык бюросунун «Тилекке-тирек» программасына жазылган долбоор жактырылып, грант бөлүнүп, куурчак театр жаңыртылган. Ошондон бери чыгармачы-лык деминен жазбай иштөөдө. Анын сценаристтери жана аткаруучулары - китепканачылар. Алардын чыгармачылык өнөрканасында Чыңгыз Айтматовдун «Эрте жаздагы турналар» повестинен, Аман Токтогуловдун котормосундагы Крыловдун тамсилдери-нен, А.Үсөнбаевдин айтуусундагы

«Кожожаш» дастанынан, кыргыз эл жомокторунан, украин эл жамокторунан оюндар даярдалып, көрүүчүлөргө сунушталат. Көрүүчүлөр -Талас шаарындагы мектептин окуучулары. Китепканачылар ошондой эле айылдык мектептерге гастролго чыгышып, оюндарды тартуулап турушат.

1992-жылы китепканада «Манас ата» үгүт кербени уюшулган. Ошондон бери кербенди өрөөндүн маданиятын өнүктүрүүгө өзгөчө салымын кошкон инсандардын бири, эмгектин ардагери Фарида Сүйүнтбекова үзүрлүүжетектеп келатат. Үгүт кербени «Манас» эпосунун миң жылдык юбилейине утурлай, элдик улуу дастанды, эпикалык маданиятты насыйкаттодо чоң иштерди аткарды. Республиканын региондорунда чыгармачыл сапар менен болуп, элге алынды. Бүгүн да сапарын карытпай, элдик оозеки чыгармачылыктын улуу үлгүлөрүн, улуттук каада-салтты, нарк-насилди, атагы чыккан актаңдай акындардын, жазуучулардын чыгармачыл ыгын, эне тилдин касиетин эл аралап жайылтуунун үстүндө иштеп жатат.

Усулдук бөлүмдө Мекен таануу фондусу түзүлгөн. Анда Кыргызстан, Талас области, Талас шаары туурасында баалуу маалыматтар элибиздин улуу, кенже эпосторунун топтомдору, элибиздин тарыхы, географиясы, маданияты, экономикасы, коомдук турмушу туурасында сейрек кездешкен китептер топтолгон. Областтык китепкананын жалпы китеп фондусу 123940 нуска китептен турат. Талас шаарында 4 филиалы жана балдар китепканасы бар. Өрөөндүн китепканачы-лары областтык китепканадан көп иш-тажрыйбаларды үйрөнүшөт. Алардын кесиптин деңгээлин жогорулатуу максатында конференциялар, семинар-тренингдер, тегерек столдор өткөрүлөт.

Областтык китепкананын директору Телегей Жаркыналиева мыкты китепкана кызматкерлери Ахун Үсөнов, Айнагүл Мырзакматова, Салкын Баялиева, Азем Бөкө-лөева, Мира Акматалиева, Элмира Боромбаева, Алтынкыз Жумалиева китепкананы бүгүнкү маалыматтык замандын талабына бап келген руханий, экономикалык, укуктук борборго айландыруунун үстүндө изденип иштешүүдө.

Кыл калемдин чеберлери

Музыкалык мектеп Талас шаарынын гана эмес жалпы Талас областынын калайык-калкын, көркөм сүрөт өнөрүнүн күйөрмандарынын кыл калем чеберлеринин чыгармачылык өнөрканасы менен тааныштыруунун борбору болуп келатат. Бул жылдардын аралыгында шаардын тургундары жана меймандары ондогон сүрөтчүлөрдүн сүрөт көргөзмөлөрүнүн күбөсү болушту. Эки кабаттуу имараттын кенен жана жарык фоелеринде Таластын таланттуу сүрөтчүлөрүнүн этюддары, картинала-ры, полотнолору илинип турат.

Белгилүү сүрөтчү Канат Бекназаровду эл чебер портретчи катары баалашат. Ал Чыңгыз Айтматовдун, Сүймөнкул Чокморовдун, Таттыбүбү Турсунбаеванын, союз мезгилинде партиялык, советтик, чарбалык жетекчи кызматтарда иштеген мыкты эл уулдарынын сүрөттөрүнүн өзүнчө галереясын жараткан.

Ал эми Малабек Бүтөшовдун пейзаждары ажайыптуулугу, көркөмдүүлүгү, табигыйлыгы менен айырмаланат. Анын «Кеч», «Түн», «Тоолор», «Пейзаж» картина-ларында Ата Журттун, бир тууган айылдын керемет кемели көз алдыга тартылат.

Малабек Бүтөшовдун чыгармачылыгында дагы бир өзгөчөлүк бар. Элибиз анын турмуштун ачуу-таттуу, күлкүлүү көрүнүштөрүн, «сөзсүз сүрөттүн» тили менен адамдын дилине жеткирген чебер карикатурист катары да жакшы билет. Карикатура боюнча эл аралык көргөзмөлөргө катышкан. 2000-жылдан бери КР Сүрөтчүлөр союзунун мүчөсү, «Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыкты кызматкери» төш белгисининээси.

Талас шарында, ошондой эле КР Сүрөтчүлөр союзунун мүчөлөрү Асхат Бейшембиев, Марат Нуралиев, Роза Корголдаева, Сагынбек Корголдоев сыяктуу сүрөтчүлөр эмгектенишет. Алардын ар биринин өзүнүн чыгармачылыкжүзү, изи бар. 2005-жылдын октябрь айында музыкалык мектепте «Манас» эпосунун 1000 жылдык тоюнун 10 жылдыгынын урматына өткөрүлгөн көркөм сүрөт көргөзмөсү көрүүчүлөрдүн көөнүндө калды. Бул жолу көргөзмөгө Кыргызстандын белгилүү сүрөтчүсү Талас районундагы Үч-Эмчек айылынын кулуну Жаныбек Райдын «Улуттук дөөлөт жана Айкөл Манас» деп аталган персоналдык көргөзмөсү өткөрүлдү.

Жаныбек Рай элибиздин кыл калем чеберлеринин арасынан өзүнчө чыгарма-чылык жүзү менен айырмаланып, аты-жөнү атпай журтчулугубуздан тышкары бир катар чет өлкөлөрдүн көркөм сүрөт дүйнөсүн аздектегендерге таанылып калган чыгаан сүрөтчү. Анын чыгармачылыгына заман залкары Чыңгыз Айтматов мындайча баа берген: «Жаныбек Рай чыгармачылыгында архаикадан бүгүнкү күнгө чейинки мейкиндикти камтып, элдин калтырган мурасын, андагы каармандарын, тарыхый жана бүгүнкү күндөгү чындыгын калыбын бузбай, бай метафораларга, символдорго айкалыштыра, эпикалык көлөмгө чыгарып, азыркы искусствонун тилинде жогорку көркөм чеберчил икке жеткирген - ойчул сүрөтчү».

Көргөзмөдөгү «Көкөй кести-1», «Көкөй кести-2», «Мурас», «Аксакалдар», «Акыйкат», «Ыймандуулар», «Бешик», «Махабат» чыгармаларында автор реализм менен абстракционизмди айкалыштырып, улуттук рух, дөөлөттү терең ойлордун кучагында терметип, жогорку чеберликте чагылдырат. Анын «Манас» темасына арналган «Абыке, Көбөш» полотносу мына ушул көргөзмөдө алгачкы жолу көрүүчүлөргө сунушталган. Сүрөтчү бул чыгармасынын үстүндө толук бир жыл иштеп, улуу эпостогу «Каныкейдин Семетейди алып Бухарага качышы» темасындагы кульми-нациялыкучурду көркөм боектордун кудуретине салып бөтөнчө чебер сүрөттөгөн.

Элибизде учтан-түпкө уланып келаткан улуттук маданиятыбыздын чоң өнүрү-кол өнөрчүлүк. Шаарда элдик кол өнөрчүлүктү өркүндөтүүгө көңүл бурулган. Бул максатта Кыргыз Республикасынын Швейцария кызматташуу бюросунун маданий өнүктүрүү программасынын «Тилекке-тирек» гранттык долбоору менен иштөө шаардын уздарынын, усталарынын чеберчилигин арттырууга чоң өбөлгөсүн тийгизди. Шаарды кийизден, жип-шуудан, матадан, чийден, кайыштан, жыгачтан жана башка материалдардан көркөмү көздүтайгылткан буюм-тайымдарды жасаган уздар, усталар арбын. Та ласты к кол өнөрчүлөрдүн колунан жаралган шырдак, ала кийиз, туш кийиз, боз үйдүн жабдыктары, жаздыктар, төшөктөр, килемчепер элдик кол өнөрчүлүктүн шаардык, областтык, республикалык көргөзмөлөрүндө, фестивалдарында жогорку баагататыган.

Белгилүү уз Замира Асанова «Нуска» коомдук фондусун уюштуруп, элдик кол өнөрчүлүктү өнүктүрүүгө сал ым кошуп келатат.

Шаардык балдардын билимдерин өркүндөтүү борборунун мугалими Күлнара Баетованын колунан жаралган түрдүү сувенирлер кооздуулугу, көркөмдүүлүгү, образдуулугу менен өзгөчөлөнөт.

Айтылган кол өнөрчүлөр Талас шаарында 2007-жылы «Тилекке-тирек» долбоору боюнча өткөрүл гөн областтык фестивалда сыйл ыктарга татыктуу болушкан.

Атына заты жарашкан

Шаарыбыздагы күрөш боюнча адистешкен спорт мектеби 1963-жылы ачылган. Адистешкен мектептин өзүнчө ачылышына таластык балбандардын республикабыз-дын аймагындагы мелдештерде жаратып келаткан ийгиликтери буга түртку бол гон. Атайын күрөшүүчү жай болбосо да өз ынтызарлыктары менен аскердик мөөнөтүн өтөп, өскөн жери Таласка кайткан, чыгыштагы аскер округунун

бир нече жол ку чемпиону (кийин республиканын да) Сабит Мурзахмедовдун жетекчилигинде машыгышкан, кийин республикабыздын намысын ийгиликтүү коргошкон, спорттун алгачкы чеберле-ри Эшим Кутманалиев, Шамил Бархозов, Назарбек Сулайманов, Хаким Махмудов, Жеңиш Дөңбаев, бир туугандар - Чынарбек, Нурбек - Изабековдор, Сергей Громов, Александр Дейберт, Бообек Кулубаев, Айбек Азыртов, Максат Сариевге окшогон мурунку Союзга, дүйнөгө таанымал, кыргыздын намысын коргогон балбандарыбыз, жердештерибиз ушул мектептен тарбияланышкан. Булар азыркы кезде республика-бызда жана коңшу мамлекеттерде ар кайсы тармактарда, спортто үзүрлүү эмгектенип жатышат.

Упуулардын жолун жолдоо, алардын жакшы жактарын муундан муунга калты-руу ата-бабадан калган салт эмеспи. Өз алдыбызча эгемендүү мамлекет болгондон берки кыска мезгилдин аралыгында Азияга гана эмес дүйнөгө Кыргыз Республикасынын атын да, затын да таанылткан балбандарыбыздын саны артууда. Кыскача айтсам Эркин күрөш боюнча1990-жылы СССРдин чемпиону, 1999-жылы Азия чемпионатында күмүш медалдын ээси, Кыргыз Республикасынын бир нече жолку чемпиону, Эл аралык класстагы спорт чебери Изабеков Нурбек;

2001-жылкы дүйнө чемпионатынын чемпиону, 2002-жылкы Азия чемпионаты-нын коло медалынын ээси, Эл аралык класстагы спорттун чебери Надырбек уулу Уландын жолдорун жолдошкон, азырынча эл аралык класстагы спорт чебери деген наамга жетише элек болушса да, ага татыктуу талапкерлер, аттары республикабыз-дын аймагынан эчак өтүп, Азия, дүйнө өлкөлөрүн аралап калган Изабеков Чынарбек, Сариев Максат, Азырболов Айбек, Тууганбай уулу Уларбек, Кеңешбек уулу Аслан, Кыяз уулу Нургазы, Толубаев Самат, Сейитказиев Кожомжар, Изабеков Турсунбектер өз издери менен келатышат.

Ал эми грек-рим күрөшүнө кайрылсак: 2000-жылы Азия чемпионатынын чемпиону, 2002-жылы Азия чемпионатынын күмүш, 2003-жылы Азия чемпионатында коло медалдарынын ээси, 2004-жылкы Грециядагы Олимпиадалык оюндардын катышуучусу, 2006-жылкы Азия чемпионатынын күмүш медалынын ээси, спорттун эл аралык класстагы чебери Бегалиев Канаттан дагы да үмүтүбүз зор. Канат менен катарлаш келаткан Эркинбаев Азат, Анаркул уулу Дөөлөт, Төлөгөнов Самат, Норузали-ев Талант, Бейшалиев Азиз, Темирбеков Улан, Койчукулов Атай жана башка спорттун чеберлери биздин мектептин, Талас жергесинин, кыргыздын атын ааламгаугузууда.

«Саяпкери жарашса, күлүк чуркайт талыкпай»,-деп коюшат эмеспи элибизде. Балбандарды да баптап, таптап күүсүнөн тандырбаган саяпкер-машыктыруучуларды спорт күйөрмандарына тааныштыра кетпесек болбос. Жогоруда сөз кылгандай алгачкы машыктыргыч Сабит Мурзахмедов Талас өрөөнүндө Республикада биринчи болуп «Эмгек сиңирген машыктыргыч» деген ардактуу наамдын ээси болду. Анын жолун жолдошуп, жогоруда сөз болгон балбандарды тарбиялап өстүрүшкөн Конушба-ев Тууганбай, Эсенбаев Бекжан, Шаршекеев Орозбек, Байгазиев Жанышбектер да ал ардактуу наамды алышты. Чөңөралиев Эсентай, Юбашбаев Аязбек, Сүйүналиев Таалай анын кандидаттары десем жаңылышпайм. Азыркы учурда биздин мектептин эсебинде 3 эл аралык класстагы спорт чебери, бОдан ашык СССР жана Кыргыз Республикасынын спортунун чебери, ЗООдөн ашуун спорттун чебердигине талапкерлер, 500дөн ашык I разряддагы, ЮООден ашык массалык разряддагы спортсмендер даярдалган.

Азыркы учурда мектепте 10 машыктыруучу эмгектенишсе, алардын төртөөсү республиканын машыктыруучулары. Биздин мектеп жылы на Бишкек шаарындагы Республикалык Олимпиадалык резервдеги окуу жайына мыкты, келечеги бар деген окуучуларын берип турат. Азыркы учурда ал жерде 27 окуучу окуп, тарбияланып, чоң спортко жолдомо ал ышууда.

Кыскасы, (бул чакан материалымда) Кыргыз журтчулугунун намысына жарап, элибиздин сыймыгына арзыган чыгаан спортсмендерибиз тарбияланып жаткан окуу жайынын учурдагы (бизди тынчсыздандырган) абалына да азын-оолак токтоло кетүүнү ыктуудай көрүп турам.

Балдардын күрөш боюнча спорттук мектеби өткөн кылымдын алтымышынчы жылы курулган. Эскилиги жеткен спорттук жайыбыз, асыресе анын залы, жазгы-күзгү жаан-чачынга жеткилең туруштук бере албай калды. Спорттук жабдууларыбыз да көңүл ирээнжиткен абалга келди.

«Атына жараша заты болсо» деген ишенимдүүмүт менен жашап келебиз. Тууганбай Конушбаев.Талас шаарындагы балдарды күрөш боюнча спорт мектебинин директору, КР Эмгек сиңирген машыктыруучусу

Талас шаардык дене тарбия жана спорт комитеты

Талас шаардык спорт комитети 1944-жылы уюшулган. Шаардык спорт комите-тинин негизги милдети жаштарды спортко тартуу жана шаардын жашоочуларынын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөтүү. Талас шаары чакан болгонуна карабастан спорттук традицияга бай. Азыркы убакта шаарыбызда 3 балдардын спорттук мектеби, 1 жалпы типтеги стадион, 1 универсалдык спорт сарайы бар. Шаардагы 9 орто мектеп-тин стандарттык эмес спорт комплекстери, 4 спорт залы бар. "Талас сүт" АКсында жайгашкан. Сууда сүзүүчүжабык бассейн, Талас айыл чарба техникумунда спорттук зал, "Кыргызтелекомдун" Таластагы филиалалынын "Кыргызпочтасынын" Таластагы филиалынын жертөлөсүндө жайгашкан спорт зал, "Динамо" спорттук комплекси спорт менен машыктыруучулардын кызматына коюлган. "Арис" программасынын көмөгү менен шаардын батыш жагында жайгашкан "Жаштык" спорт комплекси ишке кириш-кен.

Шаардык спорт комитети көптөгөн ийгиликтерге жана жетишкендиктерге ээ болгон. Спортто жараткан ийгиликтери үчүн СССР Мамлекеттик спорт комитетинин, Кыргыз Республикасынын мамлекттик спорт комитетинин "Өтме Кызыл Туусуна" татыктуу болгон. Шаардык спорт комитетинин коллективинде 4 кызматкер "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген машыктыруучусу" деген ардактуу наамдын ээлери. Ондогон машыктыруучулар "Кыргыз Республикасынын отличниги" деген ардактуу наамды алышкан. Талас шаарында спорттук мектепте тарбия алышып, дүйнө жүзүнө таанымал спортчуларыбыз аз эмес. Алсак, Пекин Олимпиадасынын греко-римдик күрөш боюнча күмүш медалынын ээси, дүйнөлүкчемпионаттын күмүш медалынжеңип алган Канатбек Бегал иев, Азиянын жана дүйнөнүн чемпиондору балбандар: Тууганбай уулуУлан, Азырболов Айбек, Надырбекуулу Нурлан, Эстебесов Аслан, СССРжаштар курама командасында ойногон футболчу Михаил Ильин, жаш шахматчы Төрөбай кызы Айжан, жаш футболчулар Осмоналиев Улан, Жумалиев Бектур, Мударшов Анарбектер менен сыймыктанса болот.

Шаардык спорт комитетте Алексей Подоферов, СССР спортунун чебери Назарбек Сулайманов, Сабыр Сулайманов, Бообек Кадыркулов, Акматбек Дооронбе-ков ар кайсы жылдарда жетекчи болуп иштеп, шаардын спортун өнүктүрүүгө салымда-рын кошушкан. Алар шаардын спорттук базасын чыңдоодо көптөгөн эл аралык даражадагы мелдештерди уюштурууда жетекчилик жөндөмдөрүн көрсөтүшкөн.

Шаардык спорт комитетин көп жылдан бери Осмоналиев Бейшенбек жетек-тейт. Ал шаардыкстадионду курууга дүйнөлүк масштабга чыккан жаш спортсмендерди тарбиялоого салымын кошуп келатат. Шаарда жыл сайын ондогон эл аралык спорттук иш- чаралар өткөрүлөт. Бул мелдештерге Казакстан, Өзбекстан, Россия өлкөлөрүнөн жаш спорт чеберлери келип, шаарыбыздын спорттук аянтчаларында өз өнөрлөрүн көрсөтүшөт. Жыл сайын шаарыбызда дене тарбия жана спорт менен машыккандар-дын саны өсүүдө.

Греко-римдик, эркин күрөш, футбол, жеңил атлетика, шахмат, бокс спортторун өнүктүрүүгө өзгөчө басым жасалат. Бул багытта Кыргызстандын курама командалары-на жыл сайын Талас шаарынан тарбияланган спортчулар менен

толукталып турат. Учурда шаардын ондоп саналган спортчуларыбыз Азия жана дүйнөлүк чемпионаттар-да Кыргызстандын намысын коргоп келатышат.

Айжан, Айбектердин катары өссүн дейли!

Талас шаарынын борбордук бөлүгүндө жайгашкан спорт сарайында жайгаш кан шахмат борборунан байыркы акыл оюнуна кызыккан жаштар тажрыйбалуу машыктыруучу Болот Алыбаевден сабакалышат. Жараткан ийгиликтери менен Талас шаарынын, областынын гана эмес эл аралык ири мелдештерде Кыргызстандын намысына жараган жаш шахматчылардын чыныгы мектебине айланды. Бл жердин тарбиялануучулары он терт жашар Алымбай кызы Айжан менен он жашар Төрөбай уулу Айбекжараткан ийгиликтер мунун күбөсү.

Алсак, 2007-жылы Туркиянын Анталия шаарында өткөн өспүрүмдөр арасын-дагы дүйнөлүк мелдеште Таластан Айжан, Айбекжана Келсинбек Исакжанов Кыргызстандын курама командасынын тутумунда катышып ийгилик менен келишкен. Дүйнөнүн дээрлик 160 мамлекетинин өкүлдөрү катышкан мындай сынакта Айжан менен Айбекжакшы упай топтоо менен алдыңкы саптарды камсыз кылып кайтышкан. Кийин Айбек Төрөбай уулу Бириккен Араб Эмираттарынын борбору Дубанда өткөн ири Эл аралык мелдеште коло медалга ээ бол гону сыймыктуу.

Салтка айланган мелдеш.

Кийинки кезде Талас шаарынын спорт мектебинде Советтик аскерлердин Ооганстандан чыгарылган Күнүнө арналып, генерал-майор Мырзакан Субановдун ысымына арналган эркин күрөш боюнча областтык турнирдин өтүшү жакшы салтка айланды. Турнирдин башкы демөөрчүсү КР ички иштер министринин орун басары, милициянын генерал-майору Темиркан Субанов. Бул турнирге областыбыздын бардык райондорунан, Талас шаарынан мектеп окуучулары катышып, өздөрүнүн эркин күрөш боюнча чеберчиликтерин көрсөтүшөт.

Талыкпай машыгуу– ийгиликтин башаты

Талас шаардык күрөш боюнча балдар-уландардын спорт мектебинин уюшул-ганына 40 жылдан ашуун мезгил өттү. Бул мезгилдин аралыгында бул мектептен спорттук, анын ичинде грек-рим жана эркин күрөш менен жүздөгөн жаш балбандар машыгышып, ондогон спорттун чеберлери өсүп чыгышты жана эл аралык ири мелдештерде далай ийгиликтерди жаратышып, мектептин, шаардын, Талас жергесинин гана эмес республ икабыздын туусун бийик көтөрүп келишет.

Таластагы күрөштүн өсүп-өнүгүүжолуна көз чаптырсак, алардын ана башында Таласта республикага «Эмгек сиңирген машыктыргыч» деген ардактуу наамды биринчи алган Сабит Мурзахмедов болгон.Анын жолун жолдогон шакирттери респуб-ликабыздын намысын ийгиликтүү коргоп келишкен, спорттук коомчулугубузга аттын кашкасындай таанымал спортчуларыбыз,- Эшим Кутманалиев, Шамил Бархозов, Назарбек Сулайманов, Хаким Махмудов, Жеңиш Дөңбаев, бир туугандар Чынарбек, Нурбек Ниязбековдор, Сергей Громов, Александр Дейберт, Бообек Кулубаев, Айбек Азырболов, Максат Сариев жана башкалар мектептин алгачкы тарбиялануучулары-нын катарына кирет.

Таластык спортчулар жараткан ийгиликтер

Изабеков Чынарбек 1989- жылы СССРдин чемпиону, ошол эле жылы Австрияда өткөн дүйнөнүн чемпионатында күмүш медалдын ээси; Изабеков Нурбек 1990-жылы СССРдин чемпиону, республиканын бир нече жолку чемпиону, 1999-жылкы Азия чемпионатынын күмүш медалынын ээси, эл аралык класстагы чебер; Надырбек уулу Улан, Нурбек Ниязбеков сыяктуу спорттун эл аралык класстагы чеберлери. Анын ири ийгиликтерин айтсак, 2001-жылкы дүйнө чемпионаттарынын чемпиону, 2004-жылкы дүйнө чемпионаттыгында коло медалды утуп алган. Тууганбай уулу Уларбек, Кеңешбекуулу Аслан, Кыязуулу Нургазы, Толубаев Самат, Сеиитказиев Кожомжар, Изабеков Турсунбек жана алардын атаандаштарынын бир катары респуб-ликанын бир нече жолку чемпиондору болуу менен ар түркүн деңгээлдеги ири эл аралык мелдештердин, анын ичинде дүйнө, Азия өлкөлөрүнүн чемпионаттарынын катышуучулары гана болбостон чемпиондору жана 2-3 орундарды ээлөөчүлөр болуп калышты.


Ал эми грек-рим күрөшүнөн Бегалиев Канат 2008-жылы Пекинде өткөн жайкы Олимпиадада күмүш медаль утуп алганы жалпы Кыргызстандын сыймыгы болуп калды. Ал буга талыкпаган аракетинен жеткен. Алсак, 2000-жылдагы Азия чемпиона-тынын чемпиону. Бир жылдан кийин ошол эле чемпионатта күмүш, андан кийин коло медалдардын ээси болду. 2004-жылы Грециядагы Олимпиадалыкоюдардын катышуу-чусу, 2006-жылы Азия чемпионатында күмүш медалды утуп алган.

Эл аралык класстагы чебер. Эркинбаев Азат, Анаркул уулу Дөөлөт, Төлөгөнов Самат, Талант Норузалиев, Азиз Бейшалиев, Улан Темирбеков, Атай Койчукуловдор республикалык мелдештердин гана эмес эл аралык мелдештердин жеңүүчүлөрүнөн болушту. Аталган балбандардын бардыгы Кыргыз спорт чеберлери, ЗООдөн ашык I разряддагы, 10ООден ашуун массалык разряддагы спортсмендер даярдалды.


Мектепте 12 штаттуу машыктыргычтар эмгектенишет. Алардын арасында 4 республикага эмгек сиңирген, 3 спорттун чебери, 4 жогорку категориядагы машыктыргычтар. Эмгексиңирген машыктыргычтар наамына татыган Эсенбаев Бекжан, Шарше-кеев Орозбек, Байгазиев Жанышбектер мен жогоруда сөз кылган эл аралык класстагы чеберлерге чейинки спортсмендерди өстүрүп чыгаргандыктары үчүн татыктуу болуш-кан. Алардын жолун жолдошкон Юбашбаев Аязбек, Сүйүналиев Таалай, Чөңөралиев Эсенбай жана башкалардын акэмгектери өз жемиштерин берип жатат.

Атай Огомбаев атындагы балдардын музыкалык мектеби





Маданият кызматынын үзүрү





Шаардык маданият бөлүмүнүн
жетекчиси Бахтияр Абдыкадыров.



А. Огомбаев атындагы балдардын музыкалык мектебинин бир күнү



Мектептин директору
Айна Байгабылова жамааты менен




Мектепти көп жылдар жетектеген
ардагер Азимкан Масалбеков



Көркөм бий өнөрүнүн иримини
тарбияланууучулары сабак маалында



Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Талас музыкалык драм театрынын директору Кубан Эстебесов



Салынып жаткан жаңы театр



Талас музыкалык драма театрынын жамааты

Китеп билим булагы



Китепкананын директору
Телегей Жаркыналиева




Фарида Сүйүнбекова
ардагер



Китепканада

Кыл калемдин чеберлери.
Жаныбек Райдын өнөрканасынан






Жаныбек Рай, *сүрөтчү*



Кыл калемдин чеберлери.



Асылбек Солтобаев




Малабек Бутешов




Канат Бекназаров

Талас шаарынын борбордук мечити








Бает уулу Сатылган ажы

Шаардын спорт күндөлүгүнөн



Шаардык спорт комитетинин төрагасы Бекен Осмоналиев






Шаардык стадиондогу Нооруз майрамы





Шаардык шахмат федерациясынын төрагасы А.Шабданов, белгилүү футболчу Астананын "Локомотив" командасынын башкы машыктыруучусу Таластагы турнир учурунда

Шаардын спорт күндөлүгүнөн



Шаардагы балдардын-өспүрүмдөрдүн спорт мектебинин директору Талантбек Сейиказиев



Мектеп жамааты





Мектеп имараты

Шаардын спорт күндөлүгүнөн



Жаш шахматчылардын машыктыруучусу Болот Алыбаев








Эл аралык шахмат мелдештеринин жеңүүчүлөрү Айжан жана Айбек

Шаардын спорт күндөлүгүнөн





Атактуу жердешибиз, Генрал-полковник
М.Субановдун атасы-ардагер токойчу
У.Субановдун ысымына арналган мелдештен




Пекиндеги Олимпиаданын
күмүш байгесинин ээси,
жердешибиз Канат Бегалиев

КР. спортуна эмгек
синирген кызматкер
Керимбек Ниязалиев









Таластагы балдардын күрөш мектебинин жамааты





Тууганбай Конушбаев ардагер

Биримдиктин кубаты



Жылдыз-Транзит Фондусунун жетекчиси Т. Момунбөкова иште.



Ушул долбоорду колдогон Эл аралык ОБСЕ уюмунун Таластагы координатору Д. Сүйүнов



Д. Сүйүнов "Манас- 1000" коомдук фонддун башчысы Серен Шейшенов



Шаардык мэрия менен биргелешип Биз таза шаар үчүн Долбоорун ишке ашырып жаткан Жылдыз Транзит Фондусунун шаардыктар менен өткөргөн акциясынан



Шаардык мэрия менен биргелешип Биз таза шаар учун Долбоорун ишке ашырып жаткан Жылдыз Транзит Фондусунун шаардыктар менен өткөргөн акциясынан

Шаардын жетекчилиги бейөкмөт уюмдары менен шаардын алдындагы маселени талкуулаган семинарда







Гулбара Иманкулова жетектеген
Талас медиа борборунун жамааты

IV - БАП

Өнүгүүнүн өзөгү- билим



Талас мамлекеттик университеты

1996-жылы Талас шаарында И.Арабаев атындагы педагогикалык институттун филиалы ачылган. Таластын алгачкы жогорку окуу жаиынын материалдыктехникалык базасын чыңдап, профессордук окутуучулук курамын бекемдөөдө анын алгачкы директору Жеңишбек Чынаев чоң эмгек жасаган. Ошол эле жылдары Талас шаарында КАСИнин филиалы ачылып, анын директорлугуна техника илимдеринин кандидаты Акан Бообеков дайындалган. Акан Бообеков бул жогорку окуу жайдын ишин жолго коюп, кадрлардын сапаттык курамын жакшыртууда чоң эмгек сиңирген.

Мына ушул аталган жогорку окуу жайлардын базасында 2000-жылдын 25-июлунда, Кыргыз Республикасынын Президентинин Указынын негизинде, Талас мамлекеттик университети ачылган(ТалМУ). ТалМУнун курамында технологиялык институту, гуманитардык, педагогикалык, табият таануу факультеттери бар. 2009-жылдын июль айынан ТалМУнун астында 9-жана 11-класстардын базасында окуучуларды кабыл алуучу индустриалдык- педагогикалык колледж ачылган.

ТалМУ жогорку квалификациялуу педагогикалык, инженердик, экономикалык жана айыл чарба профилиндеги адистиктерди даярдоочу жогорку окуу жайы. Анда 20 адистик боюнча кесиптик бил им берилет. Күндүзгү бөлүмдө ЮООден ашык, сырттан окуу бел үмүндө 1500дөн ашыкстуденттер бил им алышат.

Университетте 4 окуу корпусу, 10 компьютердик класс, 4 илимий китепкана иштейт. Бардык окуу корпустарында интернетке кошулган класстар бар. Кабелсиз байланыштагы интернет класс уюштурулган. Окуу залдары электрондук китептердин комплекстүү программасы менен жабдылган. ТалМУ компьютердик жабдуу боюнча Кыргызстандагы ЖОЖдордун ичинен алдыңкы орунду ээлейт деп айта алабыз. Тактап айтсак, ар бир 8 студентке 1 ден компьютер туура келет.

Университеттин материалдык базасы кийинки жылдары сезилерлик жакшырды. Лабораториялык жабдууларды, оргтехникаларды сатып алууга жумшалуучу финансылык каражаттардын сезилерлик белугу түрдүү долбоорлордун жана грант-тардын эсебинен ишке ашууда. Мисалы, 2007-2008-окуу жылында эле "Айыл чарбасынын бакалавры" долбоору боюнча экология кафедрасына 2 миллион сомдук лабораториялыкжабдуулар жана оргтехникалар келди. Ал эми АКШнын Кыргызстандагы элчилигинин грантынын эсебинен англис тили кафедрасынын ресурстук борборуна 20 миң доллар суммасында түрдүү жабдуулар жана эмеректер сатылып алынды. Гуманитардык факультеттин имаратына 600 чарчы метрлик аянттагы 2 кабаттуу окуу лабораториясы кошумча курулуп, жаңы окуу жылында пайдаланууга берилди. Жылына жаңы чыгарылган окуу, окуу-усулдук жана окуу көмөкчү китептерди сатып алып турабыз. Ошондой эле ТалМУнун профессордук-окутуучулар курамы тарабынан даярдалган окуу-усулдук эмгектер университеттин эсебинен чыгарылып турат.

Табият таануу факультетинин базасында Темпус Тасис эл аралык программасынын негизинде айыл чарба бакалавриаты боюнча адистерди даярдоо максатында долбоор каржылананып келүүдө. Ал Талас шаарында өткөрүлген эл аралык семинарда талкууланып бекитилген. Семинардын алкагындагы илимий кеңешмеге Кыргызстандын ЖОЖдору менен бирге Германиянын, Австриянын, Голландиянын, Испаниянын, Польшанын дүйнөгө белгилүү университеттеринин окумуштуулары катышышкан. Натыйжада ТалМУда 2006-жылдын сентябрь айынан баштап "Айыл чарба бакалавры адистигин даярдоо" деген үч жылдыкдолбоор иштепжатат.

Бул долбоорду ишке ашыруу үчүн Еврокомиссия тараптан 512000 евро каралган. Ал Темпус Тасис долбоорунун негизинде ишке ашкан жана анын өнөктөштөрү катарында: Кыргызстандын Талас жана Ош мамлекеттик университеттери, Германиянын колдонмо илимдер университети, Австриянын жаратылыш ресурстары жана колдонмо илимдер университети, Испаниянын Лейда университети, Венгриянын Сзегед университети бар жана алар биргелешип кызматташууда болушту. ТалМУ айыл чарбасынын бакалавры адистигин даярдоо боюнча, КР билим берүү жана илим министрлигинин көзөмөлүндө Болон процессинин негизинде түзүлгөн окуу планы бекитилип, лицензия алып, мыйзамдык негизде иш жүргүзүлүп келатат.Айыл

чарба бакалавры, булар - рынок экономикасынын шарттарын жетик түшүнгөн айыл чарба ишканаларынын жетекчилери, бизнесмендер, экономисттер, менеджер-лер, консультант-маркетинг, айыл чарбасынын башка баалуу адистеринен болуп чыгышат. Жогорку курстардын студенттеринин өндүрүштүк практикалары чет өлкөлөрдүн айыл чарба тармактарында жүргүзүлөт. Аларга эл аралык стандарттагы дипломдор берилет.

Жаңы адистикке жаштар кызыгуу менен тартылышууда. "Жаңы адистик" дегени-мурдагы агроном, зоотехник, ветврач, агрардык экономика жана башка айыл чарба адистери рынок шартында жаңы маңызга ээ болду. Ал эми "бакалавр" деген Европа өлкөлөрүндө башталгыч окумуштуулук даражаны билдирет.

Ал эми педагогикалык, инженердик жана экономикалык багыттагы адистик-терди даярдоодо окутуунун кредиттик технологиясына өтүүнү этап менен жүргүзүү каралган. 2007-2008-окуу жылында кыргыз тили жана башталгыч билим берүү усулу адистигинде башталган болсо, 2008-2009-окуу жылында тарых, электр менен камсыздоо, математика жана экономика багытындагы адистиктерди окутуу Болондук процесстин принциптерин колдонуу менен жүргүзүлө баштады.

ТалМУнун Европанын ЖОЖдору менен түзгөн алакасы бакалавр адистигин сапаттуу даярдоого чоң мүмкүнчүлүктөрдү түзүүдө. Европанын ЖОЖдорунан илимпоздор ТалМУга келишип, студенттердин билим деңгээлин тест аркылуу баалашып, жардамдарын беришет. Сабактарын мыкты өздөштүргөн студенттерге грант-тын эсебинен 50 пайызга чейин жеңилдиктер берилет. Чет тилдерин үйрөтүү интен-сивдүү жүргүзүлөт. Окутуучулар үчүн дагы студенттер үчүн дагы, атайын акысыз окутуулуучу курстары ачылган.

ТалМУ Сорос фондусу, Темпус-Тасис, Лого, Акселе, Айрекс, ДААД, Незр жана башка эл аралык уюмдар менен илимий багытта иштешет. Жакынкы жана алыскы чет өлкөлүк ЖОЖдор менен байланыш түзүп, илимий жаңылыктарынан кабар алып, тажрыйба алмашат. "Модулдук окуу структурасын Кыргызстанда ишке киргизүү" темасында тренинг-семинар өтүү максатында 68590 евро суммасында проект түзүлүп, ал боюнча өнөктөштөрү: Кыргызстандан - К.И. Скрябин атындагы агрардык академиясы жана Бишкек мамлекеттик экономикалык жана ишкердүүлүк университе-ти, Германиянын Оснабрюк, Австриянын БОКУ, Испаниянын Севилл, Польшанын Новый Сазц, Голландиянын Эншедеуниверситеттери иш жүргүзүшүүдө.
Жогоруда аталган эл аралык фонд, программалардын негизинде ТалМУнун окутуучулары жана студенттери чет өлкөлөрдө ар кандай мөөнөттөрдө магистратура-да окушуп, стажировкадан өтүп келишүүдө.

Бүгүнкү күндө ТалМУда бай тажрыйбалуу 150дөн ашык профессордук окутуу-чулар курамы эмгектенет. Алардын ичинен 25 пайызынын окумуштуулук наамдары жана даражалары бар. Техника илимдеринин доктору Аскар Жылкычиев жетектеген ТалМУнун профессордук окутуучулук курамы окумуштуулук наамы бар окутуучулар-ды ишке чакаруу менен бирге, өздөрүнүн изденүүчүлөрү аркылуу бул көрсөткүчтү жогорулатуунун үстүндө иштешет. ТалМУнун окуу иштери боюнча проректору Шекер-бек Курманкулов, тарбия иштери боюнча проректору Насипа Шопокова, табият таануу факультетинин деканы Гүлайым Дөңбаева студенттерди терең илим-билимге сугарып, окуу жайдын ишин илгерилетүүгө салмактуу салымдарын кошушууда. Окуу жайдын тажрыйбалуу окутуучуларынын бири Зууракан Конгайтиеванын чыгармачыл иш аракети белгилүү. Бир нече окуу китептеринин автору.

ТалМУнун "Манас урпагы" гезити окуу жайдын жаңылыктарын, маселелерин, студенттердин турмушун чагылдырат. Бишкектеги "Учкун" басмаканасынан эки түстө басылып чыгат. Гезиттин редактору Касиет Бекназарова кыргыздын таланттуу акын кыздарынын бири. Чыгармачылыгын журналиеттик кесип менен айкалыштырып, таланттуу студенттерди издеп таап, өнөрүн өргө чаптырып, чыгармачылык жолун ачып, изденип иштейт. ТалМУда үй-бүлөлүк шарты жагынан колдоого муктаж болгон-дор студенттерге женилдиктер каралган. Жетимдер, көп балалуу үй-бүлөлөрдөн келген жана ошондой эле" эң жакшы" баага окуган студенттер контракттык сумманын 75% гана төлөшөт.

Таластын айыл чарба жана экономика колледжи

Таластын айыл чарба техникуму-сапаттуу, терең заманбап билим берүүсү аркылуу жаштарды өзүнө тарткан окуу жай. Андан жыл сайын бООдөн ашык кылкандай жаштар бухгалтердик эсеп, салыкжана салык алуу, каржы, жерге жайгаштыруу, айыл чарбасын автоматташтыруу жана электрлештирүү, зооветеринария адистиктери боюнча билим алышат. Окуу жай эшигин ачкандан берки 18 жылдын аралыгында андан 3400гө жакын жаштар бүтүп чыгышып, түрдүү айыл чарба тармактарында, ишканаларда, уюмдарда, мекемелерде ийгиликтүү иштеп атышат.

Окуу жайдын пайдубалын түптөп, кемелине келтирип, мезгил агымына шайкеш заманбап кесип берүүнүн алтын уясына айландырууда анын директору Шаршенбай Абдукаимовдун сиңирген эмгеги өзгөчө зор. Муну Таластын журтчулугу жакшы билет.

Шаршенбай Абдукаимов айыл чарба тармагын терең билген окумуштуу адис адам. Кемин райондук ветеринардык станциясында, Кыргызстан айыл чарба министрлигинде, КИРНИЖде жооптуу кызматтарда иштеген. Илим изилдөө институтунун аспирантурасынан билим алып, 1983-жылы илимий диссертациясын жактап, биология илимдеринин кандидаты даражасын алган. Ош областтык мал чарба станциясынын директорунун орун басары, 1989-1991 -жылдары Ош областтык айыл чарба бирикмесинин генералдык директору болуп үзүрлүү иштеген.

Ш.Абдукаимов айыл чарбасын өнүктүрүүдөгү кошкон салымы жана мыкты уюштургучтугу үчүн Кыргыз Республикасынын,Кыргызстан ЛКСМдын, Кыргызстан профсоюздарынын БКсынын, Ош областтык Кеңешинин, Агроөнөржай комплексинин, Агрардык академиянын,Талас областтык мамлекеттик администрациясынын, Талас шаардык мэриясынын Ардак грамоталарына татыктуу бол гон. «В.И.Лениндин туулган күнүндө 100 жыл», «Манас» эпосуна 1000 жыл» юбилейлик медалдарынын, «Талас областына 60 жыл» теш белгисинин ээси. «Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниги», «Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкери», "Манас руху" эл аралык уюмунун "Талас жергесинин чыгаан атуулу " ардактуу наамдарынын ээси. Окумуштуу - педагог Ш.Абдукаимов «Келечек кенчин жараткан жылдар» китебинин, ЗОдан ашык илимий эмгектердин автору, айыл чарба өнүрүшүнө 5 жаңылык киргизген. Ал ошондой эле коомдук иштерге активдүү катышкан инсан. Ош областынын Кара-Суу райондук кеңешинин депутаты болуп шайланган. 2001-жылдан бери Талас шаардык Кеңешинин депутаты.

1991 -жыл ы КР Өкмөтүнүн № 289 токтому менен Талас айыл чарба техникуму ачылганда, анын директору болуп дайындалган. Окуу жайдын базасында ачылган Кыргыз Агрардык академиясынын Талас филиалынын (1998-2001-ж.) директору,ТалМУнун Агрардык институтунун (2001-2002-ж.) директору болуп иштеди. Айыл чарба техникумуна алгач Талас шаарынан 15 чакырым алыстыктагы Кызыл Туу айылындагы Кырк-Казык орто мектебинин эски имараты бери л ген. Аны оңдоп жабдып алышкандан кийин Талас шаарындагы ДОСААФтын көп кабаттуу имаратына көчүүгө туура келген. Бул имаратты жабдып, жасалгалап алгандан кийин, окуу жай ал жерден да көчүрүлүп, Талас шаарындагы "Таласмаш" заводунун көп кабаттуу имаратына жайгаштырылган. Айыл чарба техникуму каралбай калган имаратты оңдоого 1,7 миллион сом жумшаган. Заводдун соцфондго болгон 120 миң сомун өз каражаттары-нын эсебинен төлөп берген.

Шаршенбай Солтоновичтин демилгеси астында окуу жай 1993-жылы ТАСИС программасы менен тыгыз иш жүргүздү. Окуу жайдын 15 окутуучусу агрардык кадрларды даярдоонун жаңы ыкмаларын үйрөнүү үчүн Англиядан атайын билим алып келишкен. Директор өзү Англияда, Шотландияда, Уэльсте, Түркияда болуп, билим берүүнүн алдыңкы тажрыйбалары менен таанышкан. АКШнын Түштүк Каролин штатынан эки мугалим келип, окуу жайга сабак берген. АКШнын Огая штатынын окуу жайлары менен байланышып, тажрыйба үйрөнүшкөн. Мына ушундай тынбаган

чыгармачыл изденүүлөрдөн кийин техникум республикада алгачкылардан болуп адистерди даярдоонун англо-американдык ыкмасына өткөн.

Техникум областтын социалдык экономикалык өнүгүшүнө өзүнүн салымын кошуп келатат. Кийинки 3 жылдын аралыгында эле салыкка жана соцфонддук төлөмдөргө 2,2 миллион сом которулган. Окуу жайдын окутуучулары жана студенттери айлана- чөйрөнү тазалоо, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү иш чараларына эң активдүү катышышат.

Техникум көптөгөн жогорку жана орто кесиптик окуу жайлар, эл аралык долбоорлор, бейөкмөтуюмдар, ишканалар, мекемелер: КРУИАнын инновациялыкфитотехналогия борбору, Ж.Баласагын атындагы КМУУ, К.И.Скрябин атындагы КАУ, ТалМУ.КРдагы АКШнын Тынчтык корпусу, Кызыл ай коомунун Талас бөлүмү, СПИДге каршы күрөшүү боюнча областтык бөлүм, "Түндүкэлектр"АКсынын Талас областтык бөлүмү, Жогорку чыңалуудагы электр тармактарынын Талас ишканасы, Талас шаардык ветеринардык станциясы, Талас медициналык окуу жайы, ТалМУнун технологиялык институту, жерге жаигаштыруу жана кыимылсыз мүлккө болгон укуктарды каттоо боюнча шаардык жана райондук башкармалыктар менен илимий-өндүрүштүк жана чыгармачылыктыгыз байланышта иштейт.

Окуужайда44окутуучуэмгектенет. Баары жогорку билимдүү. Экөөсү биология илимдеринин кандидаты - Шаршенбай Абдукаимов, Бактыбек Алымкулов. Б.Апымкулов диссертациясын 2007-жылдын июнь айында жактаган. Бешөөсү: Гүлбара Жолдошева, Алымкан Товкеева, Рейна Кудайбергенова, Чынара Сейдибалиева-Россиянын шаарларындагы борбордукЖОЖдордубүтүшкөн. Марат Сулайманов банкирдик адистикке Түркиядан ээ болгон. Окутуучулар А.Товкеева, Ч. Сейдибалиева, Н. Кенжалиева-аспирантурадаокушат.

2007-жылы окутуучулар Табылды уулу Айбек, Сулайманов Марат Германиялык долбоор боюнча квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүштү. Дагы эки жаш окутуучу-Мамбетова Миргүл менен Канатбекова Надира быйылкы окуу жылында аталган долбоор боюнча кесиптик жөндөмдөрүн арттырууну көздөп отурушат. Саат алып иштеген окутуучу Калыгул Ырсалиев «Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкери». Окутуучулардын 16сы - бил им берүүнүн отличниктери. Жаш адистер - 8. Тажрыйбалуу окутуучулар жаш адистерге кеңешчи катары бекитилген. Алардын тажрыйба үйрөтүү иш-аракеттерин методикалык кабинеттин башчысы Б.Айдарова координациялайт.

Усулкана окутуучулардын, студенттердин чыгармачылык менен алектенүүсүнө көп көңүл бурат. Ар кандай тематикадагы кечелер, таймаш-мелдештер, түшүм майрамдары, эмгектин жана согуштун ардагерлери менен жолугушуулар үзгүлтүксүз өткөрүлөт. Белгилей кетчү нерсе, областтык, шаардык деңгээлде өткөрүлгөн таймаштарда техникум биринчиликти колдон чыгарбай кележатат. Студенттер арасында кол өнөрчүлүк багытындагы иш жакшы жолго коюлган. Мамлекеттик тилди даңазалоо максатында урунтуу иш-чаралар өткөрүлөт.

Техникумдун имаратынын подвалдыкжайын белчесинен су у басы п, шыбактары эшилип түшүп, баш багуугажарабай калган. Имаратка көчүп киргенден баштап арачолодо аны оңдоп-түздөп келишкен. 2007-жылы аны өз күчтөрү менен ремонттоп спорттук кпубга айландырышты. Анда студенттердин спорттун түрлөрү менен машыгышына эң сонун шарт түзүлгөн. 2007 жылы Президент Курманбек Бакиевдин жаштарды спортко кеңири тартуу боюнча алдыга койгон милдетин техникумдун жетекчилиги мына ушундайча чечкен.

Спорт клуб үчүн 3 стол теннисинин комплектной, универсалдык тренажер, бокс, күрөш менен машыгуучу каражаттар, велетренажер, 3 штанга, обруч, топтордун комплектилери жана башка каржаттар сатылып алынган. Айтмакчы, окуу жайдын жетекчилиги АБРге долбоор жазып, 500 миң сом гранттык каражат утуп алган. Мунун 100000 сому спорттук клубду ремонттоп, кайра куруу, жасалгалоого, 200000 сому спорттук жабдууларды сатып алууга жумшалган. Калганына кийинки муундагы компьютерлер жана офистиктехникалык каражаттар сатылып алынган.

Учурда окуу жайда 3 компьютердик класстар жабдылган. Студенттердин билим булагы катары кызмат кылган окуу жайдын китепканасы жыл сайын жаңы эмгектер менен толукталат. Өткөн жылы ушул максатта 17095 сомго жаңы окуу китептери менен толуктанган.

Аткаруучулук тартип бекем, жоопкерчиликжогору болуп, эмгектенүүгө заманга шайкеш ыңгайлуу шарттар түзүлгөн жерде адамдар дилин төшөп изденип иштешет эмеспи. Талас айыл чарба техникумунун ар дайым жаңы идеяларды жаратуучу жана аларды ийгиликтүү ишке ашыруучу директор катары таанылган Шаршенбай Абдукаимов жетектеген окутуучулук курамы изденип иштешип, студенттерге заман талабына шайкеш билим беришүүдө.

Жаңылануунун жолунда

Талас медициналык окуу жайы 1955-жылы СССР Саламаттыкты сактоо министрлигинин 1955-жылдын 13-августундагы №138-М буйругунун негизинде ачылып, "Дарылоо иши", "Акушердик иш", "Медайымдык иш" кесиптери боюнча адистерди даярдоого киришкен. Ошондон бери окуу жайды 8000ден ашык медициналык адистер бүтүрүп чыгышып, областыбызда, республикабызда, чет өлкөлөрдө эмгектенишүүдө.

Ал кездеги өрөөнүбүздөгү жалгыз окуу жай саналган медучилища азыркы улуттук коопсуздук кызматынын областтык башкармалыгынын имаратында жайгашкан. 1972-жылы жаңы имаратка көчүрүлгөн. Жарым кылымдан ашыктарыхы бар окуу жайдын базасын чыңдоодо бир катар жетекчилер үзүрлүү эмгектеништи. Ал ар: Андреева Татьяна Афанасьевна, Мамбеталиев Өскөнбек Мамбеталиевич, Керженцева Вера Евгенңева, Акматбеков Зулкарнай Акматбекович, Орозалиева Гүлайым Бейшеновна. Окуу жайды кийинки бир катар жылдары жетектеп келаткан Гүлжамиля Ашырбаева окутуу тарбиялык иштерди мезгил талабына шайкеш жүргүзүү, материалдык техникалык базасын жакшыртуу боюнча чоң уюштуруу аракеттерин көрдү.

Рыноктук мамилелердин кеңири жайылышынан улам жеке менчик дарыканалардын тармагы өстү. Аларга дарыны сатуу менен бирге дарыны ичүүнүн жолдору, аларды алмаштыруучу дарылар туурасында жетик билген, орто фармавцевттик билими бар адистер керек болду. Турмуштук ушул талапты эске алып, 2000-жылдан баштап окуу жай орто билимдүү фармацевттерди контракттык негизде окутуп даярдай баштады. Бул максатта окуу жай Талас областтык бириктирилген ооруканасынын астындагы №339 дарыкана жана "Көктөм" дарыканасы менен кызматташып иштешет. Бул дарыканаларда студенттер дары-дармектерди даярдоонун, сактоонун жана жөнөтүүнүн жолдорун үйрөнүшөт.

Ал эми 2008-жылдан баштап, "Сестралык иш" бөлүмүнө 9-класстын базасында кабыл алуу киргизилген. Медициналык окуу жайдын 2 окуу корпусу, 17 аудиториясы, 30 клиникага чейинки кабинеттери , актовый залы, конференц-залы, фитобар, стомато-логиялык кабинети, 3 лабораториясы, 50 орундук ашканасы, 60 орундук жатаканасы бар.

2002-жылы "Сорос-Кыргызстан" эл аралык фондусунун эсебинен имараттын канализациялык тармагы толук оңдолуп, шаардык коллеторго кошулган жана кир жуучу жай жабдылган. 2008-жылы стимулдаштыруучу гранттын эсебинен башкы корпустун жана окуу корпусунун чатырларынын бир катар жерлери оңдолду. Талас шаардык мэриясы бул гранттык долбоорго кошумча 60,0 миң сом бөлүп берген.

2000-жылы стационардык шартты элестеткен окуу-тренажердук борбор уюштурулган. Анын тутумундагы операция жасоочу жай, төрөт залы, интенсивдүү терапия пал атасы, процедуралык кабинет, зарыл медициналык жабдуулар, инструменттер, медициналык багыттагы нерселер, практикалык иштерди аткарып үйрөнүүгө тренажерлор менен жабдылган.

Азыркы шарттарда медайым врачтын дайындоолорун аткаруучу гана эмес,

зарыл учурда өз алдынча чечим чыгарып аракеттене аларын эске алып, 2008-жылы медайымдык кароо кабинети уюштурулуп, керектүүжабдуулар менен камсыздалган. Талас медициналык окуу жайын андан ары өркүндөтү максатында Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 2008-жылдынЮ-декабрындагы №639 буй ругу ну н негизинде окуу жай Талас медициналык колледжи деп аталган. Колледж жөнүндөгү типтүү жобого ылайык, Талас медициналык колледжининжаңы Уставы иштелипчыккан.

Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги саламаттыкты сактоо тармактарын реформалоонун "Манас аалими" программасына ылайык 2009-жылы Талас медициналык колледжин уюштуруу техникалары, окуу медициналык адабияттар, тренажерлор менен жабдуу белгиленген.

Окуу жайда 34 окутуучу эмгектенет. Алардын 23нүн жогорку квал ификациял ык билими бар, 5-биринчи категориядагы, 2- экинчи категориядагы окутуучулар, 17 окутуучу Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоосунун отличниги, 1 окутуучу Кыргыз Республикасынын медицина тармагына эмгек сиңирген кызматкер. Жыл сайын 8-10 окутуучу КГМИПтен жана ПКдан өздөрүнүн адистиктерин жогорулатып келишет.

Орто медициналык кызматкерлерди даярдап чыгарууда орошон салымдарын кошуп жатышкан окутуучуларга төмөндөгүлөрдү кошууга болот: К.Д. Жолдошева, Н.Г Замзина, М.Т. Байгабылова, Б.А. Торгоева, Б.Ч. Чалданбаев, Х.Э. Мураталиева, Л.А. Некрытова, Т.Д. Григороваж.б.

Окуу жайда студенттерге билим берүүнүн сапатын жогорулатууга олуттуу көңүл бурулат. Ушул максатта 21 окуу методикалык комплекс даярдалган, окутуунун жаңы формалары, фидеофильмдер, слайддар кеңири колдонулат. Учурда окуу жайда электрондук китепкана түзүлө баштады.Окутуучулардын жана студенттердин чыгармачыл активдүүлүгүн жогрулатуучу "Мыкты УМК", "Мыкты кабинет", "Мыкты циклдык комиссия", "Мыкты группа" конкурстарын жыл сайын өткөрүү салтка айланган.

Кесиптик лицей

Алыкул Осмонов "Маляр" деген ырында үйдү актап-сырдап жаркыратып таштаган жөнөкөй кесиптин ээсинин, эмгегинин бул турмуштагы чоң маанисин окурмандын жүрөгүнө жеткизе жазган эмеспи. Талас шаарындагы №90-кесиптик лицейи күнүмдүк турмушта абадай.суудай эң зарыл керектүү болгон газэлектр ширетүүчүлөрдү, чач тарачтарды, тигүүчүлөрдү, бычмачыларды, компьютерде иштөөчү операторлорду, өтүкчүлөрдү, фотосүрөт тартуучуларды, муздаткычты ондоочуларды жана башка ушул сыяктуу кесиптердин ээлерин даярдап чыгарат.

Кесиптик окуу жай 1982-жылы ачылгандан бери 4000дөн ашык кесипкөйлөрдү даярдап чыгарып, Ата Мекендик өндүрүш тармактарына жөнөтөт. Жылына 125 окуучу көкүрөгүндө көксөгөн кесибине ээ болуп, окуу жайдын дипломун колуна алып, калкыбызга күнүмдүк зарыл тиричиликтик кызмат көрсөтүүчүлөрдүн кажыбас армиясынын катарына кошулушат.

№90-кесиптик лицейде окуп үйрөтүлүп жаткан бардык кесиптер боюнча мастерскойлор ачылган. Аларда окуучулардын беттеген кесибин ар тараптан терең өздөштүрүүсүнө зарыл шарттартүзүлгөн. Кесиптикокуужаидын окуучулары шаардык жана областтык деңгээлдеги коомдук маданий иш-чараларга активдүү катышышат. Талас шаарын көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана тазалыгын камсыздоо боюнча демилгелүү иштерди аткарышат.

Кесиптик окуу жайда өз убагында Герцен Яков Абрамович, Ким Андрей Анатольевич, Сарыбаев Төлөгөн, Атаграев Кадырбекжетектешип, анын материалдык базасын чындап, кесиптик билим берүүсүн арттыруунун үстүндө ийгиликтүү иштешкен. Кесиптик окуу жайды бир катар жылдардан бери жетектеп келаткан Байтелиев

Анарбек окуу жайдын материалдык-техникалык базасын чыңдоодо, заманбап кесип берүүнү уюштурууда жигердүү аракеттери менен белгилүү. А. Байтелиев Талас шаардык кеңешинин 5 жолку чакырылышынын депутаты, КР кесиптик билим берүүсүнүн отличниги. Директордун демилгеси астында кесиптик окуу жай немец диаспорасы менен тыгыз өндүрүштүк байланышта иштейт. Немец коомунун акчалай колдоосу аркасында окуу жайга 136 миң сомго акыркы үлгүдөгү компьютерлер керектүү аппараттары менен сатылып алынган. Учурда окуу жайда 7 компьютердик класстар иштейт.

Кесиптик окуу жайдын ишин илгерилетүүгө директордун орун басары Алыбаева Айганыш, Лыкова Мидия Лентарьева, Жапарова Мария, Үметалиева Жыпар, Назаралиева Нуржамал, Сарбакова Апал, Иманкулова Гүлнара, Ыбышов Эрнис сыяктуу мастерлер, мугалимдер салмактуу салымдарын кошуп, ийгиликтүү иштешүүдө.

Мекен- мекшепшен башталаш

Октябрь революциясынан кийин мектеп чиркөөдөн бөлүнгөн. Жалпыга бирдей билим берүү кийрилген. Өрөөндүн барды к жеринде сабатсыздыкты жоюу иштери жүргүзүлгөн. 1928-29-окуу жылында Талас өрөөнүндө 15 кыргыз, 9 орус, 8 немис, 1 өзбек мектеби бол гон.

1936-жылы Талас шаарында биринчи баскычтагы орто он жылдык мектеп ачылган. Ал эми 1938-жылы №1 бала бакча ачылып, анда 3 жаштан 7 жашка чейинки 28 бала тарбияланган. Заман агымына шайкеш Талас шаарынын билим берүү тармагы кеңейип, өсүп отурган.

Бүгүнкү күндө Талас шаарында 9 орто мектеп, 6 мектепке чейинки мекемелер, 1 балдардын музы калы к мектеби, 1 балдардын-өспүрүмдөрдүн спорт мектеби иштеп, балдарга билим-таалим берип, спортко машыктыруу иштерин жүргүзөт.

Орто мектептерде 6571 окуучу билим алат, мектепке чейинки мекемелерде 1200 бала тарбияланат. Билим берүү мекемелеринде 430 мугалим эмгектенет.

Ар бир орто мектепте жана мектепке чейинки мекемелерде өз кесибин терең урматтаган, чыгармачылык менен эмгектенген, өзүнүн өмүрүн келечек ээлерине арналган алдыңкы мугалимдер жана тарбиячыларарбын.

Талас облаттык элге билим берүү башкармалыгы областтын жана Талас шаарынын билим берүү тармактарынынын ишин уюштуруп, педагогикалык кадрлардын сапаттык курамын жакшыртып, билим берүүнүн сапатын жогорулатууда кыйла иштерди аткарган. ОблОНОну көп жылдар бою Бакмурат Эрманбетов үзүрлүү жетектеп, өрөөндүн агартуу ишин уюштуруудажана өркүндөтүүдө чоң салымын кошкон.

Ал эми ар кайсы убактардаТалас шаардык билим берүү бөлүмүн жетектешкен Ж. Шаршеев, Алексеев, Скрипкин, Д.Сульпиева, Т.Тилекматов, К. Орозалиев, А.Сыдыгалиев мектептердин жана мектепке чейинки мекемелердин базасын чыңцап, окуутарбия иштерин жакшыртуужигердүүиштегендиктери менен белгилүү.

Байыш Керимбаев 2009-жылдын июль айынан бери шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчылыгына дайындалып, билим берүү тармагынын иш аракетин жаңы бийиктикке көтөрүүбоюнча демилгелүүиштөөдө. Б. Керимбаев ТалМУнун проректору, техникалык факультетинин деканы, мугалимдердин билимин жогорулатуу борборунун директору.болуп иштеген. Кийин облаттык мамлекеттик администрациянын аппарат башчысы, Талас шаардык мэриясынын аппарат башчысы болуп ийгиликтүү иштеди.

Өрөөндүн эң улуу мектеби

Талас шаарынын окуу тарбия иштери орус тилинде жүргүзүлгөн №2 орто мектеби Талас өрөөнүндө гана эмес республикадагы эң эски мектептердин бири. Мектеп 1889-жылы негизделген. Өзүнүн 110 жылдан ашык мезгилден берки окуу тарбия иш аракетинде миңдеген окуучуларга билим-таалим турмуштук айкын багыт берип, уясынан учурган.

Бир кылымдан ашык бай тажрыйбасы бар мектептин эң алгачкы директору катары чиркөө кызматкери Иоан Фивейский (1889-1918)саналат. Г.П. Невельский, М.Т. Пономарчук, А.С. Шмелева, А.Ф. Костенко, ГС. Косая, А.М. Бочкарев, Д.Г. Сазонов, Н. Г. Волкова, М.И. Сопов, Р. Я. Рысакова, А.Г. Чулков, А.Г. Плахова, С.А. Скрипкин, Б.М. Карбашев, И.И. Воробьевский, З.П. Кузнецова 1918-жылдан 1993-жылга чейинки мезгилдин аралыгында ар кандай жылдары мектепти жетектешип, келечек ээлерине терең билим, таалим берүүдө, мектептин материалдык базасын түзүүдө жана бекемдөөдө ар бири түзүүчүлүксалымдарын кошушкан.

Мектептин бүтүрүүчүлөрүнүн арасынан илимдин кандидаттары, докторлору, академиктер ил им жана техниканын түрдүү тармактары боюнча иликтөөчүлөр чыгышты. 1950- жылдан берки мезгилдин аралыгында мектепти 70 окуучу "Алтын медаль" менен аякташкан. Алардын катарына армиянын генералы Субботин, армиянын генералы, Советтер Союзунун Баатыры Петрищев, армиянын генералы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты, Кыргыз Республикасынын экс-аскер министри М. Субанов, учкучтар Маркушин, Храмков, Шаталов, Сердюков, Сильченко, СССРдин эмгек сиңирген врачы Гельд, медицина илимдеринин доктору, академик Катков, авиаконстурктор Ткачев, инженер- ойлоп табуучулар Некрытое, Венгловский, элчи-кеңешчи Алиев, Кыргыз Республикасынын экс - байланыш министри Төрөбаев, Ислам Сарыгуловдун балдарын жана башкаларды кошууга болот. Бул жылдардын аралыгында балдарга бүтүндөй өмүрүн арнаган ондогон мугалимдер эмгектенишип, мектептин окуу тарбия иштеринин деңгээлин көкөлөтө көтөрүштү. Р.Я. Рысакова мектепке 57 жылдык өмүрүн арнады, окуучуларга тарых, табият таануу боюнча билим берди. Анын күчү менен түзүлгөн тарых музейи Талас өрөөнүнөн табылган экспонаттарга бай. Аларды Р.Я. Рысакова менен илимий экспедициялык сапарга чыгышкан мектеп окуучулары табышканжанажыйнашкан.

3.3. Золинанын, Е.А. Пашенцеванын эмгектери окуучуларынын эсинде. Бул мугалимдер азыр ардактуу эс алууда. Ал эми Л.А. Вернер менен Е.К.Гладкихтин педагогикалык стаждары 39-40 жыл болуп калды. Алар кесиптештерине үлгү болушуп дале чыгармачыл күүсүнөн жазбай иштеп жатышат.

Мезгил менен кошо арымдап

Талас шаарындагы Абжалбек Чолпонкулов атындагы орто мектептин тарыхы бай. Мектеп 1945-жылы кыздар интернаты катары ачылып, анда Талас өрөөнүнүн баш-аягынан келишкен, билимгеумтулган кыздар окушкан.

1948-жылы №1 кыргыз орто мектеби деп аталган, имараты Талас шаарынын азыркыдендрапаркынын(мурдагы кара бак) жанындажайгашкан.

1974-жылы мектеп жаңы курулган типтүү имаратка көчүрүлгөн. 2002- жылы мектепке кыргыз элинин алгачкы агартуучуларынын бири, элдик мугалим Абжалбек Чолпонкуловдун ысмы ыйгарылган.

Бул жылдардын аралыгында Исмаилов Бейшен, Каленбаев Эсенкул, Абешев Турсун, Токтоналиев Жаныбек, Андашов Акун, Эрдешов Аскар, Бегалиева Гүлбүбү, Кабылбек Коңурбаев директор болуп иштешип, мектептин материалдык базасын чыңдап, окуу тарбия иштеринин сапатын жакшыртуунун үстүндө талбай эмгектенишкен.

Мектеп 1945-2009-окуу жылдарынын аралыгында 5600дөн ашык окуучуга билим-таалим берген. Ушул мектептен "А" тамгасын таанып, сабатын ачып, илим-билимдин жолуна түшүп, кыргыз элине таанылган инсандар көп. КУИАнын вице-президенти болуп иштеп жаткан Туратбек Оморов, медицина илимдеринин доктору, профессор КамчыбекУзакбаев белгилүү таланттар - Дарика Жалгасынова, Мариям Буларкиева, Гүлсайра Момунова, Төлөгөн Козубеков, Өмүрбек Жоробеков, коомдук ишмерлер -Эсенбек Дүйшеев, Кеңеш Карачалов, мамлекеттик мүлк фондусунун статс-катчысы Сүйөркул Бакиров жана башка ондогон адамдарды кошууга болот.

Мектептин билим-таалим иштеринин жогорку деңгээлге жеткирүүгө өзгөчө салымдарын кошушкан, жандүйнөсүн, өмүрүн, дилин бүтүндөй окуучуларга арнаган улуу муундагы мугалимдер көп болушкан. Алардын катарына Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими Рыскулбеков Бактыбайды, кыргыз тилчи Кабылбек Коңурбаевди, географ Каленбаев Эсенкулду, орус тилчи Шабаноглы Салияны, математиктер Ормонов Акматбекти, Абешов Турсунду, Акматов Сүйүнбайды, химик Койчубаева Сагынды жана башкаларды кошууга болот.

Учурда мектепте чыгармачылык менен эмгектенишип, окуучулардын жүрөгүнөн түнөк табышкан мугалимдер ондоп саналат. Алар: эл агартуунун отличниктери - кыргыз тил мугалими Г. Көчөрбаева, А. Молдосанова, адеп мугалими З. Көчөрбаева, орус тил мугалими А. Байгараева, математика мугалими Н. Оморбекова, биология мугалими Н. Оморова, Г. Термечикова, башталгыч класстардын мугалимдери Н. Упралиева, М. Шералиева, К. Мамбетова, М. Кулназарова, Г. Барпиева, насаатчы мугалим Э. Орозалиева, окуу бөлүмүнүн башчылары Г.Өзүбекова, М.Төлөева, директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары Ж. Жамгырчыева, уюштуруучу А. Иманбаева.

Талас шаары гана эмес жалпы Талас өрөөнүнүн билимге суусаган жаштарын окутуп тарбиялоодо өзгөчө орду болгон №1 орто мектепте 2006-2009-жылдары бери белгилүү педагог Үсөнбек Давлеталиев директор болуп үзүрлүү иштеди.

Кийинки жылдары мектептин материалдык базасы начарлап, мурдагы жасалгалар эскирип, окуу методикалык куралдар жетишпей калган Бул маселелерди чечүүгө жергиликтүү бюджеттен каражат кароого чама жок. Демилгени окуучулар, педагогдор өздөрү көтөрүшүп, 2008-жылдын күз аиларында мектептин материалдык-техникалык базаларын чыңдоо боюнча марафондорду өткөрүштү. Демилгени мектептин мурдагы бүтүрүүчүлөрү колдоого алышып, материалдык акчалай салымдарын кошушту. Бул каражаттар мектептин сыртын айланта темир менен тосмолоого, класс-кабинеттерди жабдууга, ашканаңы оңдоого пайдаланылды.

Азыр мектепте 1136 окуучу билим алып, 64 мугалим, 15 техникалык кызматкер эмгектенишет. Айтылуу мектеп окуу тарбия иштеринде шаардын мектептеринин арасында ар дайым алдыңкылардын сабында келатат.

Немец шилин тереңдешип үйрөтөт

№3 мектеп гимназия- шаардагы мыкты мектептердин бири. Мектеп 1956-жылы курулуп ишке берилген. Союз мезгилинде Кеңеш мамлекетинин негиздөөчүсү В.И. Лениндин ысмын татыктуу алып жүрдү. Мектептин педагогикалык жамааты окуучуларга билим берүүдөгүалдыңкы иш тажрыйбалары менен белгилүү.

Бул жылдардын аралыгында мектептин окуу тарбия иштерин илгерилетип, материалдык базасын чыңдоодо мурдагы директорлор Борвенко, Б.М. Корбашов, Н.Н. Салиева, И.А. Малиева изденип иштешкен. Кийинки эки жылдан бери Л. Л. Вольф директор болуп үзүрлүү иштөөдө.

1962-жылы мектепке окуучуларга немец тилин тереңдетип үйрөтүү статусу берилген. Ал эми 1996-жылы мектеп немец тилин, информатика жана эсептөө техникасы сабактарын тереңдетип үйрөтүүчү мектеп гимназия болуп кайратүзүлгөн. Маанилүү максатты ишке ашырууда мектепке Германиядан келип иштеп кетишкен

жана иштеп жатышкан мугалимдердин салымдары чоң. Алардын көмөгү астында мектепте немец тилин тереңдетип үйрөтүү менен бирге Германиянын мектептери менен тажрыйба алмашуулар жүргүзүлөт. Алардын окуучулары мектеп-гимназияга келишип, окуучулар менен таанышып, пикир алышып кетишкен. Ал эми №3 мектеп гимназияда 8,9,10-класстардын окуучулары конкурстук негизде долбоордук иштерди жазышат. 8,9- класстардын жеңүүчүлөрү сыйлыктарды алышат, 10-класстын жеңүүчүлөрү Германияга путевкага ээ болушат. 1996-жылдан бери мектеп-гимназиянын 47 окуучусу немец тили боюнча II категориядагы дипломго ээ болушту. 2008-2009-окуу жылында мектеп гимназияда 42 мугалим эмгектенип, 772 окуучу билим алууда, 28 класс-комплекстин ичинен 14ү гимназиялык класстар. Гимназиялык класстарга жөндөмдүү жана таланттуу балдар алынып, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинен бекитилген, тереңдетилген окуу планы боюнча окушат. Жалпыга билим берүү планында "Германиянын тарыхы жана маданияты", "Немец тилинде Германия" сыяктуу жаңы сабактар, экология, этика, экономика, сүйлөө маданияты сабактары киргизилген.

Сабактан тышкары мезгилдерде окуучулар драмалык искусство, край таануу, кол өнөрчүлүк (жыгачтарда оюм-чийим жасоо, тикмечилик, токуучулук) ийримдерине катышышып, кол эмгегине үйрөнүшөт. Мектеп-интернаттын педагогикалык жамаатынын бардык иш-аракети ар бир окуучунун өзүндө болгон жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүүгө багытталган. Педагогикалык жамаатта өзүн мектепке, окуучуга арнаган, чыгармачылык менен эмгектенген мугалимдер арбын. Немец тилчилер Ч.Мамырбеков, Р. Момуналиева, Д. Музаева, орус тилчи жана адабиятчы В.Н. Руднева, кыргыз тилчи жана адабиятчы А. Мамадиярова, А. Рысбекова, Н.Шабданова, математик Т.И. Стыценко тарыхчы Н.И. Самыкин, В.Л. Михайленко, дене тарбиячы Н.И. Глухов, географ М.Т. Захиров, кол эмгекчи Р.И. Самыкина, башталгыч класстардын мугалимдери Е.И. Ступак, А.Г. Клют, Е. К. Нездойминова, Н.Д. Бакон шаардык билим берүү тармагына эмгеги сиңген тажрыйбалуу мугалимдерден болуп саналышат. Алардан терең билим алышкан окуучулар түрдүү деңгээлдеги предметтик олимпиадаларда алдыңкы орундарды камсыздашып, бир тууган мектебинин атын чыгарып келатышат. Мектеп-гимназиянын окуучулары 2009- жылы жазда өткөрүлгөн республикалык предметтик олимпиадаларда алдыңкы орундарды жеңип алышты. Предметтик олимпиадалардын жыйынтыгы боюнча мектеп- гимназия республикадагы мыкты 9 мектептин катарына кирди. Мектеп-гимназияга компьютер, телевизор тапшырылды. №3 мектеп-гимназия мынаушундай ийгиликтер менен иштейт.

Башталгыч мектептен башат алган

№4 орто мектеп 1932-жылы кулакка тартылган орус байынын үйүндө 3 класстык бөлмөлүү башталгыч мектеп катары ачылган. Улуу Ата Мекендик согуштан кийинки жылдары Ленин атындагы жети жылдык мектеби деп аталып, окуу орус тилинде жүргүзүлгөн. Кийин орто мектепке айланган. Мектепке жакын аймакта жашаган кыргыздардын өтүнүчү менен 1987-жылы мектепте окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн бир класс ачылган. Ошол класс кийин улам өсүп олтуруп, №4-орто мектеп кош тилдүү мектепке айланган.

Мектеп үчүн шаардын алдыңкы бөлүгүндө типтүү имарат салына баштайт. Бирок шаардын калкы өсүп, окуучу балдардын саны көбөйгөн. 1987-1988-окуу жылдарында №4-орто мектепте 600 окуучуга эсептелинген класстык бөлмөлөрдө 1430 окуучу окушкан. Башталгыч класстардын окуучулары 3 мөөнөт менен окушкан. Мына ошондуктан жаңы курулган мектеп, №5-орто мектеп деп, өзүнчө ачылат. №5-орто мектепке №4-орто мектептин 800 окуучусу жана 40 мугалими которулат.

Анан доор алмашты, заман өздөрү. Кыргызстан эгемен мамлекет катары өнүгүүнүн жолуна түштү. Орус тилдүү калктын түпкү мекенине көчүү процесси күчөдү. Мектептерде орус тилдүү окуучулардын саны азайды. №4-орто мектептин орус класстарындагы окуучулар шаардын окуу орус тилинде жүргүзүлгөн №2 жана №3-орто мектептерине которулуп кетишти. №4-орто мектеп окутууну жалаң кыргыз тилинде жүргүзүүгө өттү. Мектеп уюштурулгандан баштап, бүгүнкү күнгө чейинки мезгилдин ар кай жылдарында мектепти жетектеп, окуу-тарбия иштерин уюштурууда